Скырг
Н 13



*Баринуса Набиева*

# ТАЛАНТ ТАГДЫРЫ

Скырп
Н 13

*Набиева Баринуса*

# ТАЛАНТ ТАГДЫРЫ

*Ырлар*



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 486728

**Бишкек - 2023**

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5
Н-99

Набиева Баринуса.
Н-99 Талант тагдыры. Ырлар - Б.: 2023. - 220 б.

ISBN 978-9967-9377-9-5

*Урматтуу окурман!*

*Колуңуздардагы Баринуса Набиеванын «ТАЛАНТ ТАГДЫРЫ» аттуу ырлар жыйнагы аты айтып тургандай акын эжебиздин басып өткөн жолу жана Кудай буйруп берген таланты, өнөрү жөнүндөгү ойлорду камтыйт.*

*Китептин ичиндеги чыгармалар сиздердин жүрөгүңүздөрдөн орун аларына ишенем.*

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-9377-9-5

© Набиева Б., 2023.

# БАШ СӨЗ

Улуу тарыхы бар кыргыздардын оозеки, поэтикалык, бай санжыралуу салттары ар бир жазуучунун чыгармасында орун алат эмеспи. Мындайда кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн тарыхында жазгыч акындардын чыгармачылыгы айрыкча мааниге ээ.

Баринуса Набиева бир жагынан элдик оозеки поэзиянын туруктуу өкүлү болсо, экинчи жагынан чыгармачыл активдүү инсан, жекече индивидуалдуу көрүнүш. Эжебиз элдик поэтикалык салтты сактоо жана жайылтуу менен катар, аны жаңыча мазмун, жеке көркөмдүк табылгалар менен байытып, карапайым элдин көз карашы менен жазылган ырларын тартуулап келет.

Ошондой эле эже кыргыз адабиятына барандуу салым кошуу менен улуттук адабияттын тарыхынан көрүнүктүү ордун тапты десек болот.

Калктын рухий дүйнөсүндө дайым жашап, окурмандарды поэзиянын керемет касиети менен тамшандырып, түбөлүк өмүр сүрө алчу өлбөс чыгарма жаратып турмуш акыйкатын реалисттик планда чагылдырып каармандардын образдарын жандуу кылып жасап, турмуш жана табият көрүнүштөрүн таамай көркөм деталдар аркылуу сүрөттөп берет. Өзгөчө эженин чыгармаларында субъективдүү жеке сезимдер, индивидуал көркөм ойлом эле-

менттери орун алат. Ушундай өнөр адамдарынын бири Баринуса эже элим деп, эмгектенип кыргыз поэзиясына өзүнүн жандүйнөсүнөн көкүрөгүн тоо булагындай жарып чыккан ырларын окурмандарга тартуулап келет.

Бул ыр жыйнакта эженин калеминен жаралган адабияттын ар кыл жанрдагы ырлары кирип, патриоттук, Мекенге болгон сагынуу, арзуу ырларына жана прозалык чыгармаларына өзүңүздөр күбө болунуздар,

Урматтуу окурман!





## МАНАС ЖАШАЙТ БИЗ МЕНЕН

Манас жашайт кыргызымдын төрүндө,
Акыбыз бар ыр жаратып төгүүгө.
Канча кылым кандай жашап өткөнүн,
Төкмө акындын төгүп турган сөзүндө.

Аян берет түндөп жүрөт кыдырып,
Согуп турат мээлүүн шамал сыдырып.
Түйшөлгөн жан түш көрүүгө даяр деп,
Ыйык жанга, ыйман колун жылдырып.

Аян берип ТААРЫХ бетин ачат деп,
Чын төгүнүн чыркыратып жазат деп.
Көөдөнүндө көлкүп сыйбай турганын,
Төгүп - төгүп дастан кылып айтат деп.

Түш көрүүнүн түгөнбөйт го түйшүгү,
Жүрө бербейт жер кыдырып ар күнү.
Аян берип даайым жүрсүн түшүндө,
Мүмкүн эмес бир түш менен бүтүрүү.

МАНАС жашайт элибиздин багына,
Жандап жүрөт аянчынын жанында.
Алыстабай айтып жүрсөң АЙКӨЛДҮ,
Олтурасың Ал олтурган тагына.

## КЫРГЫЗСТАН
## КЫРГЫЗ ЭЛИН ТОЛУКТАЙТ

Биз кыргызбыз тил жагынан кыйынбыз,
Тап - так сүйлөп урмат менен сыйыбыз.
Кайсыл жака бөтөн элге барбайлы,
Өзүбүздүн, өлкөдө биз жылдызбыз.

Кыргызстан! эгемендик алганда,
Бири тур деп, бири буттан чалганда.
Кебелген жок, кемиген жок кыргызым,
коңшу улуттар ойрон кылып салганда.

Чындык! үчүн чыркырашып күрөшүп,
Айлар өтүп, жылдар өтүп күн өтүп.
Кыргыз деген туусун бийик көтөрүп,
Ат көтөргүс арабасын сүйрөшүп.

Боз үй тигип жайлоо жайлап жүрүүнү,
Булут жиреп түндүгүнөн түтүнү.
Жаны тынбай кыймылы көп жашоону,
Тандап алган таза өмүр сүрүүнү.

Кыргызстан! кыргыз үчүн мекен жай,
Аты даагы айтып турат так - таамай.
Улутунун, уңгусу да тереңде,
Улуу! муундар жазып келет байма - бай.





## ЭНЕ ТИЛИМ БАЙЛЫГЫМ

Бул ааламга келдим ушул жарыкка,
ЭНЕ деген, өчпөс тамга тарыхта.
Диним таза, тилим дилден эне деп.
Кан жүгүрдү бүткөн боюм тамырга.

Көзүмдү ачып тойдум аалам жарыкка,
Ай шооласы АДАМ, бул деп таанытса.
Шүгүр кылам, кыргыз болуп жаралгам!
Кыргыз жашайт жүрөгүмдө канымда.

Кошуп койду адам пенде санына,
Сапар алып жолду түздөп басууга.
Тилди сатпай эне тилде сүйлө деп,
Ыр жазсам да кыргыз тилде жазууга.

ЭНЕ тилим, тоо койнунда байлыгым,
Тилим барда сезбейм заман тардыгын.
«Кыргыз туусун» көкөлөтүп көтөр деп,
Жакшылыкка чакырамын баардыгын.

## ТООДОН ЧЫГЫП
## КАЙРА ТООДОН КҮН БАТАТ

Шоола чачып күн кылайып атабы,
Кыштын бүтүп, келди жаздын сапары.
Тоо булагы таштан-ташка урунуп,
Кирген суунун башталгандай чатагы.

Тоо койнунда канчалаган сыр жатат,
Мал жандыктар оттоп жуушап эс алат.
күн кызарып күүгүм тартып кеч кирип,
Тоодон чыгып кайра тоодон күн батат.

Долон, четин, дарактар бар жапайы,
Көркко бөлөйт атыр жыттуу, жаз айы.
Бакча ичин анан шаңга толтуруп,
Үнүн безеп, сайрап чымчык бачайы.

Чөп баш багып, жер жарылып көктөмдө,
Агын суулар тегиз каптап өткөндө.
Жоогазын гүл бажырайып ачылат,
Күндүн нуру кутуларын өпкөндө.

Тоо баштарын жатак кылып булуттар,
Ак элечек оронгондой сезилип.
Күнгөй бети жашыл кийим кийинип,
Аска-зоолор аппак тонун чечинип.





## КӨЛСҮЗ КЫРГЫЗ
## ЫРСЫЗ ЧЫҢГЫЗ ЖАШАБАЙТ

Ыссык-Көлдүн аптабына чайканып,
Толкун жиреп мелтиресе жайкалып.
Көзүң жетпейт учу түбү узакта,
Канча карек көздө калды сакталып.

Кылым жашап канчаларды узаткан,
Кумду жээктеп ден соолугун чыңашкан.
Абаз кылып ар улуттуу өкүлдөр,
Тааныш болуп маектешип сырдашкан.

Кыргызымдын кармап турган туткасы,
Жылуулугу беттен сылайт кыш дагы.
Көлсуз кыргыз ырсыз Чыңгыз жашабайт,
Мактанабыз! бетке кармап
Туу тутабыз кыскасы.

Аккуу жашайт көл үстүнөн көрүнгөн,
Чыгаан инсан оорун алган төрүмдөн.
Кен байлыгы Керме Тоонун боорунда,
Кум төрүмдөн алтын күмүш төгүлгөн.

## АЛЫКУЛДАЙ АКЫН КАЙРА ТӨРӨЛСӨ

Алыкулдун ар бир жазган барагы,
Учурса да терезеден шамалы.
Жер жайнаган барактары күү чалып,
Шамал менен шаар ичине тарады.

Жашоосунда тайгаланган тагдыры,
Ден соолукка жанбай калды жарыгы.
Ооруса да колдон түшпөй калеми,
жазып турду ошол анын байлыгы.

Эл оозунда ар бир жазган ырлары,
Минбей калды ээр токумдуу тулпарды.
Ажал тоорул азап күндү өткөрүп,
Сүйүүгө да канбай калды кумары.

Канча акындар ыр жазышты көлүм деп,
Ишенбесең жакын барып көргүн деп.
Алыкулдай акын кайра төрөлсө,
Өмүрүнө жүз жаш берип,
анан жерге көмгүн деп.

Ырдын кенин казып кетти тереңдеп,
Келечек муун жаштар үчүн керек деп.
Түбөлүктүү түп нускасы тарыхтын,
Китептерин сактап алгын белендеп.





## ФРУНЗЕ ШААРЫ

Фрунзенин оттору кандай жанган,
Ошол мезгил өмүр сүрүп кимдер барган.
Улуту кыргыз эмес орус болуп,
Ал ким болгон,тарыхта кандай адам.

Орус, кыргыз көөп улуттар жашап конгон,
Темирдей тартип менен закон болгон.
ФРУНЗЕ ишмер инсан көрүнүктүү,
Татыктуу болгон үчүн атын койгон.

Ушул ырдан, ар бир жаран таасир алат,
Ошол күнгө кайрылып кайра барат.
Автордун чыгармасы өтө күчтүү,
Обонун да уккан сайын кумар канат.

Чыгарма ыр түрүндө курч жазылган,
Тарыхты, кыска нуска чагылдырган.
Шаар ичи чакан бирок кооздук берип,
Көз алдына, көлөмү бүт тартылган.

Жөнөкөй студенттик көз караштан,
Таасирдүү элес алып ыр жараткан.
Паезия сүйүүчү жарандарга,
Ыр менен оюн толук баяндаган.

## ТАЛАНТЫБЫЗ ЧАЙПАЛБАСЫН ЧӨЙЧӨКТӨН

Таланттуулар сыйлашалы жакындар,
Жашоо берсе жаратканым жакын бар.
«Азбы көппү амаанатбыз Аллага»,
Аман болсун сөөк тамыр кайындар.

Жаш мезгилди бир кылчайып карайлы,
Өкүнбөйлү жакшы тилек самайлы.
Ак булуттай буурул баскан чачтарды,
Тең экиге бөлүп артка тарайлы.

Турмуш тагдыр башыңды ийип жашоого,
Эркиң жетпейт бирдей карап тандоого.
Басат өмүр чийип тарткан сызыгын,
Чыдоо керек жипсиз салган байлоого.

Жипке айланбай Жибек бойдон туралы,
Жүрөктөргө мүрөк сууну куйаалы.
Анча мынча сөздөр кетсе кечирип,
Каало айтып ырдан көңүл улайлы.

Талантыбыз чайпалбасын табактан,
Күлкү чыксын бүркөө тартпай кабактан.
Жан дүйнөгө жакшылыкты түнөтүп,
Сезим ыргак күтүп өзүң тараптан,
Үмүтүмдү берген болсун жараткан.





## ФРУНЗЕНИН ЖАНГАН ОТУ

Ооба, кайрылып кайра бардым ошол кезге,
Китепти окучуумун кармап бетке.
Бак аралап жүргөн күндөр канчалаган,
Баардыгы тизмек болуп, түштү эске.

Үлбүрөп жибек көнөк үстүбүздө,
Каранып кайра - кайра күзгүбүзгө.
Жаштыктын жанган тунук сезимдери,
Ойготуп секиин аста сүйүүбүзгө.

Уялып бой качырып жүзүбүздү,
Аярлап этияттап күлкүлүбүздү.
Жигит кыз боло албай көпкө чейин,
кат менен билгизчүүбүз сүйүүбүздү.

Ошентип ФРУНЗЕНИН жанган оту,
Терендеп билим алып китеп окуу.
Кыз жигит катарлашып бирге басып,
Өткөн го студентик күндөр чогуу.

## АСТАРЛЫ АКЫЙКАТКА

*(ачуу чындык журналист*
*Дина Төлөпберген Казакстан)*

Астарлы акыйкатты көрөм даайым,
Жүрөгүм ооруп кетет көргөн сайын.
Тан албай кан жанынан жаралганды,
Бул өмүр кимге жалган кимге дайын.
Ал байкуш кимге тууган кимге кайын.

Шапалак чапсаң добуш бирдей чыгат,
Наристенин муң кайгысын кимдер угат.
Ортодо беш баланы таштай салган,
Аталарга аёсуз болсун сурак.
Аяк колго салынсын жынжыр тузак.

Балдарын таштай салып качкандар бар,
Арзыбаган тэңгеге саткан да бар.
Сүйүүсүн сүттөй арнап бир түн үчүн,
Тан албай ДНКадан тактагандар.
Жан берип жанын жутуп актангандар.

АСТАРЛЫ акыйкатта иштегендер,
Жол тартып жакшы үмүт түптөгөндөр.
Муңайган балалардын ата энесин,
ТЕЛЕГЕ тартып клип издегендер,
Турмуш күтүп акылына кирбегендер.

ДИНАКАНГА айтаар элем көп-көп алкыш,
Жаман жолдо баратса, буруп кайрыш.
Жаман-жакшы маалыматты жар салганың,
Эл жериңдин үмүтүн актаганың.
Сүрүм топко ракматты мен айтамын.





## МУНАРАДАН МУҢДУУ ДОБУШ УГУЛАТ

Өзгөндөгү мунарабыз муңканат,
Башка ТААРЫХ баяндалса суктанат.
Мени нэге аттап өтүп кетишет!
Жүлүн зырп деп, жүрөк учун туйлатат.

Мунаранын тарыхы бар өзүнчө,
Санжырачы аталардын сөзүндө.
Даагы-даагы тастыкталат ТААРЫХЫ,
Ырга салсак чыкпастыр го төгүнгө.

Мунарага жан киргизген акын жок,
Эгер кирсе, жок дегенге акым жок.
Кара сөзбү, ырга салган акынга,
Мунарабыз берет баасын көөнү ток.

Баш жагына кооздоп ТААЖЫ кийгизген,
Чеберлери кышка жанды киргизген.
Асман мелжеп туу чокуну багынтып,
Күлүмсүрөп күн шооласын тийгизген.

Ал да карайт жан жагынан өткөндү,
Карап турат токтоп көңүл бөлгөндү.
Не токтобой өтүп кетти сырт салып,
Же мурунтан көз жүгүртүп көргөнбү.

Кыш кынашып канча чебер иштеген,
Ишенбесең, ичин көрүп чык деген.
Өзгөн эмес, ОЗГОН ШААР болгондо,
Чийип түбүн тегеректеп түптөгөн.

Айланасы көөп улутка жык толгон,
Сүрөт тартып, жаш жубайлар ойногон.
Музыканын,үнү чыкса жаңырып,
Мунара да комуз ойноп коштогон.

## ШАМАЛ ЖҮРСӨ БИР ТАРАП

Шамал жүрсө желге тарап чачымды,
Тулку боюм тегеретип башымды.
Каарын салып кара булут каптаса,
Сыдырым жел аралап тоо ташымды,

Чарт-чурт этип, жалын чыкты чатырап,
Төктү жамгыр, бир заматта шатырап.
Гүл ача албай чанак толуп турганда,
Күүлөп туруп жерди көздөй жапырат.

Саамга тынып, токтой калды жакындап,
Асан- Үсөн чыга калды жаркылдап.
Тоо койнунан шуулдаган үн чыгып,
Топтолушкан суулар акты закымдап.

Толкуп- ташып күчөйт суунун агымы,
Нугун буруп бөлүнөт тең жарымы.
Ыргалышып араң турган дарактын,
Жулунат го түбү менен тамыры.

Кыяматта шамал менен суу басат,
Деген, сөздөр байыртадан айтылат.
Жаратканым жакшылыгын буюрсун,
Табийгатка эч ким кепил бере албайт.





## ЖАШТАР ЧЫКСЫН РЫСПАЙДАЙ КЫЙЫНДАР

Рыспайды көргөн элем жашымда,
Ээрчип алып секиин басып артында.
Давлет экөө кирип кетти дүкөнгө,
Күтүп калдык дарбазанын жанында.

Туулган жери, Кызыл булак айыл да,
Килем токуп баргам ошол айылга.
Чоң энесин ээрчип алып Алтынчач,
Кызы экөө олтурушчу жанымда.

Кайын энемдин жакын эже болгонун,
Тага дешип каттап турчуу жолдошум.
Рыспай деп атын койгон көчөдөн,
Жашайм азыр күндө өтөм Оштомун.

Ырдын пири эл озунда Рыспай,
Турмушунда көйгөй жүрдү кыйындай.
Туяк калбай түндүк отун булатпай,
Арт жагынан Давлет кетти кыйылбай.

Өнөр менен өлбөс жайга барганын,
Кол ойнотуп Акардион тартканын.
Акорддорун эч ким андай баса албайт,
Кайрыктарын мукам ырдап жатканын.

Жаштар чыксын Рыспайдай кыйындар,
Акчадан да күч жоготпойт тыйындар.
Эл оозунда жүрөт даайым түбөлүк,
Жашайт даагы кыргызымда кылымдар.



Токтогул Сатылганов
... атындагы
Ош ... китепкана
ИНВ № 486728

## ДАРАК ТАМЫРЫ

Жол боюнда өскөн ушул дарактын,
Ким ача алат бул дарактын барагын.
Бучүр байлап, бүрү жерге күбүлүп,
Суу боюнда жайып турат канатын.

Канча күндү, канча түндү узатты,
Кимге күлдү, кимге түйдү кабакты.
Жан жаныбар бир сүйкөнүп өтүшөт,
Ким эксе да рахмат деп даракты.

Байкуш дарак баарын ичке батырат,
Жамгыр тилеп көктү карап чакырат.
Жер бетинде ачык калган тамырын,
Күрөк кармап кимдер жерге жашырат.

Отургузган пенде кайда экенин,
Кайсы жылы кандай адам эккенин.
Ал дарактын жол боюнда турганын,
Жаштар билбейт тереңинде себебин.

Көлөкөсү тиеттир деп жашоого,
Ысыганда салкын жерди тандоого.
Кандай жаран эксе дагы рахмат,
Алкыш айтыш, туура келет мактоого.





## ТАЛАНТ ТАМЧЫСЫ

*(Акынга)*

Талант таптап аруу жансың акындар,
Ыр жазбасаң ачылбайт го жарпыңар.
Жанга жагаар жанга батаар сөздөрдү,
Көлдө сүзүп көл жээгинен таптыңар.

Уйкаштырып создү таптап бактыңар,
Катар тизип каалгасын ачтыңар.
Обон созуп кайрык күүгө келтирип,
Ырдап бийлеп добулбасын кактыңар.

Колдон келсе эч кеп эмес акынга,
Чебер сөзгө уйкаштыкка жакында.
Таңдайында тамчылаган сөздөрүн,
Калем сабы даяр турат жазууга.

Акын өзү жаратылыш ылгабайт.
Бере тур деп сөздү карыз сурабайт.
Аалам гезип ала-тоону кыдырып,
Толкуп, ташкан суунун башын булгабайт.

Төрт сап ырга Шаар, Деңизди батырат,
Ыр түрүндө атак-даңкка чакырат.
Туура эмести туура экен деп колдобой.
Көккө ыргытып шамал желге сапырат

## БИЛИМ УЛАП

*(Балама)*

Биле алдыңбы
«ПОЛША» нын жерин, кенин,
Кимдер жашап кимдер келип кеткенин.
Туз-насип, барып калдың билим улап,
Шартына, көнө тургун ошол элдин.

Сезип турам убактынча керектигин,
Кыйналбай жүдөбөстөн жүрсө деймин.
Кыргызстан, киндик кан тамган жериң,
Билемин эне тилиң бербестигиң.

Элди көрүп, жерди көрүп билим алгын,
Бел байлап, чет тил билип коркпой, бардың.
«Эл озот торко тосот» деген сөз бар,
Өз элиң, өз жериңе күйүп жангын.

Сен үчүн мен жүрөмүн тилек-тилеп,
Сагынычтын кусасы бирге түнөп.
Келечегиң кеңдигин ойлонгондо,
Көңүл тынып мыйыгынан секиин күлөм.

Жигитчилик курагың кеч калбасын,
Жаман жака бурулуп аттанбасын.
Окуган намазың кабыл болуп,
«Башыңа бөөдө кырсык иш салбасын».

Өзүңө деп тапканым жыйнап жүрөм,
Аздыр, көптүр баарысын капка түйөм.
Ойумдагы сырларым ырга салып,
Аздыр көптүр канаат кылып өмүр сүрөм.





## ЖӨНӨП КЕТТИ КЫШ АЙЫ

Кыштын кетти чымыраткан ызгаары,
Эриди го тоңу кетип муздары.
Жай жыттанды аба коштоп жыты аңкып,
Беттен сылап жылуулуктун ыргагы.

Жол бошотту кыш - өкүмүн өткөрүп,
Эркеледи ар бир үйгө, төргө өтүп,
Эсен болсом, келээрки жыл келем деп.
Жөнөп кетти тон күрмөөсүн бөктөрүп.

Аз күн калды өрүк гүлүн төгөөрөгө,
Дыйкан чыгып эгиндерин себээрге.
Ажайып «Ай күн шооласы» чачырап,
Жер бетине тегиз шоола берээрге.

Төрт мезгилдин милдети бар өзүнчө,
Марть айы бар, жамгыр төгөт көбүнчө.
Жайдын толгон июнь-июль айлары,
Алың келбейт, ишке көңүл бөлүүгө.

Жай - күз өтөт кыштын камын көргүчө,
Жан талашып түшүм жыйнап өлгүчө.
Мезгил өтөт саат чыкылдап токтобой,
Ден соолукка карап көңүл бөлгүчө.

## ФРУНЗЕНИН ЖАНГАН ОТУ ЫРЫМА АКЫН Д.АБАКИРОВДОН ПАРОДИЯ

Жанган от күйбөсө да алоолонуп,
Жаркылдап табы күчтүү чогу турат.
Жаштыгың калса дагы жылоолонуп,
Жарык нур, жүрөгүңдө тогу турат.

Жибек көйнөк дале кетпей оюңуздан,
Жүзүңүздө билинбеген алээм турат.
Жабылбай китебиңиз окурмандан,
Жазганга колуңузда калем турат.

Бишкегиме күн батып кечи кирсе,
Фрунзенин оттору өчпөй турат.
Биз билбеген обонду кыңылдатып,
Бир кездеги ырларын төкпөй турат.

Ажырабай бирге болсун өзүңүздө,
Акындык касиетиң, аял деген.
Аруу сезим, балалыка саякаттап,
Алып учсун аалам кезип кыял менен!





## БӨБӨКТӨРГӨ КЫШ АЙЫ КОЙНУН АЧАТ

Кыш дагы кыштыгын кылган жакшы,
Сагынат пенде тургай тоо - таш дагы.
Асмандан аппак болуп бетти сылап,
Жүзүңдөн эрип түшөт аппак кары.

Бөбөктөр жылгаяк тээп чер жазышат,
Биринен, бири озуп, тең жарышат.
Карды кармап тоголок топтой кылып,
Мээлеп туруп ыргытып ок атышат.

Жолдун жээги, жылгаяк көк муз болуп,
Арыкта суулар токтоп, акпай тоңуп.
Кыштын да, өз-өзүнчө өкүмү бар,
Үшүтүп, чыйрыктырып ызгаар согуп.

Кыш даагы эки сөзгө маани берет,
Кыш кынап үйдү куруп жерди ченеп,
Аязда кирип барсаң жылуу жумшак
Үшүгөнүң билинбей денең тердеп.

Кыш болбосо күрмөөлөр таарынышат,
Кийип чыксак этек жеңи жазылышат.
Кыш жаман үшүп тоңуп калабыз деп,
Айткан болсо өтө эле жаңылышат.

## АЯЛ ЭНЕ МӨМӨ БЕРГЕН БАК ДАРАК

Аял! сулуу сулуулугу ашынган,
Аял жылуу, жалын оттун табынан.
Жигиттердин, аткара, алат жумушун,
Акыл ою парасаты жагынан.

Аял! кенен акыл эсин бага алат,
Тар чөйрөдө татаал жолду табалат.
Өксүк, өмүр өкүнүчтүү күндөрдө,
Жан дүйнөңдү, жабыркатпай жайгарат.

Аял! сага өмүр бою аманат,
Барктай алсаң, мөмө берген бак дарак,
Чарчаганда, чаңкап турсаң чаалыгып,
Жүрөгүңө, суусун берип сугарат.

Уул! кыздарга апа, сага, сүйгөн жар,
Ак никеде, экөөнө тең укук бар,
Балдар үчүн паркы, баасы бийикте
Гүл жайнаган, көк шиберлуу аппак кар.





## ЭКИ ДОС

*(Садыр, менен Камчыга)*

Ар ким айтат ар кандай баяндама,
аралашпайм эч кандай саясатка.
Жүрөгүм ооруп турду жүк түшкөндөй,
Бул күндөрү кимдер үйдө ким кай жакта.

Бийликке күноону коё салсак,
Канчоону кубаладык таяк кармап.
Сабырдуу бололучу кыргыз элим,
Жолубуз жайда эрийт кышта тайгак.

Аракет жасап жаткан АЖООБУЗГА,
Дос болуп жөлөп турган Камчыбызга.
Оору соо ортосунда кызмат өтөйт,
Ал деле бир ЭНЕНИН баласы да.

Жамандыкты жаадырып тилебейли,
Тап - таза жүрөктөрүн кир дебейли.
Кум -төр үчүн куйкаланып отко түштү,
Түрмөдө жаткан кезин билейличи.

Ак, караны, алла -таалам өзү ылгайт,
Жакшылык кылган болсо өзү сыйлайт.
Жамандык жасаган тажиктердин,
Бет кабын сыйрып туруп бетин булгайт.

## АКЫНДАР ААЛАМ КЫДЫРАТ

Акындар!
Жазат Ааламды кезип ыр десте,
Кыялы кетип булуттан терет гүлдесте.
Карарып пулут каптаса күндүн шооласын,
Аны да жазат калем сап кармап дептерге.

Шар аккан сууну тоосунан аккан булагын,
Жайкалып өскөн көк шибер жашыл туланын.
Ойлонуп туруп канатын күүлөп камчылап,
Булуттан чыгып күнгө да жаят кулачын.

Акындар!
Жазат ар тарап кесип ээлерин,
Арзышкан жандар гүл терип белек бергенин.
Ызгаары кетип аптабы беттен сыласа,
Дыйкандар чыгып жер айдап эгин себээрин.

Акындар!
Жазат бирок го өзүн мактабайт,
Жазганын баарын мээсине түйүп жаттабайт.
Кез келген жерде суранса бере саласың,
Пайдасын көрөт аздектеп бирок сактабайт.





## КЫРГЫЗ ТИЛГЕ МУКТАЖБЫЗ

Эне тилиң Сүйлөгөнгө мажбурсуң,
Даамын сезип ачуу ширин таттуусун.
Көөдөнүңдө көйгөй болсо жагымсыз,
Тилиң менен жайгарасың шартуусун.

Тилибиз бар каалагандай сүйлөйбүз,
Сүйүп тилди жакшы жака үндөйбүз.
Жаратканым тап-так даана тил берген,
Майып болсо чектөө коюп күлбөйбүз.

Баркын билип тилибизди сүйлөлү,
Жаш муундарды жакшы жака үндөйлү.
Өсүп жаткан келечек муун жаштардын
Тилин буруп ар тарапка түрбөйлү.

Заманыбыз муктаж болуп турганда,
Даяр болуп, биз да колду сунганга.
Улуулуктун салтын бекем кармайлы,
Тил боюнча мыйзам иштеп турганда.

## ЭГЕМЕН ЭНЧИЛЕНГЕН ЭЛИМЕ

Отуз бир жыл оттой күйүп жаныппыз,
Көп өзгөрүш, болуп кетти жагымсыз.
Чубак балам, ыйман жолду багыттап,
Биз да уялып, намаз окуп калыппыз.

Көйгөйүбүз көп болсо да турмушта,
«Намыс» деген, өтө бекем кыргызда.
Бала-чака камын ойлоп бел байлап,
Чет элдерге чыгып кеттик жумушка.

Бийлик, теңдик, өзүбүзгө бергин деп,
Бөлүп алдык, жерибизди келгин деп.
Кайрагын да, сугатын да сугарып,
Мол түшүмүн, кампабыздан көргүн деп.

Кымбатчылык, өзүн-өзү актабай,
Базарда мал арзан болуп саталбай.
Кыйналганда, аргасыздан жаш муундар,
Башка өлкөгө чыгып кетти, жаталбай.

Мен да баргам Россия жерине,
«Убактылуу кайыр кош» - деп элиме.
Балдарымды сагынганда чыдабай,
Суугу катуу өтүп кеткен сөөгүмө.

Бир аз күттүк турмушубуз оңолду,
Шартын түзүп, үйлөрүнө тоодогу.
Туура сарптап тапкан акча-тыйынын,
Короо толо козу менен койлору.





Жаман заман, жакшысы жок дей албайм,
Жетишкендик болуп жатат бир кадам.
Интернеттен көп иштерди бүтүрүп,
Алыс-жакын салам жолдоп кааладан.

## ОРДОЛУУ ОШ МЕКЕНИМ

Ордолуу Ош басып өттү таарыхты,
Кимдер кетти, кимге, берди жарыкты.
Күнгөй бетте, канча пенде жатышат,
Кош жүгүртсөң «Сулайман тоо» тагынды

Бишкегимдин, оодорат го салмагын,
Талдап көрчү чыны менен жалганын.
Жери кенен, ортосунда «Ак Буура»
Айланасын, аралап көр тармагын.

Жашайт кыргыз башка тилде сүйлөбөйт,
Көп улут бар, эч аларга үндөбөйт.
Ар улуттун өз-өзүнчө салты бар,
Базар арзан, тамак аштан жүдөбөйт.

Ош шаарында эч жүдөбөй жүрөсүң,
Таза кыргыз өз тилинде сүйлөйсүң.
Көтөр, кыргыз көкөлөтүп, желекти,
Үн көтөрүп жакшы жакка үндөйсүң.

## АЙ МЕНЕН КҮН КАРЫБАЙТ

Айтып бүтпөс арман жашоо тарыхы,
Бири кетсе бири келет жаңысы.
Бири алдуу бири алсыз жашоодо,
Алсыздардын тебеленет намысы.

Күн жылмайып көтөрүлөт жарымы,
Ай ааламга бирдей тиет жарыгы.
Жер бетинде жан жаныбар эс алып,
Бак дарактар, азык алат тамыры.

Бул ааламда, АЙ менен КҮН карыбайт,
Он беши түн,он беши күн жаңырат.
Төрөлгөнүн төр жагына өткөрүп,
Кеткендерди кош айтышып кайырлайт.

Ал ыр жазбайт обон созуп ырдабайт,
Ал сүйлөбөйт сүйлөгүн деп кыйнабайт.
Таңдан кечке өз милдетин аткарып,
Муздадыңбы, ысыдыңбы сурабайт.

Күнсүз Айсыз жашоо бизге болбойт ко,
Кыш болбосо тамчы суулар тоңбойт ко.
Жаратылыш бизге берген энчисин,
Айта кетсек Алла бизди колдойт ко.

Баштан өткөн окуяны айтабыз,
Калем кармап чындыкты биз жазабыз.
Ой чабыттап өйдө төмөн жүгүрүп,
Акындар биз туу чокудан кайтабыз.





Акын жазып акын сүйлөп калбаса,
Отко күйүп чокко түшүп жанбаса.
ТААРЫХ калат тамчы суудай төгүлүп,
Ылай кечип бутту сууга салбаса.

## ЭЛДИН ДЕМИ

Көп түкүрсө көл болгон элдин деми,
Ошон үчүн чакырды сени мени.
Көз менен көрүп турдук алакан чаап,
Көлкүлдөп көдөнүбүз толуп келди.

Олтурдук ичибизден дуба кылып,
Жакшы сөз музыканы канбай угуп.
Миллион, жүз миңдеген салымдарга,
Колду чаап сүйүнүчтөн жүрөк тынып.

Кубанычтын эмгегин баалайлычы,
Элди үндөгөн сөздөрүн жаттайлычы.
Жамгырдай жаап турду алкыш сөздөр,
Жаман сөз жаман көздөн сактайлычы.

Айтылган ак патаалар насип кылсын,
Дем алып аяк башын топтоп жыйсын.
Үзүрүн эмгегинин жыйынтыгын,
Көөп жашап сый үстүндө көрүп турсун.

## СОЮЗ МЕЗГИЛ ЖҮРӨТ БИЗДИН ЖҮРӨКТӨ

Саюз учур эркелеген күн өткөн,
Таза сезим, так мамиле жүрөктөн.
Сен мен дебей орун болсо төрүңдө,
Пейилиң кенен тар бөлмөдө түнөткөн.

Салам берген улуу кичүү баш ийип,
Ажарлуу бир, так төбөдөн күн тийип.
Жандуу турмуш, техникалар күзүндө,
Жумушуна кечикпестен жүгүрүп.

Мейкин талаа жүгөөрүлөр жүгүнүп,
Кучагына, эгиз дүмбүл түйүлүп.
Кампа толуп батпай турчуу эгинге,
Скирт-скит тоодой чөптөр үйүлүп.

Койчулары, кой артынан ээрчишип,
Арык семиз козуларын телчитип.
Карышкырдан, кандай сактап алам деп,
Күчтүү тайган, арт жагынан ээрчитип.

Саан малдары жайлоо бетте оттошуп,
Үн алышып музоолорун жоктошуп.
Челек-челек сүт берүүгө камданып,
Эртеден кеч баш көтөрбөй оттошуп.

Биргадирлер, тынбай кабар алышып,
Милдеттенме пландарын салышып.
Жүзүнө жүз, кой төлдөтүп бергин деп,
Чабандарга мойнуна жүк артышып.





Жыргалы да, талабы да бар эле,
Эч бир жараан, өкүнбөгөн бей күнөө.
Тапшырманы тактык менен аткарып.
Баардык элдер кедей эмес бай эле.

Милдет план ашыгынан аткарып,
Аздыр көптүр айлык менен жан багып.
Барга жокко канаат кылган аталар,
Ыйман болгон, салт-санаасы сакталып.

## ЖОЛОН МЕНЕН МЕҢДИ ЭЖЕНИН ЖАШООСУ

Акын болуу оңой жумуш иш эмес, жолдо
жүргөн бир жолоочу, киши эмес.
Ал бараткан тек кана бир жүргүнчү,
Акын карайт тегеректи бир элес.

Акын издейт олутту бир ойлорду,
Ал тандабайт узун кыска бойлорду.
Кези келсе жаза салат дептерге,
Бара жаткан алыс жакын жолдорду.

Жазмачынын жан дүйнөсү алыстан,
Акын менен кошо чыгып жарышкан.
Кара сөздү жаза салса аялы,
Акын экөө түгөй болуп калышкан.

ЖОЛОН менен МЕҢДИ эженин жашоосу,
Акындардын болсо керек тандоосу.
Жакшы адамга өмүр ченеп берилген,
Жап жаш бойдон өтүп кетти жолдошу.

Мына жашоо мына өмүр сапары,
Көбөйсүнчү акындардын катары.
Сын сыпаттап көңүлдөрдү оорутпай,
Жакшы иштерге тандап жолду басалы.

Акындар биз узуун жолду улайлы,
Урпактарга из калтырып турайлы.
Чыркыраган чындык үчүн күрөшүп,
Ажал келсе анан көздү жумайлы.

## КӨӨДӨН ТОЛДУ КӨЛҮМӨ

Көрүп келдим көөдөн толуп көлүмдү,
Сан миңдеген элди көрдүм өңүмбү.
Кереметтүү мейкиндигин мен даагы,
Ырга салып жазып өтсөм жөндүүбү.

Зымыраган жолдо кетип баратып,
Бирде уктап бирде ойгонуп таң атып.
Балыкчынын баш этегин карасам,
Көкмөк болуп көз уялтып каратып.

Барышат го ар кыл кесип ээлери,
Биле албадым кимдин эмне не дээри.
Акын жүрсө калем сабын колго алып,
Ырды жазып анык го дейм келээри.

Бири балык бири нанын көтөрүп,
Жашоо үчүн жан аябай көшөөрүп.
Күндүн ысык аптабына чыдышып,
Жонго бала сумкаларын бөктөрүп.





Мен да жаздым ошол акын катары,
Маани - маңыз узун болсун сапары.
Өмүр деген билинбеген убакыт,
Күн сыяктуу күүгүм тартып батаары.

Жашап келдим убакыт бар беш күндүк,
Ден соолукту чыңадым го беш жылдык.
Келген кеткен конокторго жылмайып,
Көлүм турсун, койнун ачып жылытып.

Кыргызыма! энчилеген сыйлыгы,
Жандуу өмүр бүтпөөчүдөй кыймылы.
Сүрөт тартсын ырга жазсын жүрөктөн,
Бул элимдин түгөнбөгөн сыймыгы.

## АРУУ ЖАНСЫЗ

*(Тазагүл Закирова)*

Эженин! ойлогонун, кимдер ойлойт,
Талантын ар тарапка, бурап толгойт.
Келбети мүнөзүнө жарашыптыр,
Жетимиштен жогору деп кимдер болжойт.

Эженин! жазгандарын кимдер жазат,
Элине из калтырып, кимдер басат,
Тоо - ташты аралады асман- жерди,
Салмактуу саат санап кимдер жашайт.

Эженин! обондорун кимдер ырдайт,
Эргүү алып эсиркеп кимдер жыргайт.
Мекендин мээримдүү чыгаан кызын,
Кыргыз элим урматтап абдан сыйлайт.

Ден соолук, узун өмүр жашка толуң,
Жазыңыз элиңиздин ачка тогун.
Уул кыздын төрлөрүндө эркелеген,
Бактылуу неберeге эне болуң.





## КОЛДОО БЕРДИ АЖООБУЗ

Бир өмүрдүн изи менен баратып,
Беттен сылап чачырап күн таң аттып.
Мен эңсеген жайлоодогу узун жол,
Жакын бардым булутка мен жанашып.

Жайлоо көркту көз жетпеген мейкиндик,
Ак чатырда жашоо улап бейпилдик.
Мал жандыгы жуушап бетте оттошуп,
Жандуу кыймыл жан талашкан тиргилик.

Киндик каны тамган жерден жадашпай,
Жол жаман деп бөтөн элге жанашпай.
Чымырканып чыдашыптыр бир өмүр,
Чооң аталар баскан жол деп адашпай.

Аз күн калды өзгөрүлөт жолдору,
Кен байлыгын пайдаланса колдогу.
Жол оңолуп жорголосо унаасы,
Туугандардын эңсеп келген каалосу.

Бири бирин колдоп коштоп кел дешип,
Колдон чыккан салымыңды бер дешип.
Алыс дебей барып келди КУБАНЫЧ,
Белди байлап АЖООБУЗГА кол берип

Отуз миллион! берип жардам кол сунду,
Колдоп койду ага тууган эл журтту.
Аман бол деп ак батаасын беришип,
Аксакалдар бетке колун сунушту.

Беш куплет ырды жазып турайын,
Ыр да болсо букет кылып сунайын.
Ой максаттар орундалып жатат деп,
Сиз тараптан жакшы кабар угайын.

## АРУУ ТАЗА ЖАН ЭКЕНСИҢ

*(Баисбекке)*

Көл жээгине барамын деп дегдедим,
Маңдай-тескей сүйлөшүүнү эңседим.
Айдын жарык, күндүн таптуу кезинде,
Жакын болсоң жолугалы кел дедим.

Жөп-жөнөкөй аялуу жан экенсиң,
Жашооң татаал түйшүк тартып келгенсиң.
Турмушунда кандай сыноо берсе да,
Акыл менен, Сабыр кылып жеңгенсиң.

Көрүнүп тур көөдөнүңдүн кеңдиги,
Көтөрөт деп көп сыноону бердиби.
Талант деген тагдырыңа байланып,
Оор жеңилин ырың сенин жеңдиби.

Ондоп түзөп жан киргизип китепке,
Тил да берип китептеги сүрөткө.
Эмгегинди өтө терең бааладым,
БАЙМЫРЗА деп аттың жазып жүрөккө.

Жан шеригиң ыймаңы ыссык жан экен,
Бой келбети бир өзүңө пар экен.
Кадырыңды талантыңды баалаган,
Асыл жандар Ай, Аламда бар екен.





Ырларыңа жакшылыкты батырган,
Жан досторду жакшы адамды чакырган,
Сол тарапка оң колунду көргөзүп,
Аппак гүлдөй бажырайып ачылгын.

## АКЫНДАР БАР ЫРЛАРЫ ЖҮРӨККӨ ТЕҢ

Обондор бар жашаган жашабаган,
Кыргыз эли баалаган баалабаган.
Көп таланттар бааланбай өтүп кетти,
Кайран өмүр ажалга моюн сунган.

Ыр жаралат жан дүйнөңдү титиреткен,
Ар бир сабы жүрөктү тилип өткөн.
Көркөм окуп ырлардын багын ачкан,
РАЙЫЖАН жашасын жүз жыл көктөм.

Обондор бар уккулуктуу толкундаган,
Ал обонду аздектеп ким ырдаган.
Ал обончу САЛАМАТ САДЫКОВА,
Уккан жандын кулагы жадабаган.

Ал айтат Рыспайдан таалим алгам,
Ырлары жүрөгүмдөн орун алган.
Жакшы адамдын таасири үлгү болуп,
Талантынан татыктуу баасын
Алган. Жашоосуна аттаган жакшы кадам.

Азыр кандай кимдер, алды жагында,
Ырды таптап кимдер салды табында.
ЫСМАЙЫЛОВ АЛТЫНБЕКТИ айталам,
Ырды тизип жилик тартат калкына.

Жылаан эне романын окуган,
Баасын берип кимдер алкыш токуган.
Мен окудум автор жазган китепти,
СУЛАЙМАНОВ ЖЫРГАЛБЕКТИН колунан.
Берем алкыш чын жүрөктөн оюмдан.

Чыгаандардын узун болсун өмүрү,
Кайгы муңга чөмүлбөсүн көңүлү.
Жаман көздөн суук сөздөн сактасын,
Көрө албастык сызык түшпөй бөлүнүү,
Бийиктиктен самап Келем көрүүнү.

## КЫШТА ЖЕЙМИН КҮЗДҮН БЕРГЕН ТҮШҮМҮН

Каанча күздү көрүп койдум мен даагы,
Насип кылып буйургандыр ал жагы.
Күндөр өтүп айлар жылга алмашып,
Күздү өткөрүп кышты күтөм баягы.

Кышта жеймин күздүн берген түшүмүн,
Алма өрүк шагы ийилген жүзүмүн.
Буйруп койсо жашым Алла узуртып,
Самап келем ширин жашоо үзүрүн.

Кереметтүү, курсагы ток күз айы,
Көөп көмөгүн көрсөтөт го суу даагы.
Нугун буруп арыктарын тазалап,
Адал эмгек дыйкандын да майрамы.

Жашоо өзү кимге кандай,ар кандай,
Оор жеңилин таразага салгандай.





Бири кыш дейт бири жайды жакшы дейт,
Аа мен үчүн төрт мезгил тең майрамдай.

Күндү бөлбөйм күтүп келем баарысын,
таңды тосом жерге жарык чачышын.
Ден соолугум уйкум менин тынч болсо,
Күтүп турам күндүн деле батышын.

## ЫРААЗЫМЫН БАГЫТКА

*(Талантарды таптаган Врач)*

Чын акынга чыйыр жолду салыпсың,
«Атың дагы, затың дагы БАГЫТСЫҢ»
Жарыла албай жабыркаган акындын,
Ооруп жүргөн ырларына табыпсың.

Баш көтөрүп акындарың жол тартты,
Алга карай, ырлар жазып үн катты.
Татыктуу ыр, талабына жооп берип,
Орден, медал көкүрөктөн жай тапты.

Өмүр жашы, ченеми жок дегенсиң,
Мен сыяктуу акынга дем бергенсиң.
Жолугушуп сөздөрүңдү укканда,
Көрөөгөчтүк, көсөмдүгүң сезгемин.

Он жыл ашкан эмгегиңдин ыраатын,
Акындардын көрүп жүргүн ызатын.
Өмүр жашың, ден соолугуң чың болсун,
Кайда барба, сап башында турасың.

## МАЛИК АЛЫКЕЕВКЕ

*(Кош бол иним)*

Жашыңан комуз кармап,
Мөлмөлдү созуп ырдап.
Таанытан кыргыз элиң,
Нээ деген соонун ыргак.
Жараткан жан дүйнөңдү,
Туйлатып турган убак.

Мойтойгон жаш кезегиң,
Мончоктой көз карегиң.
Жалтанбай чыккан элең,
Алдына калың элдин,

Комузда кол ойнотуп,
Ыргактуу обон созуп.
Талантың канат күүлөп,
Булбулдай шакка конуп.
Жарк этип чыга калсаң,
Экран шаңга толуп.

Апаңа өбөк болуп,
Жарыңа жөлөк болуп.
Уулуңдун урматына,
Сыр аяк сыйга толуп.
Көөп өмүр сүрсөң болмок,
Комузда кол ойнотуп.

Ооруган күндөрүңдө,
Көңүлсүз күлгөнүңдө.
Сай сөөгү сыздап турду,





Апаңдын жүрөгүндө.
Өмүрүң тилеп турду,
Ар бир күн түндөрүндө.

Комузуң кайда калат,
Кай жерден оорун табат.
Муңайып сени жоктоп,
Муңканып добуш салат.
Өкүнбө Малигим деп,
Өзүңө кайра барат.
Жаныңан оорун алат.

Жигиттик курагыңда,
Шиберлүү тулаңын да.
Аралап басалбадың,
Оорунун тузагында.
Айла жок көндүң окшойт,
Жараткан бул жалганга.

Бараткан сенин жайың,
Мөмөлүү болсун багың.
Өнөрлүү өлбөйт деген,
Унутпайт элиң дайым.
Бейиштен оорун алгын,
Алтындан болсун тагың.

## ЖЫЛУУ НАНДЫН ЖЫТЫ КЕЛЕТ БУРКУРАП

Ушул жашоо өткөн менин башымдан,
Тегеретип очок түздөп ташынан.
Булут каптап жамгыр төгүп күн жааса,
Чарт-чурт этип түшөбү деп чагылган.

Татаал турмуш жайлоолордо өткөргөм,
«Арча бешик ат үстүнө бөктөргөм»,
Ал балдарым. менин оордум басышты,
Мага окшогон апалар бар көптөгөн.

Казанда нан жыты келет буркурап,
Чанач толо кымыз тынбай пышылат.
Куймак куйуп майланышып колубуз,
Балдар үчүн эне байкуш тырышат.

Суу ысытып колго кирди жуугамын,
Түйшүк үчүн таң бүрүлдөн тургамын.
Жолдон өткөн жолоочуну күзөтүп,
Келиңиз деп куймак кымыз сунгамын.

Иреттесем канча жылдар өтүптүр,
Бой мүчөмдү көөп бөлүккө бөлүптүр.
Баштан аяк сөгүлгөнүн мүчөмдүн,
Алла таалам көз жүгүртүп көрүптүр.

Мейли дедим карылыкты көрөйүн,
Көзүм барда карыз болсом төлөйүн.
Ызаттаса төргө өткөрүп балдарым,
Ошолорго мээримимди төгөйүн.





## МУГАЛИМ АГАЙГА

Жарым күнү убактысы мектепте,
Көзөмөлдөп чарба ишин кез-кезде.
Милдет билип бала-чака багуу деп,
Түйшүк тартып алектенет күн кечке.

Аздектеген тандап сүйгөн кесиби,
Билим үчүн бул жашоого келдиби.
Жети өнөр жетимишке барабар,
Өнөр баккан көп таланттын ээсиби.

Тарбиялап билим менен сугарып,
Уул кыздары бойго жетти буралып.
Ар тараптуу кесиптерди аркалап,
Агай дешип, жандай көрүп сыйлашып.

«Аа тамгасын үйрөтүп сөз жаздырган»,
Билим берип терең кудук каздырган.
Жерде калбайт ак эмгектин үзүрү,
Төш белгилер көкүрөккө тагылган.
Агай деген алтын сөзгө татыган.

## МУГАЛИМ ЕЖЕКЕГЕ

Мугалимдик кесип болду тандаган,
Мектеп үйгө бирдей кадам таштаган.
Кесипкөйлүк жоопкерчилик колго алып,
Жаш курагын өмүрүн бүт арнаган.

Кээси тартат жалгыз бойдун азабын,
Тагдырына жазып койгон кадамын.
Эки тизгин кош чылбырды колго алып,
Балдарынын аткарууга талабын.

Мугалимдин түйшүгүнө чыдаган,
Бул этапты баса бербейт көп адам.
Убактысын эч бир текке кетирбей,
Кайнатасын кайын апасын караган.

Бата алып бактылуу го жашоосу,
Сабырдуулук жөнөкөйлүк тандоосу.
Билим берип уясынан учурган,
Мугалимдик кесип болгон каалоосу.





## ТАБИЙГАТ СЫРЫ ТЕРЕҢДЕ

Уйулгуп шамал жиреген,
Буулуккан куюн түнөгөн.
Асманда булут түнөрүп,
Айылдар кошо жүдөгөн.

Нөшөөрлөп жамгыр төккөндө,
Ишенбей көргөн көздөргө.
Сел каптап жатса үйлөрдү,
Тообаңа жандын көргөндө.

Тешилип асман калганбы,
Өчүрүт кылып алганбы.
Бир жерин каптап бүткүчө,
Экинчи жерге барганбы.

Жүдөтүп элдин жарымын,
Токтотпой койду агымын.
Пейлибиз себеп болдубу?
Сөздөрүн укпай карынын.

Кесири тийет жамандын,
көрсөтүп жаман кадамын.
Жашаган колу-коңшуга,
Заматта бүлүк салганын.

Табийгат сыры тереңин
Биле албай кайдан келгенин.
Көтөрө билүү шарт экен,
Жараткан буйруп бергенин.

## ТАМЧЫ ТАМАТ ТЫПЫЛДАП

Себелеп жамгыр жааса жай белгиси,
Ай сүрүп жыл жаңырса таң белгиси.
Шырылдап мукам дообуш үн угулуп,
Шар аккан суунун көркү сай белгиси.

Казганак кыргыз үйдүн тизилиши,
Чымырканып чыдаган кимдин иши.
Чанач толо бээ байлашып кымыз ичкен,
«Ата салты ынтымактын чоoң белгиси».

Таза булак таш жарып чыгат тунук,
Койсо болот башка жака нугун буруп.
Чанкаганда жата калып керээ жутсаң,
Музга окшоп мурдуңду жарат бузуп.

Убакыт түйшүк менен өтө берет,
Күндөр өтүп күттүрбөй күз да келет.
Жап жашыл жайлоодогу тулаң чөптөр,
Сапсары боёп койгон түскө келет.

Мөмөлөр бышып турса шагын ийип,
Эртелеп топтоп алыш жыйып терип.
Дыйкандын пешене тер ак эмгегин,
Жер эне меенетине берет күйүп.





## ТАБИЙГАТ АКЫН ҮЧҮН КЕН БАЙЛЫК

Өзөн бойлоп суу жээгине бардыңбы,
Барган болсоң бир чайынып алдыңбы.
күндүн нуру сылап өтүп бетиңден,
Мээ кайнаган аптабына жандынбы.

Суусуз өмүр ырсыз көңүл ачылбайт,
Ырдап бийлеп жүргөн адам карыбайт.
Көөдөн толо көлкүлдөгөн сөздөрүн,
Ачалбаса ырлар даагы жазылбайт.

Тал-терегиң суусуз тамыр жайалбайт,
Бак дарагың суусуз мөмө алалбайт.
Аллах берген шар аккан сууң болбосо,
Кабат-кабат этаж үйдү салалбайт.

Табийгаттын баа жетпеген сырлары,
Мукам чыгат кайрыктагы ыргагы.
Акын үчүн түгөнбөгөн кен байлык,
Табийгатсыз жаза албайбыз ырларды.

Ырды жазсаң обону да жаралат,
Сан жак эмес сапатына каралат.
Кубулжуган Тажатпаган үн болсо,
Ал обончу эл оозунда калалат.

## АКЫН СҮЙГӨН ЖАР БОЛСОҢ

*(Акындардын жубайларына)*

Сен акындын! жары болсоң жактырган,
Колдоп- коштоп жакшы кадам бастырган.
Кайгы - капаң кубанычың ыр менен,
сенин жашооң калем сапта жазылган.

Сен акындын! жары болсоң жактырган,
Басса -басып кошо күлүп каткырган.
Сенин айдай ачып турган чырайың,
Ал да Акындын ырларында жазылган.

Сен акындын! жары болсоң жактырган,
Ачуусуна бой качырып жашынган.
Жакшынакай кечиримдүү мүнөзүң,
Ал да Акындын калеминде жазылган.

Сен акындын! жары болсоң жактырган,
Суусап турса суусун сунуп кандырган.
Үзөңгүлөш үйгө келсе достору,
Ат жалында сыйлап казан астырган.
Ал да Акындын калеминде жазылган.





## ЖАКШЫНЫ ЖАКШЫ ДЕЙЛИ

*(Ажоолорго)*

Айтамбы айтпай каламбы,
Эртеңки күндөр караңгы.
Келечек үчүн түптөдү,
Алмашкан ушул заманды.

Көромбү көрбой каламбы,
Көөдөндөн айтам саламды.
Көрөөгөч жаштар түптөдү,
Көксөгөн ушул заманды.

Жаш чакта күйүп жанабы,
Жашоосу акпы карабы.
Болбосун согуш апаат күн,
Жаштардын ушул талабы.

Эскинин, чачкан эсебин,
Жыя албай жатат неченин.
Эсиңден эч бир чыгарба,
Көбөйтүп айлык бергенин.

Бош келсе достор сөмтүрөп,
Сөзүн таппай дөбдүрөп.
Карөзгөйлөр кан жутуп,
Жатып калат тепкилеп.

Бийликке кумар болушуп,
Тынч элди козгоп чочутуп.
Чакырык таштап ич ара,
Караңгы элди чогултуп.

Баса албай түп-түз жолуна,
Кармады таяк колуна.
Иштете койбой чырылдап,
Өздөрү түштү торуна.

Ким - кимге айып салынат,
Мойнуна тумар тагылат.
Жамандык кылса көрө албай,
жүрөккө канжар сайылат.

Билимиңби? Күчүңбү,
Бул көргөнүң түшүңбү.
Эмне кылып койдум деп,
Өкүнүчтү ишиңди.

Ойлогонуң жамандык,
Эңсегениң саранды.
Сендейлерге жарашпайт,
Кыргыз деген жарандык.

Аалам сени кечирбейт,
Чындык сенден бекинбейт.
Тарлыгыңа тагдырың,
Алкыш сөзү берилбейт.

Сабыр кылып чечти го,
Шашпагыла дешти го.
Кемпир-Абат көйгөйүн,
Жети өлчөп туруп кести го.

Даагы эмне кылышсын,
Кай тарапка бурушсун.





Бузукулар көбөйдү,
кайсы бирин тыйышсын.

Эки дос басса жанашып,
Бир-бирине жарашып.
Эл көйгөйүн чечсек деп,
Күн батырып таң атып.

Өмүр тилеп туралы,
Айткан кебин угалы.
Ак жоолугун салынган,
Апалар көңүл буралы.

Көчөлөр күндө оңолуп,
Шагыл жолдор жоголуп.
Отургузган көчөттөр,
Бой тиреди чоноюп.

Эки достун ишине,
Баа берели кичине.
Оң тетири сүйлөбөй,
Ээ бололу тизгинге.

Эки досту таптайлы
Жаман сөздү айтпайлы.
Ашырып алса улакты,
Тетири тартып баспайлы.

Жолго чыкса сапарга,
Чет эл менен катарга.
Жолу шыдыр болсун деп,
Кайыр берип садака.

Көптү көрүп көп билген,
Аталар аман болушсун.
Ак сүтүн берген Апалар,
Ожоолор аман болсун деп,
Ак патаа берип коюшсун.

## АДАШКАН АГАЙДЫН БЕЙНЕСИНЕ

Канча мезгил Жылдар өтүп таң атты,
Токтобостон өмүр өтүп баратты.
Жаратканым жакшы кабар сүйүнтүп,
Жигит кошуп аруу затты жаратты.

Ал АДАШКАН агай болчуу жараткан,
Үй бүлөөгө ажайып бир таң аткан.
Бешик бала Бек болоорун ким билсин,
Жигит болду эл мүдөөсүн актаган.

Балалык кез өмүрлөр, өтүп жатты,
Өйдө төмөн Тоо ташты бирдей басты.
Камкор болуп үй бүлөө балдарына,
Ай мончоктой уулдарын, кызды тапты.

Талыкпаган эмгектин арты менен,
Өз айылына (сары камышка)
тамырын жайды кенен.
Ал өстүргөн балдары канат күүлөп,
Билим берип кудукту казды терең.

Төшү толуп Орден Медал тагылды,
Жамгырдай жаап алкыш сөздөр айтылды.





Калтырган из Баскан жолу узун жол,
Аппак калпак кийсе багы ачылды.

Ата жолун кармап бекем туткасын, Сактап
жүрөт илип алып курткасын.
Сыймыктанып «Ордендерин» жоготпой,
Сейдаали ака күндө, түтүн булатсын.

Кыздар үчүн «Ата Эне Ала тоо»,
Бүгүн жоктоп алыс жерден келген го.
Ошол кыздын жытын искеп жакындап,
Агай келип, кайра алыстап кеткен го.

Учурунда согуш отун кечиптир,
Бүтүп, бүтпөй жараат алып келиптир.
Кабарчылык, түрдүү кесип аркалап,
Мээнет кылып кыйын күндү жеңиптир.

Ата жолун уул кыздары таштабай,
Оор жеңил турмушуна карабай.
Сүрөтчү эже Даанаканды айта алам,
Сүрөттөрү жайнап турду байма бай.

Тагдыр экен жакшы адамдан айрылыш,
Жолун тороп бура албайсың кайрылыш.
Ал элестер жүрөгүндө сакталат,
Көөдөн ыйлап кылгырат жаш сагыныч.

Жазуучулук, кесип болду Жапары,
Жакшы адамга толукталып катары.
Оо дүйнөдө бейиштерди аралап,
Куран окуп аман жүрсүн калганы.

Кол кармашып бирге өмүр сүрүшкөн,
Кайгы капа, күлсө бирге күлүшкөн.
Жүргүн кемпир бейиш жакка баралы,
Бирге жөнөп арабага түшүшкөн.

## КӨЛДҮ КӨЗДӨЙ БАРАТЫП

Суусамырда суу жээгинде Арчалар,
Коздук берип эки тарап жылгалар.
Казганактап аппак боз үй тизилип,
Көрүп турсаң көркүнө көз таң калаар.

Сапар тарткан жолоочуну узатып,
Бээ байлашып кулундарын туйлатып.
Кымыз,курут,бал каймагын сунуштап,
Түшүңүз деп таазим кылып сыйлашып.

«АЛА БЕЛДИН» ашуусунда таң атып,
Булут каптап бир заматта кар басып.
Түлкү чыкты маңдай жактан манкайып,
Токтой калсак качып кетти кыр ашып.

Шар аккан суу көбүк чачып ойногон,
Унаа өтөт чычкан сымал жойлогон.
Ат койушкан окшоштуруп чычканга,
Ошол атты татыктуу деп болжогон.

Тоо боорунда машиналар жорголойт,
Төө ашууга жеткен кезде ойгонот.
Караңгы жол кантип өтүп алам деп,
Уйку соодо жүрөк байкуш толгонот.





Кулак тунуп тунжураган кезимде,
Муздак шамал сылап өттү бетиме
Өтүп алып кереметтүү бул жерден,
Ыр жаратуу келип кетти эсиме.

## БАЙЛЫК БИЙЛИК БИР КҮН КАЛАТ АРТЫНДА

Атактуулар! Кылчай артка, пас болбо,
Байлык, бийлик дүнүйөңө мас болбо.
Маанайы пас чыкса алдыңан бир байкуш,
Мээрим төккүн жүрөк катып таш болбо.

Келээр күндүн кетээри бар жакында,
«ХАН түбөлүк отурбаган тактыга».
Бир жылуулук бере албасаң жардамың,
Байлык бийлик бир күн калат артында.

Жаралган соң бирдей сенин катарың,
Жолуң окшош жолго чыккан сапарың.
Беш манжаңы бирдей тегиз дебеймин,
Текеберлер, үчүн ырды жазамын.

Канаат кылып барды жокко улаган,
Жакшы кебин таңдайынан чубаган.
Залкаар өткөн заман өткөн эл өткөн,
чындык менен акыйкатты сураган.

## ДИЛДИ АГАРТЫП БАРАЙЛЫ

Орозонун! касиети өзүнчө,
Тазаланып тап-так көңүл бөлүүгө.
Ниетти түздөп туткан болсоң катасыз,
Жаратканым чыгараттыр төрүнө.

Жан жаратып ар тараптан өзгөчө,
Чоң кичине арык толмоч көлөмдө.
Пенде үчүн кереметин аябай,
Эс акылды пайдалан деп көөдөндө.

Айт, Арапа, Шектик, күндүн паркы бар,
Бул күндөргө жетпеген бар жеткен бар.
Орозодо ал дүйнөгө аттанса,
Бейиш жактын берээр алкыш баасы бар.

Төгөрөктүн төрт бурчуна карайлы,
Бир тарабын кыбыла деп санайлы.
Көңүлгө албай ооздон чыккан сөздөргө,
Кечиришип дилди агартып барайлы.





## БӨБӨК КЕТТИ УУЗ СҮТҮ КЕТЕЛЕК

*(Түрк боордошторго)*

Көз ирмемде болуп кетти кырсыктар,
Көз жумушту нечен чыгаан кыйындар.
Канча китеп, ыры калды акындын,
Жашайт эле эл оозунда, кылымдар.

Бобок кетти, ууз сүтү кетелек,
Вантик байлап окуучу кыз секелек.
Иштен келип, үй тарапка, бет алган,
Жоокер кетти бутун чечип, чече элек.

Эне кетти, эсин жыйып жыялбай,
Калгандары көз жаштарын тыялбай.
Жигит кетти толуп турган куракта,
Турмуш күтпөй сүйгөн кызын кыялбай.

Ата кетти, атын токуп мине албай,
Айдап малын адыр тоого чыгалбай.
Уста кетти шаймандары чачылып,
Үй тургузуп кышын тизип кынабай.

Келин кетти кээрип жүгүн жыялбай,
Көзүн жумду, аяк бутка туралбай.
Мындай апаат кайдан билсин болоорун,
Кош айтышты ойноп күлүп жүрө албай.

Аргасыздан Аллаа салган ишине,
Ыраа көрбөй, адам эмес итине.
Жардам берип жатып калдык кыргыз эл,
Башка салган ат көтөргүс жүгүнө.

Кайрат кыл деп алыс жактан алкадык,
Баргандардан катуу салам айталык.
Оор жоготуу, өкүнүчтүү болду го,
Аргабыз жок бетке батаа тарталык.

## МУГАЛИМ БҮГҮН БАКТЫЛУУ

*(Акыркы коңгуроого)*

Жаш жеткинчек, канат күүлөп учаар күн,
Ойлонушуп, толгонушуп атпай түн.
Кайда барам кандай өмүр кечирем,
Айтып койбойт кулагыма, эч бир, ким.

Адам бол деп агай айткан сөзүнө,
Ал сөздөрүн, чыгарбашка төгүнгө.
Оң тарапка, кадам шилтеп барайын,
Билим алып, көрүнөйүн көзүнө.

Бактылуу күн бүгүн эжей агайга,
Ак мээнети чачылбаптыр талаага.
Эмгегинин натыйжасын каргөзгөн,
Ыраазы го, алкыш алган балага.

Жүздөрүнөн ажаайып нур төгүлдү,
Көңүлдөрү, чар тарапка бөлүндү.
Тандаганда мыктыларын сыйлыкка,
Окуучусу жылдыз болуп көрүндү.

Алпурушуп талыкпаган эмгекке,
Чыдап келет ар тараптуу себепке.
Үй жумушу, али мектеп багыты,
Жаны тынбайт түйшүк менен күн кечке.





## АЛМА БАКТЫ АЙЛАНЫП

Жүрөм секиин алма бакты айланып,
Ыр жазууга калем кармап шайланып.
Кыйла жылдар отургузган дарактын,
Коздугуна көз жүгүртүп таңданып.

Өрүк бакты жүрөм секиин айланып,
Өзгөчөрөөк, жазсамбы деп шайланып.
Отургузган ээси кеткен өмүрдөн
Айла жоктон тагдырыма байланып.

Куштун үнү кулагыма жаңырып,
Тез - тез келем ошол үндү сагынып.
Сайраганы мага суроо бергендей,
Качан келет бактын ээси табылып.

Өмүр чиркин жаш карыга карабай,
Канча жыл бар чектеп жашын санабай.
Даамын татпай, дайнын таппай, калды го.
Дарактары жетим калган баладай.

Өстүргөнсүң өксүтпөстөн баландай,
Сураган жок суу берчи деп чаңкабай.
бирок сени жоктоп турат жол карап,
Окшото албай башка адамды карабай.

## ТАЗА ЖҮРӨК НАРИСТЕГЕ

Ар бир иштин көзүн тапса көйгөйү жок,
Кай бир ишке көнбөгөндүн жөндөмү жок.
Мээрим төгүп өз баладай кабыл алсаң,
Таза жүрөк наристенин өгөйү жок.

Жамгырсыз шибер чөптүн көктөмдү жок,
Булгаса көлдүн жээгин көркөмү жок.
Кылган ишти кынтыксыз биле албасаң,
Көмүскөдө калып калды көргөнүң жок.

Көрбөгөндүн көргөнү, курусун дейт,
Көөдөнүң жок келбеттү сулуусуң дейт.
Ички дүйнөң ириңдеп турса даагы,
Кылган ишиң кимге жагып дуруссуң дейт.

Өгөй деп айтылган аты жаман,
Жазыксыз бир бечаара жетим калган.
Турмуштук келишпеген мамиледен,
Тамак эмес ууну жутуп жан чыдаган.

Аны кимдер калкаалап башын сылайт,
Жан дүйнөсүн канатып, кимдер булгайт.
Жазыксыз таза жүрөк наристени,
Муңканып кимдер баалап муңун, ырдайт,
Койнун ачып жаратканым өзү сыйлайт.





## ЖИК ТҮШҮРБӨ ТУУГАНГА

Жүрөктөрүн өтөт жарып, ойлонбогон сөздөрүң,
Андай сөздү тууган эмес, душманга ыраа
көрбөгүн. турмушуңда макал,
лакап какшык менен сүйлөсөң,
Билесиңби жалгыз жашап, калаарыңды бир өзүң.

Баардык жакын адамыңдын сыйы болот өзүнчө,
Тилди тартып орду-ордуна койо билсең көбүнчө.
Сыйды билбей сыртан карап
сыйрып турса мүнөзүң,
Кайын журттун же туугандын
өтө албайсың төрүнө.

Таасир этет балдарыңа, мындай жаман сапатың,
Бир боорлордун ортосуна жипсиз тузак саласың.
Түбү бекем бир туугандар эч бир жака бөлүнбөйт,
Бир бурчту ээлеп өзүң эле четке чыгып каласың.

Ойлойсуңбу жат көрүнүш,
турмуш үчүн жат жагын,
Бараткан жол багыты жок,
кыйшык болуп калаарын.
Тууган үчүн меерим төгүп, кыздын сыйы башкача,
Аны кимдер адаштырып, бөлүп жикти салаарын.

Бөлбөгүнүң мен айтаарым,
туугандардын ортосун,
Жуурулушуп бири-бирин, түгөлдөшүп жоктосун.
Бир уядан канат жайып, учуп чыккан куш болуп,
Жүрөктөрү жараланып алсыз болуп сокпосун.

## КАЛЫС БААСЫН БЕРИПТИР

Саарқы салам!ыракмат деп айталам,
Чын жүрөктөн кайта-кайта кайталайм.
Колдопсуңар эжеңерди кубаттап,
Алган окшойм Нурдананын колунан.

Мейли бирби же болбосо экибиз,
Ал мен үчүн бийиктикке жетүүбү.
Баалап-барктап берген болсо ыракмат,
Бул жөн гана көпүрөдөн өтүүбү.

Силер даагы көпүрөдөн өткүлө,
Жакшы ырларды жаадыңардан төккүлө.
Көөдөндөгү көлкүлдөгөн үрөөндү,
«Дүйнө таануу оодагына» сепкиле.

Аракетим бийиктикке жетиптир,
Ат арытып «Алма-атадан» келиптир.
Канча ырдын катарлашкан сабынан,
Карап туруп калыс баасын бериптир.
«Орден медал» тагынып ал дешиптир.





## УЛУУ СӨЗ КАЙДА КАЛДЫ

Улуулар кайда барды,
устав сөз кайда калды.
Ойлонбой ортолукка,
Кара сөз сөз таштай салды,
Жаш акын жабырланды,
Жакшы ырга жакын барды.
Сыйлоого акыбыз бар,
Ыр жазган акындарды.
Асыл сөз кайда калды,
Аксакал кайда барды.
Жакшы деп жазган элек,
Ырыбыз пырга айланды.
Кара сөз сырга айланды.
Кара көз кайда калды,
Кай бирин окуй албай.
Каарыгып талып калды.
Жакшы ырлар кайда калды,
жашынып жатып калды.
Улуу сөз кайда калды,
Урматын таппай калды.
жаңы акын кайда калды,
Жабыркап жарга барды.
Калыстар каарын салды,
Кайрылып кача албады.
Чыдабай чындык үчүн,
Чыйрыгып чыга калды.
Орто акын түшүнбөдү,
Кимгедир жүгүнбөдү.
Жакшы сөз угуп кулак,
Эч качан сүйүнбөдү.

Айттым да койдум мен да,
Аргасыз болгонумда.
Тээмасын койбодум да,
Тек кана ойлодум да.
Чынында тааныбадым,
Жазышкан айрымдарын.
Тааныган Баймырзанын,
Талантын мен бааладым.
Баардыгың жакшы көрөм,
Жамандык эч кыйбаймын.
Бир ырдын изи менен,
Жазууга мажбур болдум.
Дептерге колду койдум.
Ыр ээсин табат калыстык элге жагат,
Жарашып заманыбыз,
Жаштарга берсин канаат.





## КАБЫЛ АЛДЫҢ САБЫҢА

Ыраазымын улуу кичүү жалпыңа,
кабыл алдың, катар баскан сабыңа.
Сүйүнөмүн төрдөн оорун берсеңер
Кайын журтум Кара кулжа калкыма.

Сыймыктанам гелин болуп барганга,
Сыйга барсам, төрдөн оорун алганга.
Сары камыштын тузу насип этиптир,
Башымды иээм тагдыр буйруп калганга.

Ыр жазууну аз да болсо буйруптур,
Жашоо мени камыр кылып жууруптур.
Колдон келсе аттангыың кызым деп,
Камчы берип жолум оңго буруптур.

Аз да болсо ыр жазууну болжодум,
Жашым өттү бел ашууда жолдомун.
Алла буйруп, чыгып калды китебим,
Жакындарым окуйт деген ойдомун.

## ШАПАТ УРСАҢ БИРДЕЙ ДОБУШ ЖАҢЫРАТ

Күйөө балдар саламдашып калышат,
Анда - санда, конок болуп барышат.
Казан аяк кокус кетсе кагышып,
Күнөөлүдөй башты жерге салышат.

Шапат урсаң бирдей добуш жаңырат,
Бир - бирине түшүнүшпөйт таарынат.
Ай мончоктой уул кыздары көбөйсө,
Экөөнө тең чооң көпүрө салышат.

Ынтымакта бирге доорду сүрүшөт,
Маңдай жарып жакшылыкка күлүшөт.
Сабыр менен чыдап жашоо кечирсе,
Өмүр бою жетелешип жүрүшөт.

Урматтаган күйөө балам бешөө бар,
Бойлору тең бир-бирине барабар.
Бажыраят беш алтыдан балдары,
Дуба кылып турсам мага жарашаар.





## АРАМЗА АДАЛ ООКАТ ЖОГОТКОНУҢ

Өмүрүңдүн жалыны, өчө электе,
Кызыл нур, ай жүзүңдөн кете электе.
Адамча, адам болуп өмүр сүргүн,
Кадырыңды кор кылып тебелетпе.

Жарык турса караңгыга бой таштаба,
Тоготпосо, тор жайып кол таштаба.
Өзүңдөгү баа жеткис акыл эсти,
Бирөөлөрдүн артынан пайдаланба.

Акыл эсти алыстан издебегин,
Көзү жаман көпөстү ким дебегин.
Буйрук берсе аткарып жүрө берсең,
Өзүңдүн ким экениң билбегениң.

Кең дүйнө, кең ааламдан дем албасаң,
Океан шар аккан суу кече албасаң.
Арамза, алал оокат жоготконуң,
Алты саның амандыгын сезе албасаң.

## ӨМҮРҮҢӨ КОЛ САЛБА

Сен жашагын, кетээриңе шашылба,
Ажал сурап, жипти салып чакырба.
Ооруган жан өлө бербейт баарысы,
Көңүлү бош, көөдөнүңө сатылба.

Келген өмүр, кетээри бар бир күнү,
Ажал деген, жолго чыгат бир түнү.
Жашооң сенин, мүнөтүң да чектелет,
Каалasaң да, ойноп күлүп жүрүүнү.

Ажал улук, жаш карыга карабайт,
Сенин жашың, канча экенин санабайт.
Канча өмүр кандай турмуш кечирдиң,
Жаман жакшы ким экениң тандабайт.

Мен жазганды, көөп акындар жазгандыр,
Алар даагы бир топ жашка баргандыр.
Кетсе даагы жакындарын кыя албай
Табытына жан киргизип салгандыр





## ӨТКӨН КҮНДӨР КАШ КАБАКТЫН ОРТОСУ

Аалам гезип ар тараптуу ыр жаздым,
Айга чыктым, күнду коштоп бир бастым.
Канча жашоо өтсө дагы өмүрдөн,
Ачуусун да туз - шекерин мен таттым.

сүйүнүчтү кайгыны да көп көрдүм,
Бул ааламдан ата энемди өткөрдүм.
Бир муун кетип экинчиси жаралып,
Кыздарым бар уулдарыма сөөйөндүм.

Жамгырын да карын, басып жиредим,
Жакын эмес, алыыс жакты тиктедим.
Аралаштым ар тараптуу жаранга,
Көрө албастык жаман сөздү билбедим.

Өткөн күндөр каш кабактын ортосу,
Өмүр өтөт бир күн келет коштошуу.
Сүрөт сүйлөп карегинде катылып,
Балдарыңа оор болот жоготуу.

Көөп жашадым белди байлап бекемдеп,
Ата -эне өлмөк байыртадан мурас кеп.
Куран окуп күндө мени жоктосоң,
Ойлоп жүрөм түз бейишке кирем деп.

## КӨТӨРӨЛҮ КӨҢҮЛДҮ

Канча жаздым, өмүр менен өлүмдү,
Канча көрдүм, таштай каткан көңүлдү.
Асман жердин, ортосунда жашадык,
Бирде күлүп, бирде көз жаш төгүлдү.

Адам үчүн өмүр кымбат тураарын,
Ден соолугуң, башка нукка бураарын.
Ойлонбостон чак эткенде сезебиз,
Жаныбызды алып анан тынаарын.

Ойлой жүрсөк эске салып өлүмдү,
Шарияттын жүргүзгөн бул өкүмү.
Алдын ала ден соолукка кам көрүп,
Жашоо кымбат көтөрөлү көңүлдү.

Эч жамандык каалабайлы адамга,
Өзүң менен,өзүң болбо садага.
аздыр, көптүр ашып турса байлыгың,
Мээрим төгүп барайлы биз жардамга.





## АКЫН ЭЖЕЛЕРИМЕ

*(Байисбек)*

Бирөө ыйлайт, кан жүгүрүп ичинен,
Кайрат кайтып, курчтук кеткен мизинен.
Ак көңүлдүк, тазалыктын айынан,
Кордук көрдү, далай жакын кишиден.

Эч аянбай жакшы ишти кылыштан,
Соопчулук деп, жанын үрөп тырышкан.
Кайдан билди? Жандай көргөн адамдар,
Калп жылмайып аңга түртүп тынышкан.

Ыр жаратсак жүрөк менен өтөт деп,
Мактанабыз жандүйнөбүз таза деп.
Күчтүү жазат, а билими жок бирок,
Ошолорду көрө албайбыз, таза кеп.

Оюу терең, күчтүү чыккан сөздөрү,
Ушуларга бийик бааны беремин.
Тыныш белги, болсо болор тех.ката,
Өнөрлөрүн, сыйлап Баринуса эженин.

Кулакка түй, көрө албайбыз дегеним,
Эч ким билбейт, өмүр өтчү ченемин.
Кыргызымдын жалпак тилин колдонгон,
Ырын оку, ушул акын эженин.

## БАРИНУСА САГА ГҮЛДЕСТЕ

*(Кудагыйдан ыр белек)*

Ыр жазыпсың кынагандай кыш коюп,
Жүрөгүңө жалындаган күч толуп.
Уча бергин жеткин ошол бийикке,
Талантың ташкындаган акын болуп.

Оттой жанган, жаштыгың өткөн менен,
Өнөрүңдү көргөзбөй жүргөн белең.
Көөдөнүңдө көлкүлдөгөн ырларыңды,
Жаза бергин талыкпастан кенен - кенен.

Ырларыңды жаз - жаза бер токтобо,
Бүттү го деп, токтоор кезди болжобо.
Көөдөнүңө, эргүү келип турганда,
Көөнөрбөгөн ыр жараткын октоло.

Ыр куржундун оозун ачып бошоткун,
Ыр жолунан ашып сенден озот ким.
Артта калбай жүргүн даайым алдыда,
Чабаладары жетпей сага болот тим.

Ырды окуп маанисине токтолсом,
Улуу акын, эжелерге окшотом.
Жолун улап, курч ырларды жаза бер,
Обончулар обон созуп коштогон.

Ак жол сага ыр майданга келишиңе,
Тилектешмин максатыңа жетишиңе.
Ырды жазып калемиң курчуй берсин,
Токтолбостон жолду улап кетишиңе.





Бар бол курбум эмгегиңдин үзүрүн көр,
Бул жашоодо насип кылсын кутту төр.
Төрдүн көркү үйдүн куту өзүңсүң,
Уул кызыңдын урмат сыйын көрө бер.

## КЫЗГА КЫРК ҮЙДӨН ТЫЙУУ

Кыз бактым кыя баспа деп,
Кыялың бизге ташта деп.
Чачыңды сылап бой жеттиң,
Кыйыткан, сөздү байка деп.

Силкинип катуу кагынба,
Болбогон сөзгө таарынба.
Тарбия көргөн катары,
Тамагың пышыр табында.

Энеси, сүйүп кыз өбөт,
Эжени көрүп сиңди өсөт.
Атаңдын төрү алтын так,
Айбаны толо гүл өнөт.

Ал гүлгө конот көпөлөк,
Ал бийик учат көкөлөп.
Пактадай багың ачылып,
Сыйласын жарың бөпөлөп.

Жабык бойу от жаксаң,
Жалын кылбай өчүргүн.
Жаман жакшы кеп уксаң,
Жайнап туруп кечиргин.

Түндүк бойу от жаксаң,
Түтүн кылбай өчүргүн.
Түрдүү түмөн кеп уксаң,
Күлүп туруп кечиргин.

Энеңдин сөзү эптүү сөз,
Башканын сөзү кектүү сөз.
Байкабай чечим чыгарба,
Шашылсаң болот чектүү сөз.

Кайнене десе катынба,
Каймана кепке сатылба.
Апаңдай кылып сыйласаң,
Көп өмүр жашайт жаныңда.

Кайната десе катынба,
Какшык бир сөзгө сатылба.
Атаңдай кылып сыйласаң,
Ар күнү жашайт жаныңда.

Кыз бала кымбат дедирген,
Кырк үйдөн тыйуу берилген.
Ойлонуп сөзгө жооп берсең,
Оорундуу чыгат кебиңден.

Какшык сүйлөп күлбөгүн,
Каймана өмүр сүрбөгүн.
Жылмайып жалган күлбөгүн,
Жабыркап өмүр сүрбөгүн.

Жаркылдап жайнап жүрүүңө,
Балпайып өмүр сүрүүңө.
Ата энең кошо бактылуу,
Батаасын берет күнүгө.





## МЕҢДИБАЙ КУТ БОЛСУН ДИАНА КЫЗЫҢДЫН ЖЕҢИШИ

*(№ 63 «Октябрдын 70 жылдыгы» орто Мектебинин окуучусу, менин классташым Меңдибайдын небере кызы парламенттик аппаратка кошулду.)*

УУлбу кызбы, перзент үчүн толгонуп,
Бешик термеп алдей айтып сооротуп.
Актаса деп «Ата-Эненин ак сүтүн»
Тилек м-н өстүргөнсүң ойлонуп.

Үмүтүңдү бериптир го кудайым,
Өмүр берсин өлчөбөстөн ылайым.
Бийиктиктин туу чокусун багынтсын,
Сыймыктанып саамай чачын сылагын.

Сенин берген тарбияңды териптир,
«Жаратканым» кетпес дөөлөт бериптир.
Билим алып, көрсүн эми үзүрүн,
Ошон үчүн ПАРЛАМЕНТКЕ келиптир.

Төрт тарабы төп келишкен кыз болсун,
Тилегине жетип эл-журт колдосун.
Өмүрү узун ден соолугу чың болуп,
Ырыскысы чайпалбасын, жык толсун.

## ТОКОН АГАГА

Токон ага ырдын кенин казасыз,
Кээ учурда жылдыз болуп жанасыз.
Муун алмашып, мурдагыга көз салып,
Таамай жазып, тап-так айта аласыз.

Туура айтылып турмуш көйгөй таарыхы,
Бирде толкуп бирде секиин агымы.
Бой жеткенде «АЛТЫН ШАКЕК» жаңырып,
Эңсеп калдык, кайсыл жигит
(колубузга) тагууну.

Сиздер жигит, чачты сылап оң жака,
Биз да вантик такпай калган убакта.
Бирөө толук, бирөө арык, бою узун,
Сулууларга көз таштаган куракта.

Жашоо мыйзам чыгарды го өкүмүн,
Бир сулуунун сылагын деп көкүлүн.
Ошол мыйзам так сакталып жашоодо,
Өмүр бою пешене тер төккүнүң.

Төккөн болсоң жашайсың деп узакка,
Түшпөйсүң деп жаман жолго тузакка.
Мөөрүн басат ата энебиз кол коюп,
Жетелешкин, жүз жаш берген куракка.

Ошол жакшы ырлар менен жашадык,
Бой келбетке сын сыпатка карадык.
Балалыктын таттуу ширин күндөрүн,
Аргасыздан кош дегенге жарадык.
Өтүп кетти жаш курактын көркөмү,





Ошондогу көркү, жоктой көктөмү.
Сулуулуктун суктандырган сезими,
Эми кайра бүчүр байлап өсөбү,
Өкүндүрөт убакыттын өткөнү.

## ДАМИРБАЙГА

*(Пегас группа)*

Ысык көлдүн түбүндөгү тузундай,
Кайкып учкан канаттуу жан кушундай,
Ыңаалаган добушуңдан ыр чыгып,
Төрөлүпсүң төрт тараптын бурчундай.

Тилиң - диниң ыйман, кошо чыгыптыр,
Ар тараптуу акын жака буруптур.
Илим-билим тарбияңдын таасири,
Чачырабай сымбатыңа уюптур.

Туулган күнүң куттуу болсун демекмин,
Ырдан курап, сөздү, белек бермекмин.
Үй-бүлөөдө жылдыз болуп жанып тур,
Балдарыңа өмүр бою керексиң.

## ҮЙҮМ ТУРАТ САГЫНЫП

Келип кетем сагынганда айлыма,
Үйүм турат каранам, жан жагыма.
Туткан буюм кол иштерим күткөнсүп,
Көз жүгүртүп салам берем баарына.

Жаштык өтүп баскан изим бурулаар,
Булактан суу, арык толуп куюлаар.
Ошол жансыз, мен урунган буюмдар,
Кор болгонсуп, аянычтуу туйулаар.

Келдиңби деп төрдө илинген сүрөтүм,
Жакын барып, көөпкө, туруп сүйлөштүм.
Өзүңдөгү, өчпөйт менин жаштыгым,
Сунгум келди суурул берип жүрөгүм.

Короомдогу, дарак менен сүйлөшүп,
Сени менен канча өмүр күн өтүп.
Балдарымдын, мотурайган кезинде,
Селкинчек тээп асман бойлоп күүлөнтүп.

Башка жерде кандай өмүр кечирсем,
Бир териде канча арыктап семирсем.
Алла берген, аманаттык жашоодо,
Жаштык кылып канча күнөө кетирсем.

Элестеттим, көөп ойлонуп отурдум,
Бир кем дүйнө, жашоодо, бар жогумдун.
Балдарымдын тентек маалын эскерип,
Жоруктарын жүрөгүмө толтурдум.





## ЖИЙДЕШ АБИРОВАГА

*(Көркөм окуу)*

Көөп акынга ыр саптарын арнадым,
Алар үчүн түрдүү калем кармадым.
Коңгуроодой коңур чыккан үнүңө,
Сага арнап жазбаптырмын арманым.

Жийдеш деген жарашыктуу атыңа,
Жарашат го баалап парктап айтууга.
Көркөм окуп тегиз көңүл аласың,
Акысы бар ар бир Акын жазууга.

Акын жазган ырдын багын ачасың,
Тап-так окуп такалбастан айтасың.
Угармандын ийиньине жеткирип,
Жүрөгүнө ырды жүктөп саласың.

Сен жөнүндө кандай айтсам жарашат,
Кереметтүү үнүң кимдер талашат
Таазим кылам талантыңа алтын кыз,
Акындарың узун өмүр каалашат,

## ГУЛЯ ЖАҢЫБАЕВАГА

*(Кызыма)*

Ыр сен үчүн жайдакталып калбайттыр,
Сени менен тоо аралап ашат кыр.
Жан киргизип ыргак менен окуйсуң,
Жазган инсан бир кумардан канаттыр.

Ар адамдын таланты бар өзүнчө,
Калбаса дейм көрүнбөстөн көмүскө.
Аздектегин айрымаң бар башкадан,
Ырлар сени чыгарат го төрүнө.

Талант менен тааныш болуп жүрөбүз,
Болбосо дейм башка жактан күнөөбүз.
Өнөр багып өркүндөтүп кетүүгө,
«Күнгө чыгып, Айды кармап» түшөбүз.

Көркөм берген ар бир ошол ырларга,
Күбө болгун жакшы айтылган сырларга.
Өнөрүңдүн өргөөсүнө чыгып сен,
Баткын, даайым бакыт менен жыргалга.





## МААРАКЕ КУТ БОЛСУН КУРБУМ

*(Урматым менен Ташполот)*

Ар дайыма жайнап турсун берекең,
Аман болсун сен төрөлгөн кең мекен.
Бир туугандын аман-эсен тынчтыгы,
Бар байлыктын ашып түшөр дем экен.

Акындыктын оор жүгүн артынып,
Атың чыгар Ала-Тоого дүң кылып.
Акындардан алга чуркап калемиң.
Атың калсын бул өмүрдө из салып.

Асыл курбум мен ушуну каалаймын,
Атыңдан да, асылдыгың баалаймын.
Аз өмүрдө мүдөө-тилек ишке ашып,
Ачык асман, кенен болсун таалайың.

## АЧУУ ЧЫНДЫК

Мен да жүрөм карылардын санында,
Кошо жүрөм жакшылардын сабында.
Ичпейт эмес бир аз ичип көргөнбүз,
аяш жолдош курдаштардын жанында.

Жаш кезекте болот бир аз жаңылыш,
Жаңылганга болбосунчу таарыныч.
Биз Акындар ырга айлантып жазабыз,
Түшүнүшпөй болуп кетет кагылыш.

Акын жазат чындык үчүн күрөшөт,
Кемчилдигин айтып бир аз жүдөтөт.
Ыйманы терс аксакалдар жок эмес,
Уяткарып ырга жазып сүрдөтөт.

Көңүлү бош жумшак адам көп ичет,
Убаданы бере-берет миң ирээт,
Ичпей коюп ит кыламын шашпа деп,
Башы оорусa кайра арака жүгүрөт.

Сактайлычы карылыктын кадырын,
Өчүрбөйлү жаш жүрөктүн жалынын.
Ач жылаңач жатып калса көчөдө,
Көзгө илбей көпчүлүктүн барлыгын.

Үлгү болуп кең келечек түзөйлү,
Арак деген аркан жипти үзөйлү.
Аксакалдык жашты берген гудайым,
Башты ийип таазим кылып жүрөйлү.





## ДТО ТАЛАНТТАРЫНА

Ыр жазган акын ыр менен жашайт түбөлүк,
Ыр жазып алат мактоолор алкыш күбөлүк.
Сезимге салып ар тарап жакшы ырларды,
Оорубай эсен аман соо жашап жүрөлүк.

Дүнүйө талант ОДАГА жүргөн Акындар,
Тандалып барган таймашка чыккан жакындар.
Дүйнөнүн түрдүү дэнгеелин жазып багынткан,
Байгелүү оорун утушка жеткен Асылдар.

Согушту жазып сооротуп элдин жүрөгүн,
Ыр менен таптың аялуу конуш түнөгүн.
Каалабайт эч ким ошондой согуш апаатты,
Келечек муундун билебиз Тынчтык сүйөөрүн.

Сүйүүнү жаздык сүрөттөп сүрөт чийгизип,
Сүрөткө салдык кан тамыр жашоо жүргүзүп.
Эне ата сүйгөн эркелеп жашайт дүйнөдө,
Өзүндө болгон Атуулдук парзын билгизип.

Сиздерди баалайм сиз деген сөзүм оозумда,
Жүргөнсүйм бирге катарлаш басып жолуңда.
Ар тарап улут Акындар жүрсө жанымда,
Ызаттап сыйлап көтөрүп алам мойнума.

## СҮРӨТТӨГҮ ЖАШТЫГЫМ

Качанкы үстүмдөгү сейлон көйнөк,
Сүрөтүмдө өңдөн өчпөй өмүр сүрөт.
Сиз даагы апамдай жаш белеңиз?
Неберем мыйыгынан тиктеп күлөт.

«Ак Чыныгы» жоолугум башта жүрөт,
Гүлдөрү күбүлбөстөн өмүр сүрөт.
Канча кылым жашаса да жансыз элес,
Көз ирмебей согуп турат ошол жүрөк.

Сиз даагы жаш белеңиз деген сөзү,
Кайда жатат тереңдеген сөздүн төрү.
Чычалап теригүүнүн кереги жок,
Буурул тартып турган болсо чачтын өңү.

Сүрөт турат илинип дубал бетте,
Ыргытылган кийимдер түшүп эске.
Чын чырайлар чылаадан да чыгат экен,
Деген сөзгө ишендим тиктээп кечке.

Мезгил өттү карыдым деген менен,
Кайрылып кол булгасаң келбейт экен.
Өкүнбөй ден соолуктун камын ойлоп
Жаратканга жалынып терең-терең





## ФРУНЗЕ

Фрунзенин оттору кандай жанган,
Ошол мезгил өмүр сүрүп кимдер барган.
Улуту кыргыз эмес орус болуп,
Ал ким болгон,тарыхта кандай адам.

Орус, кыргыз көөп улуттар жашап конгон,
Темирдей тартип менен закон болгон.
ФРУНЗЕ ишмер инсан көрүнүктүү,
Татыктуу болгон үчүн атын койгон.

Ушул ырдан, ар бир жаран таасир алат,
Ошол күнгө кайрылып жашап калат.
Автордун чыгармасы өтө күчтүү,
Обонун да уккан сайын кумар канат.

Чыгарма ыр түрүндө курч жазылган,
Тарыхты кыска нуска чагылдырган.
Шаар ичи чакан бирок коозлук берип,
Көз алдына, көлөмү бүт тартылган.

Жөнөкөй студенттик көз караштан,
Таасирдүү элес алып ыр жараткан.
Паезия сүйүүчү жарандарга,
Ыр менен оюн толук баяндаган.

## КАНЫҢ КЫРГЫЗ КЫРГЫЗ БОЙДОН КАЛА БЕР

Ыйман үчүн эч сын пикир айта албайм,
Куран окуйм өз тилимде кайталайм.
Кимге кандай жашоо берет жараткан,
Туура эмести туура экен деп санабайм.

Бөлөк типте узун чапан кийишсе,
Каны кыргыз экендигин билишсе.
Азгырылып бир аз акча тыйынга,
Ак жүрөктү канжар сайып тилишсе.

Бетин жапса күн шооласы не керек,
Көйнөк кийсе этек жеңин тебелеп.
Өздөрүнө жаккан болсо жашоосу,
Санаа тартып саргайууга не себеп.

Жараткан соң барсак болду бейишке,
Акысы жок элди экиге бөлүшкө.
Зиярятты кылган менен ичи тар,
Мүмкүн калат кире албай эшикте.

Айрымалап, адам бол деп жараткан
Бой келбетиң турпатыңа жарашкан.
Чырайыңды чылап койсоң ылайга,
Жөргөмүштөн анан эмне айрымаң.

Каның кыргыз кыргыз бойдон кала бер,
Өз жолуңда мечиттерге бара бер.
Өз диниңде өз салтыңда кийинип,
Атаң баскан узак жолду баса бер.





## КЫЛЫМ БАСКАН ТАРЫХТАН

Биз ким элек, ким болдук заман тагдыр,
Кылым баскан жашоого, кайрылат ыр.
Ар кесипке жөндөмү бар ошол кезде,
Таланттардын сөөгү да табылбастыр.

Мыйзам жашоо талабы кандай болгон,
Техника болгон эмес күч колдонгон.
Төрт дөңгөлөк арабаны пайдаланып,
Өйдө-төмөн журт которуп көчүп конгон.

Орустарга кошулууну каалабаган,
Кедейлердин эмгеги бааланбаган.
Орустардын максаты теңдештирүү,
Кыйынчылык жараткан канчалаган.

Он алтынчы жылында жел токсондо,
Казак менен кыргызга жол тосcондо.
Ай балтасын колго алып каршы чыккан,
Курал - жарак түрлөрү болбогон го.

Өйдө-төмөн дүрт этип дүрбөлөңгө,
Жерин берип жайдак калып жүрбөгөнгө.
Орустарды каапыр деп каалабаган,
Каршы болгон кошо өмүр сүрбөгөнгө.

Шайлашкан чыгаандарды арасынан,
Казак Кыргыз калың журт калаасынан.
Элдешкенге эгер сөзгө келе албаса,
Кырып салгын Казакстан талаасынан.

Орустар өз бооруна тартабыз деп,
Мынакей силер биздин, картабыз деп.
Бай кедей теңсиздикке жол бербейбиз,
Макул болсоң түшүндүрүп айтабыз деп.

Түшүнбөстүк үркүн болуп тарап кетти,
Үрөөндү бөлөк бөтөн жерге септи.
Жеткен жетти жетпегени жолдо калып,
Кош айтышып суукка тоңуп кете берди.

Ал учурдун тарыхы татаал кенен,
Академик Прафесор жазып кеткен.
Аралыктан муун кетип доор алмашып,
Улуттар! биригишти канча тектен.

Келечектүү багыттабыз бир жолдобуз,
Биригишип бир чөнтөктө колдорубуз.
Эркиндик эгемендик колго тийип,
Бир туугандай ынтымакта жашоодобуз.





## ЖЫЛДЫЗДУУ ТҮН

Жымындаган ЖЫЛДЫЗ чыгат күнүгө,
Сүйүшкөндөр, кимдер экен билүүгө.
Жылдыздарга көңүл деле бурушпайт,
Айды карап көктөн түшкөн сүйүүгө.

АЙГА деле ким экени баары -бир,
Торго түшкөн томуктай жаш селкидир.
АЙ жылдыздын алдындагы убада,
Иш жүзүндө болжоп эч ким билбестир.

Жылдыз учуп Ай да батып баратат,
Таттуу сүйүү талаш - тартыш жаратат.
Бир - бирине тойбой турган көз караш,
Алар үчүн бир заматта таң атат.

Мырза жигит келечектин ээсиби,
Кош тизгинди колго алып кеттиби.
Ай жылдыздын алдындагы ак сүйүү,
Ошол селки максатына жеттиби.

## НЕ САХАР (ШАКАР ЭМЕС)

Үйдөн да кафелерди аваз көрдүк,
Тамшанып тамактарын сүйүп жедик.
Көрүнөө эмес көмүскө жагын көрүп,
Жийиркеничтүү абалын билип сездик.

Жетекчиси кандай жоопту берди экен,
Ал тамакты өздөрү да жеди бекен.
Киргизбей журналистин жолун тосуп,
Уяты,бир нерсени сезди бекен.

Көрбөсөң мактап аны дей бересиң,
Ширин деп издеп барып жей бересиң.
Төлөгөн акчаң бирок өзүңө адал,
Келбей коюп кутулганым жакшы дейсиң.

Үйдө бышкан тамагыңдын даамы болсун,
Эгерде бош болбосо сенин колуң.
Таракан аралашкан даамдан көрө,
Айран катык атала абдан сонун.

Тойлор өткөн шарты жок тоолордо да,
Асфальт эмес ылай шагыл жолдордо да.
Сооп издеп көпчүлүктөн бата алып,
Өткөргөн жакшы иштерин домдордо да.





## КЫЗ УЗАТТЫМ ТӨРҮМӨН

Күткөн ээлем буюрдуу го периште,
Бөпөлөдүм, болоп «Арча бешикке».
Бүгүн Ак той, кол кармашты колуңар,
Бактың үчүн бар - бара гой, кечикпе.

Мен тапшырам таалайыңа багыңа,
Кошкон жигит кошо жүрсүн жаныңда.
Эл араалап сени колдон жетелеп,
Олтургузам Ак Сарайдын тагына.

Кармашкан кол, ажырашпай түбөлүк,
Амандыгың тилеп күндө жүрөлүк.
Беш көкүлүн тарап үйдөн чыгардым,
Бөлүндү го бөйрөгүмдөн бир бөлүк.

Аманатың тапшырайын өзүңө,
Кабыл алдым бир ооз айткан сөзүңө.
Келин, эмес кыздай көрүп күтүп ал,
Өткөрүп алгын, кайын журттун төрүнө.

## КАРА КУЛЖА САЛТТУ ЭЛ

Тил жагынан таза кыргыз калк болуп,
Жайгашкан го дайра жээкте, жыш толуп.
Өз дининде өзгөрүшпөй жүрүшөт,
Жакшы жакка жанаштырып бут каюп.

Жылга бойлоп жакын эмес узун жол,
Жакшы жакка багыт алып созуп кол.
Чыгаандар көп ар түр Кесип ээлери,
Ошолордун жолун жолдоп адам бол

Алыс жерде,ала тоонун боорунда,
Аркар кулжа, Алайкуунун жолунда.
Соронбайлар, ырдын пири Рыспай,
Төрөлүшкөн, ошол тоонун койнунда.

Тоону беттеп, жайда чыккан, жайлоосу.
Максаты бар конок күтүп жол тосуу,
Шамал жиреп, чыккан ырдын, ыргагын,
Зуулдаган, унаа коштойт жолдогу.

## АРУУ ЗАТ КЛАСТАШТАРГА

Классташтар! сыйлуу белек берейин,
Сөздүн сөзүн ырдын гүлүн терейин.
Ар бириңдин оордуң бар баа жеткис,
Баалап парктап эске салып өтөйүн .

Эже агайды кээде угуп укпаган,
Токтоно албай жүрөгүбүз туйлаган.





Өтө күчтүү болгон экен билими,
Салыштырам дале эсимден чыкпаган.

Окуучулук ошол өткөн күндөрдү,
Жаштык кылып жактырышпай жүргөндү.
Эске салам парталарга секирип,
Бизди тосуп көз кысышып күлгөндү.

Коркоор элек биз силерден бекинип,
Бир заматта жетээр элең секирип.
Бир сүйдүрүп койчу алдагы жүзүңдөн,
Деген сөзгө калат элек, тэригип.

Жаш экенбиз сүйүү бизге келе элек,
Турмуш күтүү баасын анда бере элек.
Сулууларга секиин катты жөнөтүп,
Жетсе жетип же болбосо жете элек.

Бой жеткенде тоготушпай калганбы,
Беттен сүйүп пайдаланып алганбы.
Баарыбызды аттап өтүп жактырбай,
Бөлөк жактан жубай издеп барганбы.

Классташтар тагдыр жолго барбаппыз,
Никелешип айлыбызда калбапбыз.
Түндүк бою коюу түтүн булатып,
Этаждаган кирпич үйдү салбапбыз.

Жашы жетип армияга барчы эле,
Катуу тартип сын сыпатка салчы эле.
Форма кийип келбетине жарашып,
Көз кыйытып кыйынсынып калчы эле.

Ага чейин ыргытылган таш болуп,
Барып калдык бир жигитке куш конуп.
Бекем кармап куштун боосун чыгарбай,
Өмүр сүрдүк түбөлүккө кут болуп.

Күндөр өтүп жетимишке таядык,
Саламдашып жакшы ишке жарадык.
Аз өмүрдө жолугушуп тез-тезден,
Маарекеге бирге аттанып баралык.

Өткөргөн күн арман эмес балалык,
Өзүбүздү бактылуу деп санадык.
Ата - Эненин тарбиясын аттабай,
Алар баскан жолго кадам таштадык.

Артыбызда балдар турат тирелип,
Ар биринин үйлөрүндө гүл өнүп.
Ошол гүлдүн тамырына суу берип,
Кең келечек кең заманды түзөлүк,
Урматташса сыйын көрүп жүрөлүк.

## МААРЕКЕ САПАРЫНА

*(50 жылдык жолугушуу)*

Жай мезгил! тыпылдаган тамчы жааңды,
Күткөнбүз, чырыйттаган саратанды.
Даагы да күтүүп келем үмүт менен,
Майрамдын, жаңырса деп ыр күү шаңы.

Жакындап маарекебиз келип калды,
Жашыбыз жетимишти таяп барды.





Шүгүр деп жарык жанган жашообузга,
Чыккан бар, чыкпагандар сапар алды.

Күн келсе! Күлүп жайнап кезигели,
Ойготуп, уктап калган сезимдерди.
Тартынып, айталбаган учур болгон,
сүйүүбүздү, же сенде же мендеги.

Айталы! катып койгон терең сырды,
Сүйөм деп, ким - кимдерге көөнүн бурду.
Ал башка, ак никеге баратканда,
Кош айтып,там артында кимдер турду.

Сызылып жүрөк төрткө тилиндиби,
Шилтенбей бутуң ээрчип жүгүрдүбү.
Айталы ошол күндү жомок кылып
Элүү жыл сагынышкан жүрөктөрдү.

Карылык чачты буурул баскан кезде,
Баарысы түшүп турат келип эске.
Карегиң айткан менен карылык бар,
Кайтарып, келиш кыйын он сегизди.

Көңүлдөр! көтөрүлсүн, ырдап бийлеп,
Жакшы сөз каалоолорду арнап сүйлөп.
Күн батып, жылдыз тарап таңдар атса,
Муузыка, ыргак менен комуз күүлөп.

Тоо бетинде торгойлор үн салышат,
Конгон жерин багыттап үн алышат.
Торгойчо да болбосок кандай болдук?
Өмүрлөр өкүндүрүп шашып жатат.

Биз жашоодон башты салып чарчадыкпы,
Зеригиштүү, тынч уйкуну тандадыкпы.
Элүү жылда эмне көрдүк эмне таптык,
Келгиле бир жаштыкка кайтайлычы.
Элүү жылды эскеришип, айталычы.

## ЭЛҮҮ ЖЫЛ ЭСТЕ КАЛДЫ

Бүгүн мен! оң колума калем кармайм,
Ай толгон, ажаайып жай, жазды баалайм.
Бирге окуп, бир партада бой түзөгөн,
Кымбаттыгын, класташтын ырга жазам.

Мен жазам! ар биринин, сый урматын,
Аярлап мамилесин, кылдаттыгын.
Элүү жыл, артта калып, жылдар өтүп,
Бирин-бири, эч качан кыйбастыгын.

Бир күндөй! билинбестен өткөн менен,
Эске түшүп жаштык кез, көз ирмемден.
Кез келип, жолугушуп сүйлөшкөнгө,
Не жетсин, убакыт бар, күндөр кенен.

Биригип! ой бөлүшүп, кол көтөрдүк ,
Күн сайын, коштоп колдоп биз көбөйдүк.
Күнүбүз жетип келди мына бүгүн,
Отузубуз, ойноп күлүп, түз жөнөдүк.

Шар аккан туп-тунук сууну көрдүк,
Кылчайып, кылдат карап, көңүл бөлдүк.
Жээгинде, музыканын коштоосунда,
Обон созуп ырдадык дух көтөрдүк.





Шаркыратма! шары бар, тоо боорунда,
Кереметтүү кооздук бар тоолорунда.
Бизге буйруп, эс алдык класташтар,
«Салкын төр» эс алуу борборунда.

Ар биринин! өзгөчө келбети бар,
Уюштурган, урматтуу, төрөсү бар.
Кеңешип-кесе салган бармагы бар,
Угуп туруп, маакул болгон, тармагы бар.

Биздин даагы Мамасадык төрөбүз бар,
Төрайым бар, Сонянын сөздөрү шар.
Чечимди чеги менен айтасалган,
Чегинен четтебеген асыл, бир жар.

«Кызыл-үңкүр» кыргыздын төрү кенен,
Таза аба жутуп келдик терең -терең.
Үч - күндүк убакыттын аздыгын айт,
Тарадык турмуштук жагдай менен.

Ыраазылык сөздөрдү тегиз айттык,
Келиндерге батааны бетке тарттык.
Ар бирибиз тилек-тилеп сөздү сүйлөп,
Сый урматтын коногу болуп кайттык.

## ЖОЛДОШУМДУ ЭСКЕРИП

Кээ бир учур батып калам санаага,
Бараткансып багыты жок талаага.
Жалгыз калган зеригиштүү учурду,
Шылтоо айтып сездирбеймин балама.

Ойлор менен таң атып күн кечкирип
Сен жактырган көйнөк өңдөн эскирип.
Карылыктын доорун сүрбөй экөөбүз,
Мен бул жакта сен бейиште бекинип.

Эки кызга, Алла таалам коштубу,
Бейиш бактан күтүп сени тостубу.
Көөдак балдар өтүп кетсе өмүрдөн,
Жетелейт, дейт кыса кармап колуңду.

Түгөй болуп биринчи ирээт кошулган,
Өтүп кетсе бул өмүрдөн кокустан.
Экинчиси, бара албайт дейт жаныңа
Кыз жубайың, кучактайт дейт мойнуңан.

Ушул сөздү апам мага айтчы эле,
Турмушумдан тез-тез кабар алчы эле.
Ажырашпай бирге өмүр сүргүн деп,
Таасирдүү сөз тарбияга салчы эле.

Ажырашпай жашап өмүр сүрүпмүн,
Кыялымда бөлүнбөйм деп жүрүпмүн.
Улгайганда урматташып жүрөм деп,
Сексен токсон жүздү күтүп жүрүпмүн.





## КЫЛЫМ БАСКАН ТАРЫХТАН

Биз ким элек, ким болдук заман тагдыр,
Кылым баскан жашоого кайрылат ыр.
Ар кесипке жөндөмү бар ошол кезде,
Таланттардын сөөгү да табылбастыр.

Мыйзам жашоо талабы кандай болгон,
Техника болгон эмес күч колдонгон.
Төрт дөңгөлөк арабаны пайдаланып,
Өйдө-төмөн журт которуп көчүп конгон.

Орустарга кошулууну каалабаган,
Кедейлердин эмгеги бааланбаган.
Орустардын максаты теңдештирүү,
Кыйынчылык жараткан канчалаган.

Он алтынчы жылында жел токсондо,
Казак менен кыргызга жол тосондо.
Ай балтасын колго алып каршы чыккан,
Курал - жарак түрлөрү болбогон го.

Өйдө-төмөн дүрт этип дүрбөлөңгө,
Жерин берип жайдак калып жүрбөгөнгө.
Орустарды каапыр деп каалабаган,
Каршы болгон кошо өмүр сүрбөгөнгө.

Шайлашкан чыгаандарды арасынан,
Казак - Кыргыз калың журт калаасынан.
Элдешкенге эгер сөзгө келе албаса,
Кырып салгын Казакстан талаасынан.

Орустар өз бооруна тартабыз деп,
Мынакей силер биздин, картабыз деп.
Бай кедей теңсиздикке жол бербейбиз,
Макул болсоң түшүндүрүп айтабыз деп.

Түшүнбөстүк үркүн болуп тарап кетти,
Үрөөндү бөлөк бөтөн жерге септи.
Жеткен жетти жетпегени жолдо калып,
Кош айтышып суукка тоңуп кете берди.

Ал учурдун тарыхы татаал кенен,
Академик Прафесор жазып кеткен.
Аралыктан муун кетип доор алмашып,
Улуттар! биригишти канча тектен.

Келечектүү багыттабыз бир жолдобуз,
Биригишип бир чөнтөктө колдорубуз.
Эркиндик эгемендик колго тийип,
Бир туугандай ынтымакта жашоодобуз.





# ХАНГА ТААНДЫК УВАЗИРДИН ЖАКШЫСЫ

*(Агайдын ырына карата)*

Саясаттын түшүпсүз го түбүнө,
Кеме даяр буруп койсо сүзүүгө.
Чөгүп кеткен баткак бутту табалбай,
Садыр байкуш жээкти карап күтүүдө.

Отуз жылдык оорду толгус коротуу,
Садыр үчүн болду го оор жоготуу.
Батып калган беш манжаны тарта албай,
Болуп жатат эптеп элди сооротуу.

Пансианат кимге тийген пайдасы,
Атканасы чыгып калган жайдагы.
Түш көргөнсүп өңүндөгү нерсени,
Айхайласа табылабы аргасы.

Сиздики да меники да туурадыр,
Билип билбей тетириге бургандыр.
«Ханга таандык увазирдин жакшысы»
Таза адамдар тебеленип тургандыр.

## ЖУМУЛДУ КӨЗ ОШОЛ БОЙДОН КӨРБӨДҮ

*(Насирдин Исановго)*

Кырк, үчүнчү, жылдын бир күз айында,
Көк белиндин, буурул аткан таңында.
Жигит келди ооз тийип таң нурун,
Мен төрөлдүм! турам элим жанында.

Укту! сени, элиң жериң тоолоруң
Кыргыз элди көтөрүүнү болжодуң.
Жүрөк таза бир муштумдай түйөм деп,
Калкан болуп, кайрып катаал жолдорун.

Карааныңа канжар уруп сайышты,
Эрки жетпей, тилсиз жоону салышты.
Кыргызым деп согуп турган жүрөктү,
Тең экиге ажыратып салышты.

Табыт кетти, даанышмандык өлбөдү,
Эмгектериң өркүндөдү өрдөдү.
Калайык калк, кабыргасы кайышып,
Жумулду көз ошол бойдон көрбөдү.





## КӨК БӨРҮДӨ КӨЙГӨЙ

*(Ат майданда)*

Ызатыңды билбедиң кайран элим,
Бир муштумдай, түйүлүп жүрсө дедим.
Сабырыңдын, кеткенин көрүп туруп,
чыкпай калды саамга менин демим.

Ошсуңбу талассыңбы бирдей мага,
Жакшылык, оомат тилейм баарыңарга.
Ош элимди кадырлап отургамын,
Кадырыма көө жаптың, кочкул кара.

Жеңгендин, жеңилүүнүн, тартиби бар,
Чыр чыгарган чыккынчынын кесири тар.
Ойлонгун ооматту кыргыз элим,
Эч качан баклашка болбойт курал.

Жер үстүндө жарыкты тандабасаң,
Чыр менен мыйзам жолун тандап, алсаң.
Аргаң жок жооп бересиң эл алдында.
Маанай ачкан майрамды каалабасаң.

## АТА ЭНЕДЕН ТЕЛЕФОНДУН КЫМБАТТЫГЫ

Сулуу өңдүн, сумсайган, түрүн көрдүм,
Жап -жаш кыз сүт оозунда, туюп сездим.
Кимге капа, ким бирөөдөн сөз уктубу,
Олтуруптур, башты салып, көңүл бөлдүм.

Мени карап көздөн жаш сүртүп алды,
Өзүн бир аз, ыңгайсыз сезип калды.
Капаланба, чырагым түшүнөм мен,
Жүргүн үйгө сүйлөшөбүз алды жайды.

Мен апама, бир азга капаландым,
Мен оюмду, тик карап айталбадым.
Кылсам деле, кылбадың тел чукуйсуң,
Неге мынча, жүрөгүмдү жараладың.

Деди даагы, кол көтөрүп уруп салды,
Аз келгенсип, атам да, кошулуп алды.
Жогол үйдөн, чыгып кет керегиң жок,
Телефонумду, бир чапса сынып калды.

Мейли кызым капаланба, чай ичип тур,
Секиин барсам милиция олтуруптур
Дедим даагы, сүрөтүн тартып алып,
Ата энесин, кабарлап сен жолуктур.

Ата энеден телфондун кымбаттыгы,
Сый урмат сымбатына сыйбастыгы.
Пайдасын, же зыянын түшүнө албай,
Келечек, кең дүйнөсүн, туйбастыгы.





## ЫРААЗЫЛЫК САЛАМ

САЛАМ! айтам башымды ийип жаныңарда,
Улуу кичүү эже агайлар жалпыңарга.
Балалыктын балдай ширин жемиштерин,
Таттым окшойт сиздердин, көз алдыңарда.

Адам бол деп ар тарапка бурдуңуздар,
Аппак таза назик колду сундуңуздар.
Өзүңүздө, өзгөчөрөөк бар билимди,
Окуучунун мээсин ачып куйдуңуздар.

Талаштыкпы, тамашага чалдыкпы,
Байкабастан биз таарынтып алдыкпы.
Ак кайыңдай асман тиреп өс деген,
Сөзүңүздү, четке кагып салдыкпы.

Кечириңиз аруу таза жандарым,
Уяңардан учурууга камдадың.
УЗУН өмүр ЧЫҢ ден соолук каалайбыз,
Чалыкпаңыз, чарчабаңыз, талбаңыз.

## АСМАН ЖЕРДИН ОРТОСУ

Пенделербиз жакшы сөздү жараткан,
Терең ойду терип элге тараткан.
Кабыл кылып келе жаткан жаштар көп,
Намаз окуп ыйман жолго бараткан.

Көпчүлүктүн, кээ бирөөсүн тыялбай.
Кээде кетет акыл эсин жыялбай.
Ыйман- ынсап берсин дейли аллахым,
Айткан менен, жолун оңго бура албай.

Дарыланган, аш тамактын таасири
көөдактарга тийип анын кесири.
Күн кур эмес жардам сурап кайрылса,
Жаның ачыйт бул эмненин белгиси.

Баардыгына, адам байкуш чыдаган,
Кырсык болсо, бир үй бүлөө кулаган.
Кечээ күнү үч наристе бир кетти,
Жазыксыз жан ошолордо не арман.

Түрлүү, түркүн машина көп айдаган,
Жүргүнчүгө эки көзү жайнаган.
Көрө турган, күтүп турган жашоосун,
Акча үчүн тузак тартып байлаган.

«Аалам кенен Асман жердин ортосу»,
«Пенделердин эркин жашоо ордосу»
Ошол аалам, тартуу болгон пендеге,
Жараткандын болсун бизге колдоосу .





## ТАЕНЕҢДИН СӨЗҮН УГУП КАБЫЛ КЫЛСАҢ

Кызымдын, караап, тоюп жаштыгына,
Күзгүдөн, карадым жаш, калыбыма.
Балдары элес албайт ушул кезин,
Жайнаган, жанып турган, жамалына.

Балдарына, айтаар элем жөндүү сөзүм,
Апаңдын караап, тойгун сулуу көзүн.
Сулуулук, суктандырып тура бербейт,
Ажаарына, арман кылып калба өзүң.

Аттанып, жолго чыккан сапарына,
Аман жүр көпчүлүктүн катарында.
Кабыл кылат тилегин, жаштардыкын,
Дуа кыл баш жазданып жатаарыңда.

Учурун, өткөрбөстөн кадырлагын,
Баалагын, ар тараптуу, жакшы жагын.
Бул небере кыз балама, таандык сөзүм,
Көзүмө жаш айланып сага жаздым.

Таенеңдин, сөзүн угуп кабыл кылсаң,
Урматтап, кызын сыйлап, баалап турсаң.
Ал сага, мөлтүрөгөн тунук булак,
Толтуруп, жан дүйнөңө буруп куйсаң,
Таенеңде арман жоктур көзду жумсам.

## КОМУЗДУН КОШТООСУНДА ЧОҢОЮШКАН

Күү чертсе ыргагына кулак төшөп,
Жан дүйнөң аруу таза үндү сезет.
Кылдары, манжа тийсе дирилдешип,
Жүрөккө кан жүгүртүп жарып өтөт.

Аздектеп, Ата-бабам колдонушкан,
Жаш балдар күүгө балкып чоңоюшкан.
Кейиштүү бир кокустук болуп кетсе,
Күү чертип күйүтүнө толгонушкан.

Өрүктөн кооздоп туруп комуз чапкан,
Үч кулагын тепкесин ойлоп тапкан.
Ыргагы бир ажаайып үн коштосо
Күүнүн башы Камбаркан, деп ат коюшкан.

Бир айылдан, бир айылга таркап сөздөр,
Көргөндө ишене албай көргөн көздөр.
Комуз чапкан, усталарды урматташып,
«Кыргызымдын Аспабын бийик көтөр»,
Өлбөсүн түбөлүккө ушул өнөр





## САЛАМДЫ ДА АЙТА ТУРГАН ЭЭСИ БОЛОТ

Ак таңдын, бата турган кечи болот,
Жазганга, ак кагаздын бети болот.
Оюнду, оорундаткан жаратканым,
Саламды да, айта турган, ээси болот.

Сүйүүнүн да, сүйө турган чеги болот,
Сулуунун, суктандырган, бети болот.
«Сөз менен кыстарылган какшык кеп бар»
Кыйытып, сүйлөп кеткен кеги, болот.

Мезгилдин, токтобостон өтөөрү бар,
Кээде кенен, кээде кууш жолдору тар.
Ат баспайм, деген жолун миң басат го,
Тагдырдын, оор жүгүн көтөрүү бар.

Жаратман, жакшы адамдын ойлору бар,
Жакпаса, баспай коёт жолдорун ал.
Көргөн көз уккан кулак жазыгы жок,
Кейиштүү жүрөгүндө толгонуу бар.

Туугандардын, төбөлөшкөн жаңжалы бар,
Талаш -тартыш, чечилбеген арманы бар.
Үй жайын, дакументке чегерип алып,
Соттошуп, душман болуп жүргөнү бар.

Кек эмес, кечирүүнүн болжолунда,
Кармаса, жакшы нээтти колдоруна.
Тогуз ай бир курсакты жарып чыккан,
Үстүндө Ата-энесин ойлонушса.

## КУБАНЫЧ

Азаматсың! айтпай кетсем болбостур,
Сезимдүү жан сени коштоп колдойттур
Алибетте көп түкүрсө көл болот,
Аккан суубуз агып турса соолбойттур.

Элдик ишке эрте жетет сезимиң,
Колдоо табат сунуш кылган көп ишиң.
Көз тийбесин сөз тийбесин өзүңө,
Көрө албаган болсо керек көп кишиң

Мен да колдойм колдоп келгем өзүңдү,
Бир ооз айткан,элге күйгөн сөзүңдү.
Жолду оңдоп соол иштериң эл үчүн,
Туугандарга,ай төбөдөн көрүндү.

## ӨМҮРДӨН ӨТТҮ БИЛИНБЕЙ

*(Адия)*

Карааны кетти көрүнбөй,
Калчы эле бизден бөлүнбөй.
Балдары калды жаш бойдон,
Сөздөрү кетти төгүлбөй.

Мылтыгы калды асылып,
Кез келген жерде катылып.
Уул үйлөп кызды чыгарбай,
Ойлору кетти чачылып.





Тон күрмөө калды кийилбей,
Тору аты, калды минилбей.
Бир азга жамгыр жаап өттү,
Издери калды билинбей.

Көздөрү тоюп тигилбей,
Той берип үйгө сүйүнбөй.
Көкүлүн сылап кыз калды,
Өлүмгө кыйып түңүлбөй.

Колумда жүрдүң жашында,
Жеңе деп менин кашымда.
Балдарым менен тең өстүң,
Агандын жүрүп жанында.

Шайыр мүнөз жан элең,
Дос аяш баарын күлгүзгөн.
Тагдырдын салган ишине,
Кош айттың жалпы эл менен.

Бейишин берсин жараткан,
Ааламга ыйман тараткан.
Ата энең тууган уругуң,
Тосушсун бейиш тараптан.

## ДУА КЫЛАМ БАШТАРЫНАН БАК КЕТКИС

Жаш мезгилде жүрөк туйлап токтобой,
Ай жылдарды кол булгалап коштобой.
Мезгил келип ушул күнгө жетипмин,
Убакыттын өтөөр кезин болжобой.

Кудаа келип кулдук уруп кетээрин,
Кызым эмес кызы, бойго жетээрин.
Мен өзүмдү жап-жаш сезип жүрүпмүн,
Сезбептирмин куштай учуп өтөөрүн.

Мейли дедим карылыктын келгенин,
Аппак карды саамайыма сепкенин.
Небере эмес чеберге кут кылсын,
Ак батаамы даайым берип келемин.

Экөөнө тең бакыт тилейм баа жеткис,
Дуа кылам баштарынан бак кеткис.
Кармашкан кол түбөлүккө бир болуп,
Ажырагыс! арасынан кыл өткүс.





## КАЙНАГАБЫЗ КАЛЫБАЙГА

Жаздың беле бир акындын арманын,
Кээде ырдап кээде жаза салганын.
Кези келсе айта салып ыр менен,
Эл ичинде, эч бааланбай калганын.

Арабызда бааланбаган акын көп,
Сүйлөгөнү уйкаштыгы сөзү төп.
Түйшүк менен алпурушуп күн кечке,
Мал жандыкка камдай салып кышкы чөп.

Айлыбызда кайнагаңар бар деген,
Ал жөнөкөй карапайым жан экен.
Үйгө келсе кайненебиз этият,
Келиндерди ырга кошо салчы экен.

Тез кыймылдап дастарконду жая сал,
Каймак майың эмнең болсо коё кал.
Аа жеңекем начар келин алды деп,
Ырга кошуп шорубузду берет ал.

Ал кайнага эл оозунда калыптыр,
Ыр жыйнагын сыр сандыкка салыптыр.
Чиймеленип барак бетке жазылбай,
Балдарына арман болуп калыптыр.

Карапайым Жөп-жөнөкөй жан болгон,
Галыбай бирок (Ари кал) деп ат койгон.
Жалгыз уулу уучун улап келет ал,
Кыз балдары неберге жык толгон.

Өтүп кеткен жүрсө керек ыр кошуп,
Барган болсо тууган урук жол тосуп.
Ыры менен бейиш бакты аралап,
Жемиштерин бирден терип жеп койуп.

## ГУЛИЗА АЯШ КЫЗЫМА

Москванын тузу насип кылыптыр,
Турмушундун арабасы жылыптыр.
Жол көргөзүп эже ага синдиңе,
КӨЛДҮ көздөй Тамчы толуп куюптур.

Сендей назик кичи пейил кызыма,
Ыраазымын мага арнаган сыйыңа.
Сен да мендей баатыр эне наам алып,
Наристенин тойгун Татту жытына.

Кайда жүрсөң узун болсун өмүрүң,
Кайгы муңга чөмүлбөсүн көңүлүң.
Эсен болсок жүз көрүшүп жүрөөрбүз,
тузагына туш келбесек өлүмдүн.

Бир өзүңө китеп сунам белекке,
Насаат ырым жарайттыр деп керекке.
Аяш энем жакшы инсан эле деп,
Даайым сактап түйүп жүргүн жүрөккө.





## КӨП ТУУЛГАН КҮН КУТ КЫЛСЫН

*(Кызым Мейликанга)*

ООба балам даайым сени Түгөлдөйм,
Он болсо да оордуң башка жүдөбөйм,
Апа болуу сага насип буйруптур,
Учуп чыктың тарбиялуу бүлөөдөн.

Ай мончоктой балдарыңа апасың
Түзөй турган жумушунда катаасын.
Өмүр жашың узун болсун чырагым,
Дале болсо мага жап-жаш баласың.

Бакыт менен бактылуу бол өмүрдө,
Жакшы жагын даайым сакта көңүлгө.
Дарбазаңдын кармап турган туткасы,
Сыйлуу конок кадырласаң төрүңдө.

Жаркылдаган сулуу кызым деп жүрөм,
Маңдай жарып шаңкылдаган күлкүңдөн.
Апа болдуң ар тараптуу жагынан,
Мээрим төксөң, балдарың да сүйүнгөн.

Ак булутту аралап жүр ар даайым,
Узун өмүр чың ден соолук каалаймын.
Ыраа көрбөйм эч жамандык баарыңа,
Алты саның амандыгын баалаймын.

## ТУУЛУПСУҢ ТУРПАТЫҢА ЖАРАШЫПСЫҢ

*(Зуура досума)*

Туулган күнүң өмүрүңдө көөп кездешти,
Балалык мезгилдериң кайда кетти.
Көз ирмемдей көрүнбөй өтүп жатат,
Талант болуп ак баракка чиймеленди.

Талантың ташкындап ага берсин,
Көл болуп ашып кетсе бизге келсин.
Уул кыздарың узартып чыйыр жолду,
Түптөп кеткен түшүмүң терип жесин.

Бүгүн туулсаң эртеңки күн жарык чачсын,
Түбөлүк түгөнбөгөн таңдар атсын.
Багыттаган байсалдуу максаттарың,
Тамчыдан дайра болуп ташкындасын.

Сен азыр учуп жүргөн эркин жансың,
Аппак таң ай нурундай жарык чачсын .
Эмгегиң эл ичинде кадырын таап,
Жаштарга паезияң тамчыласын.





## ЭНЕ БОЛУУ ЭНЧИЛЕНГЕН САДАГАМ

*(Кызым Бегзаадага)*

Уулуң ыйлаак чыдадың го жан балам,
Эне болуу энчиленген садагам.
Бири ыйлаак бири болот жоошурак,
Мен да сендей ар бириңе чыдагам.

Турмушуңда оор жеңил салмагың,
Алла берген кымбат белек балдарың.
Алган жарың ар тараптуу түшүнсө,
Кыйналсаң да болбойт сенин арманың.

Сооротосуң кээде туруп ыйлайсың,
Саартан кечке түйшүк тартып тынбайсың.
Бийлеп турса кылыктарын чыгарып,
Унутасың көөдөн толуп жыргайсың.

Ыйлаак балаң ачып койот багыңды,
Жөн ыйлабайт тилек кылат жаныңды.
Өмүр берсе ыйман жүктү көтөрүп,
Ошол түптөйт олтурган сый тагыңды.

Балдар сыйын насип кылып көргөн бар,
Баалабаган канча жашын төккөн зар.
Көз тийбесин сөз тийбесин чырагым,
Балдарыңа мээрим төгүп багып ал.

## МАЙРАМДЫК ЖАРЫШ

*(Жалпы сары камыш айымдар камандасына)*

Биз майрамдык маанайларды ачалы,
Кадам таштап алга карай басалы.
Кутту болсун төрдүн көркү апалар,
Камандага тамаша ыр баштайлы.

Биздин Айыл төрт бөлүккө бөлүнөт,
Кыз келиндин, каш кирпиги төгүлөт.
Көрө албасаң, жакын жерден байкабай,
«Төө моюнда» Текебиздин жанынан,
Жандай барып, карай калсаң көрүнөт.

***Береке камандасына***

Береке деп, берекеси төгүлгөн,
каманда бар этек жактан көрүнгөн.
Ынтымакка жөрмөлөп да жете албай,
Мончок болуп, көз жаштары төгүлгөн.

Бирок айтсам чеберлери чекеден,
Алгылуктуу кол иштери көп экен.
Шырдак кийиз патирлари баа жеткис,
Пейилдери океандай кең экен.

***Ынтымак камандасына***

Каманданын өз-өзүнчө аты бар,
Биз ынтымак ыроологон паркы бар.
Ар кесиптин ээси болгон айымдар,
Бири врач,мугалимдик паркы бар.





Даайым келет биринчини багынтып,
«Байчечекей берекени» таарынтып.
Төө минсе да, ат минсе да, жете албай,
Кыйкырса да,бакырса да,жаңыртып.

***Байчечекей камандасына***

Каманданын аты аталып айтылган,
Байчечекей бажырайып ачылган.
Аларда бар нарктуу парктуу эжелер,
Көмөктөрүн көргөзүшөт, салттулар.
Жумагүлдөй эжебиз бар асылдар.

Уйуштуруп бизди алга сүрөгөн,
Элди сүйүп журт кадырын түптөгөн.
Айсулуудай эжебиз бар бактылуу,
Тарых болуп жазылды окшойт бүтпөгөн.

## ДЕПУТАТ МЫРЗАГА

Өткөн заман койчуну колдоп келген,
Түйшүктүн кыйындыгын туйуп сезген.
Таягын кармап алып кой артынан,
Жамгырда да өйдө төмөн жерди кезген.

Сыйлаган орден медал төшкө тагып,
Тонналап көмүрүн отко жагып.
Жүнү менен Союзду кармап турган,
Кой баккандын кадыры ушунчалык.

Депутат мырзага айтаар кебим.
Бир күндүк кезүүгө чыкса деймин.
Шорголоп мойнунддан суу агызып,
Кой баккандын түйшүгүн сезип келгин.

Пешене тер төгүшүп акча тапкан,
Тоо ташты ташыркабай күндө баскан.
Туманда туура басып бараткканын,
Бир заматта жоготуп таппай калган.

Орустар ошон үчүн парктап алган,
Жүзүнө - жүз козу деп милдет салган.
Милдетин аткарган чабандарга,
Салык эмес мойнуна Орден таккан.

Билбесең билип алгын, иничегим,
Ойлонбой сүйлөп алып илинбегин.
Чоон маселе көтөрдүм элиме деп,
Жанылыштың жар салып сүйүнбөгүн.





## ЖЕҢЕҢЕН ЫР БЕЛЕК

*(Ош кайрык биримдик кординаторы Бактыгүлгө)*

Сүйүү келет бир убакта ойготуп,
Туш көрөсүң түн уйкундан ойгонуп.
Ошол түшүң өңүм болуп калса деп,
Карап коюп терезени ойлонуп.

Бактылуусуң туштөй болуп оңүңдо,
Баардык сапат сакталуу го өзүңдө.
Ырга жазсак кандай айтсак жарашат,
Кемтиги жок бажырайган көзүңдө.

Балдарыңдын атасы бар өзгөчө,
Баа бере албайт жакын жерден көрбөсө.
Колдогон соң бакта гүлсүң бактагы,
Тамыр жайып чар тарабың гүлдөсө.

Турмушунда жөп-жөнөкөй аялсың,
Кыялың жок жумшак мүнөз аяарсың.
Тууган урук кайын журтту сыйлоого,
Дастаркондду жайып даайым даярсың.

Сендей жанды эч ойлонбой баалайсың,
Бирге жүрүп бир басууну каалайсың.

## СЫНОО БЕРЕТ КЫШ АЙЫ

Эрте менен жамгыр, карга айланыптыр,
Себелеп, аппак болуп жер жайнаптыр.
Бак дарак аппак көйнөк кийинишип,
Үлбүрөп жалбырагы саргайыптыр.

Бул күндө кыш өкүмүн жүргүзөбү,
Булут каптап, көрүнбөй, күн жүрөбү.
Аяздуу сууктун ызгаар шамалында,
Коёндор да, жем издешип жүгүрөбү.

Кар менен жалбырактар жерге түшүп,
Чырыйттап чымчык конуп шакта үшүп.
Өмүрүн убактысын эсептебей,
Канча кыш канча жазды өткөрүшүп.

Жылуу жерди Самаган чабалекей,
Адаты бар жазда келип кышта кетмей.
Убактысын уттурбай күн эсептеп,
Ал жөнөйт эч ким менен эч кеңешпей.

Ошентип короодогу мал жаныбар,
Ченелип оттой албай баш таңылаар.
Бошотсо чыгып калат мал сарайдан
Болбосо чыла кечип таң атыраар

Кыштын да өмүр сүргөн жашоосу бар,
Тайгак болуп муз тоңуп жолдору тар.
Паам паразат чеберчилик талап кылган,
Адамга тартуулаган сыноосу ал





## ЖАШ ЖЕТКИНЧЕК ТАПТАЙЛЫ

Билет чыгаар мурун кийин тарыхты,
Жазып койдум билгенимди аныкпы.
Биз жазалы даңазалап даңктайлы,
Караңгы эмес тийип турган жарыкты.

Кимдер кимдин жакшы экенин баалаган,
Жик түшүрбөй жаракасын жамаган.
Пенделиктен пейилибиз тар болуп,
Көрбөй туруп төмөн жакты караган.

Болсо деймин салт санааны сактаган,
Келечек муун жаш жеткинчек таптаган.
Аксатпаса адамдыктын кадырын,
Дини - тилин айткан сөзүн сатпаган.

Адам болуп адамдыгын сактаса,
Тилим бар деп ок чыгарып атпаса.
Шек келтирбей ата-эненин сөөгүнө,
Кадам баскан изин жакшы аттаса.

## КАЙРАТ АЙТАМ

*(Азиз Мурадиловго)*

Кайрат айтам! Апасына жарына,
Кайрат айтам, ага тууган жалпыга.
Өткөн өмүр өксүтөт да өкүнтөт,
Кайрат айтам, отурбаган тагына.

Кайрат айтам! кайрылбаган үйүнө,
Кайрат айтам, ажаар, ачкан жүзүнө.
Сыздап калды үй бүлөөсү кан жутуп,
Кайрат айтам ар намыстуу күчүнө.

Кайрат айтам! баскан турган жолуна,
Кайрат айтам, бирге иштеген тобуна.
Кайран бала төгөрөгү төп келген,
Кайрат айтам, кийилбеген тонуна.

Кайрат айтам! үзөңгүлөш досуна,
Кайрат айтам, ырыскылаш коңшуга.
Байкабастан бастың бекен жаман жол,
Кандай түштүң, бул оорунун торуна.

Кайрат айтам! бүтпөй калган ишиңе,
Кайрат айтам, мээрим төккөн сүйүүңө.
Ата жолун колдоп ишке ашырып,
Түшөөр деймин, уул, кыздарың изиңе.

Бала чакаң эсен жүрсүн артыңда,
Кыргыз эли калың журттун жанында.
Алла таалам мээрим берип колдосун,
Бейиш болсун сенин барган жагыңда.





## КЫЙБАТ КЫЛБА АДАМГА

Ай ааламга карагын,
Бейпилдикти самагын.
Сыйлаганым ушул деп,
Окуп тургун намазың.

Көңүл ачып күлсөң да,
Көз жашыңды сүртсөң да.
Ыраазы бол аллага,
кандай өмүр сүрсөң да.

Сүйүнүчтөн ыйласаң,
Көңүлүңдөн сыйласаң.
Кыйбат кылып артынан,
Көрө албастык кылбасаң.

Онтогон оору жаман,
Оюңду онго бөлөт.
Алдуулар алсыздардын,
Алдына болот бөгөт

Пенде болот жаңылышат,
Артын салып таарынышат.
Узаак өмүр жашоо берсе,
көзү жетпей каарыгышат.

Адам бизде жүз болот,
Кызыл тору түс болот.
Көрө билсең алыс жакты,
Баскан жолуң түз болот.

Милдеттүү иш талабың,
Жаса иштин аягын.
Пешенеңден тер чыгат,
Татасың туз, бал, майын.

Ай эсептеп санабай,
Арт жагыңа карабай.
Шүгүр кылып жашайлы,
Оң тетири тарабай.

## БЕШ МАНЖАҢ ТЕҢ ЭМЕС

Намазы жок макулук пенде дебе,
Намазыңды мактанып эч бир бөлбө.
Алла таалам пендесин,бирдей көрөт,
Жаккан болсо барып калаар бейиш төргө.

Намаз окуп, кылган иши кыйшык болсо,
Ичине ит айланбай муздар тоңсо.
Окуган намазым бар кечирет деп,
Жаадыңда жаттап алып түк ойлонбо.

Пендесине аллахым ыйман берет,
Үмүт күтүп, жашоого ал да келет.
Бейишти көрбөй туруп жолун тоспо,
Мүмкүн ал сенден башта кирип кетет.

Текебер мактанып аша чапкан,
Иши эмес сөзүнөн бакыт тапкан.
Беш убак намазды бетке кармап,
Экиге элди бөлүп отун жаккан.





Бирөө жашайт турмушта тутка болуп,
Бирөө жашайт көөдөнү муңга толуп.
Көз ирмемде капыстан кырсык чалып,
Ден соолуктан айрылып бут жоготуп.

## ЖАМГЫРДЫН ДА БАГЫТЫ БАР ӨЗҮНЧӨ

Жамгырдын да өчүрүттү жетиптир,
Чаң бастырып бир себелеп өтүптүр.
Күндүн ыссык аптабына жооп кылып,
Багыт алып, башка айылга кетиптир.

Жамгыр жааса жердин бетин тазартып,
Күн бүркөлүп булуттарга жанашып.
Суусуз өмүр гулсуз көңүл ачылбайт,
Селкилердин бетин сылайт жашартып.

Суусап турган тамырлар да суу ичет,
Кези келсе бажырайып күн тиет.
Төрт мезгилдин багыты бар өзүнчө,
Булар даагы буйруктарга баш ийет.

Төрт мезгил тең жашоо үчүн керектир,
Жараткандын буйруганы жететтир.
Бирөө келет бирөө кетет өмүрдөн,
Алла таалам жазган буйрук себептир.

## ЖАЙДА КЫШТА БИРДЕЙ ӨМҮР СҮРӨБҮЗ

Күз жакшы деп энчилеп мен бөлбөдүм,
Күзгө деле толуп турат көөдөнүм.
Жааса жамгыр жерге түшсө жемиштер,
Тебелебей секиин четтеп өтөмүн.

Булут качып күндүн көзү көрүнсө,
Шоола чачып жер бетине төгүлсө.
Мейкиндикти аба каптап жел жүрсө,
Өзгөрүлүп чар тарапка бөлүнсө.

Ай - Ааламды жаратылыш жандаган,
Чынжыр өңдүү бир-бирине байланган.
Кезек менен келээр жагын күтүшүп,
Өз өзүнчө ырыскысын камдаган.

Адам үчүн айрымасы бир азга,
Шашпайлычы барабыз кай тарапка.
Күз жай кышты жашап өмүр сүрөбүз,
Токто албай жүрөбүз го бир саамга.





## «ҮЛГҮЛҮҮ» ОРТО МЕКТЕП КЛАСТАШТАРГА

*(1972-1973ж)*

Классташтар! сыйлуу белек берейин,
Сөздүн сөзүн ырдын гүлүн терейин.
Ар бириңдин oopдуң бар баа жеткис,
Баалап парктап эске салып өтөйүн .

Эже агайды кээде угуп укпаган,
Токтоно албай жүрөгүбүз туйлаган.
Өтө күчтүү болгон экен билими,
Салыштырам, дале эсимден чыкпаган.

Окуучулук ошол өткөн күндөрдү,
Жаштык кылып жактырышпай жүргөндү.
Эске салам парталарга секирип,
Бизди тосуп көз кысышып күлгөндү.

Коркоор элек биз силерден бекинип,
Бир заматта жетээр элең секирип.
Бир сүйдүрүп койчу алдагы жүзүңдөн,
Деген сөзгө калат элек, тэригип.

Жаш экенбиз сүйүү бизге келе элек,
Турмуш күтүү баасын анда бере элек.
Сулууларга секиин катты жөнөтүп,
Жетсе жетип же болбосо жете элек.

Бой жеткенде тоготушпай калганбы,
Беттен сүйүп пайдаланып алганбы.
Баарыбызды аттап өтүп жактырбай,
Бөлөк жактан жубай издеп барганбы.

Класташтар тагдыр жолго барбаппыз,
Никелешип айлыбызда калбапбыз.
Түндүк бою коюу түтүн булатып,
Этаждаган кирпич үйдү салбапбыз.

Жашы жетип армияга барчы эле,
Катуу тартип сын сыпатка салчы эле.
Форма кийип келбетине жарашып,
Көз кыйытып кыйынсынып калчы эле.

Ага чейин ыргытылган таш болуп,
Барып калдык бир жигитке куш конуп.
Бекем кармап куштун боосун чыгарбай,
Өмүр сүрдүк түбөлүккө кут болуп.

Күндөр өтүп жетимишке таядык,
Саламдашып жакшы ишке жарадык.
Аз өмүрдө жолугушуп тез-тезден,
Маарекеге бирге аттанып баралык.

Өткөргөн күн арман эмес балалык,
Өзүбүздү бактылуу деп санадык.
Ата - Эненин тарбиясын аттабай,
Алар баскан жолго кадам таштадык.

Артыбызда балдар турат тирелип,
Ар биринин үйлөрүндө гүл өнүп.
Ошол гүлдүн тамырына суу берип,
Кең келечек кең заманды түзөлүк,
Урматташса сыйын көрүп жүрөлүк.





## АРУУ ТАҢ КИМГЕ КАНДАЙ ӨМҮР БЕРДИ

Ак таңга ары бери басып келдим,
Жашырган жан сырымды айтып бердим.
Агарып жер бетине тээгиз тийген,
Жараткан, аллахыма таазим эттим.

Аруу таң кимге кандай өмүр берди,
Түн жамынып кимдер келип, кимдер кетти.
Аткан таң наристеге насип кылса,
Акыркы, суусун ууртап кимдер кетти.

Аруу таң, таң шооласын тегиз чачты,
Аралап тоо таш сууну бирдей басты.
Өмүрдөн кетип жатса кош айтышып,
Келгенин нурун чачып тосуп алды.

Таң нуру, кайгы капа такыр билбейт,
Калың, жука, узун кыска кийим кийбейт.
Жер бетинде жашап өмүр сүргөндөргө,
Сыдырым жел сылап беттен калыс тиктейт.

Таңды тосуу буюрсун баарыбызга,
Ден соолук өмүр берсин жаныбызга.
Көбөйүп наристелер төрөлүшсүн,
Милионду кошуп турсун саныбызга.

## БЕЙИШ БАКТЫ АРАЛА

Бейпил жаткан элге бүлүк салганын,
Каны тартсын шейит кеткен балдардын.
Оо дүйнөнү ойлонбогон кезинде,
Аттиң арман ажал тоорул калганын.

Кагылайын бейиш бакты арала,
Түп-түз баргын жан жагыңды караба.
Ок чыгарган оңбой калсын Тажиктер,
Убалыңар уктатпасын садага.

Ата энең сыздап калды буулугуп,
Эч бир жардам жете электе бурулуп.
Ок чыгарган ор казышкан тажиктер,
Жаткан чыгаар өзү түшүп тыгылып.

Бүткүл элди дүрбөлөңгө түшүрүп,
Ак сарайлар канча үйлөрдү күйгүзүп.
Тынчтык бузуп апаат күндү түшүргөн,
Оңбой калсын ким турса да жүз үйрүп.





## БИЛЕМ АПА ООР ЭКЕНИН ЖОГОТУУ

*(Эламанга арналат)*

Көз ирмемде коштошо айталбай жоготтум,
Оту өчтүбү алоолонгон очоктун.
Элим үчүн эрдик кылдым апа деп,
Сөөгүм келди сыздаба деп соороттум.

Мага деле кыйын болду коштошуу,
Согуп турган жүрөгүмдү токтотуу.
Мекен үчүн колго байрак кармадым,
Билип турдум оор экенин жоготуу.

Тажиктердин көккө күлүн сапырдым,
Өзүм менен алтоону, бир жаткырдым.
Ата - энемди кыйбай турам аманат,
Алахыма айтып анан, жан кыйдым

Кош бол эми ага тууган эл жерим,
Бүгүнкү күн ЭЛАМНДЫ эстегин,
Куран окуп бетке батаа тартып жүр,
Кел бээри деп чакырсаң да келбеймин
Карегиңе сактап элесим.

## ЫРЫСКЫҢДЫ КЕТИРБЕ

Шоола чачып күн да чыгат чачырап,
Булут көздөй нурун айдап качырат.
Дүйүм түшүм жемиштерге нур берип,
Берекелүү ырыскыны тартуулап.

Аппак жоолук ай чырайлуу топучан,
Аллахым деп тынбай намаз окуган.
Таалим алсаң тарбияңа татыктуу,
Аалымдардан ак сакалдуу сопудан.

Өттү жаштык арт жагыңа караба,
Келеби деп үмүт кылып санаба.
Таза болсоң ар бир иштин оорду бар,
Сабыр кылсаң Алла кошот катарга.

Тар болбосун көөдөн булгап пейилиң,
Көз чаптыргын,сезгин ааламм кеңдигин.
Жер көтөрөт башын чайкап чайпалбай,
Туюп сезип сен да жардам бергиниң.
Алла берген ырыскыңды тергиниң

Ызаттасаң кары жашты улууну,
Жарды сүйсөң каш кирпиктүү сулууну.
Уучуңу улайт уул, кыз берет жараткан,
Алар элдин ишенимдүү атуулу.





## УЛУУ ЖЕҢИШ

Улуу жеңиш! канча жылдар өтсө да,
Карды кечип нөшөр жамгыр төксө да.
Эстегенде тилип өтөт жүрөктү,
Бул ааламдан көздөрү өтүп кетсе да.

Ардагердин, азайды го сандары,
Эске алынбай калбасынчы салмагы.
«Ал дүйнөдө бейиш бакта жүргөндүр»,
Изин басты артындагы балдары.

Тогузунчу! майдын ушул күнүндө,
Чыдап турду моюнга арткан жүгүнө.
Эркиндиги эл жеримди сүйүнтүп,
Немистердин жеттип түпкүр түбүнө.

Жеңииш! деген, ачуу чыккын кыйкырык,
Немистердин ой тилегин сындырып,
Туткун кылып торго салды аларды,
Аталарды, мекен жайга жылдырып.

Согуш оту! кылым жүрөт айтылып,
Ырда даагы, аңгемеде жазылып.
Жаштар үчүн, керек болот бул тарых,
Ал китептер архив болуп катылып,
Койбош керек көмүскөгө жашырып.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫ КҮТӨТ БАЛДАР

*(Бөбөктөргө сынакка)*

Кардай аппак көйнөк кийип,
Күн да чыкты ачуу тийип.
Ёлка жээктеп бир басалы,
Аяз кызды беттен сүйүп.

Аяз ата балдар үчүн,
Мүрүсүнө асып куржун.
Белек жыйнап келе жатат,
Кубанышат балдар бүгүн.

Коён жылга кол берели,
Түшүмдүү жыл болсун дейли.
Зыяны жок коёндордун,
Өтө сонун пейилдери.

Коёндорду коркок дешет,
Ал коёндор эмне жешет.
Өтө сергек кулактары,
Так секирип кирип кетет.

Жаңы жылды күтүп балдар,
Муз тебүүгө шашып калаар.
Чаналарын сүйрөп чыкса,
Жаабай калат кээде карлар.





## БИРДЕ ЖИГИТ ТӨӨ МИНЕТ

Бөтөн жерде иштеп өмүр сүрүшүп,
Кээде капа, кээде жайнап күлүшүп.
Кыргыз деген улуу журтун аздектеп,
Ала-Тоодой ак калпагын кийишет.

Бул, тагдырдын жазып койгон буйругу,
Күтүү менен сагыныч бар чындыгы.
Кайда жүрбө, кандай өмүр кечирбе,
Бешенеңе жазып койгон сызыгы.

Эр азамат багы ачылса төө минет,
Төө минбесе, кээ бир учур жөө жүрөт.
Кайда жүрсө эл-жер үчүн толгонуп,
Жүрөгүндө Ала-Тоосун эң сүйөт.

Ай нурунда караңгыдан жол издеп,
Үмүт менен келечектен нур тилеп.
Ал жашоону жашап көрүп билбесе,
Ал тарабын бул тарабын ким билет.

Өмүр деген өтө кымбат адамга,
Баасын ылгап барайлычы кадамга.
Беш күн өмүр шүгүр кылып аллага,
Сен-мен дешип теңелбейли жаманга.

## ЖИГИТТИК КУРАК

Айылдабы, шаар ичинде турабы,
Өмүр улайт жигиттик жаш курагы.
Он тогуз жаш оттой болуп жанганда,
Жыйырма беш толуп турган убагы.

*Кайрыма...*

Жигиттик курак
Кайраттуу убак.
Келгиле достор,
Жаштыкты улап.
Жашоодо бизге
Берилген сынак

Мекен үчүн колго курал кармаган,
Эч тайманбай алга кадам таштаган.
Чек арааны уйку көрбөй күзөтүп,
Өмүр - өлүм АНТЫН бекем сактаган.

*Кайрыма...*

Жылуу Мээрим жакшы сөздүн кумары,
Сүйүүгө да канбай турган убагы.
Жигитчилик наркы, баасы бийикте,
Алдын тосуп,жарк деп чыкса жубайы.

*Кайрыма...*

Кайраттанган албуут жигит кезинде
Кызмат өтөйт, жан аябай жерине.
Тынчтык үчүн, эл жер үчүн күрөшкөн,
Эр жигиттер тик турушат чебинде.





*Кайрыма...*

Жигиттик курак,
Кайраттуу убак.
Келгиле достоор,
Жаштыкты улап
Жашоодо бизге
Берилген сынак.

Жигит курак, чарчабаган талбаган,
Мекен үчүн кайрат күчүн арнаган.
Төгөрөгү төп келишкен жигиттер,
Акыйкаттын АСАБАБАСЫН кармаган.

## МАЙРАМДЫК МААНАЙ

*(Жигиттерге)*

Карегиң, оттой жанган убагыңар,
Күүлөнүп, күчкө толгон курагыңар.
Эр жигит, мекен үчүн жаралгансың,
Чеп болуп чек арада турасыңар.

Армия милдет өтөө, мойнуңарда,
Ачкычы, мекен жайдын колуңарда.
Аттангын, «Ата - журттун» жүгүн артып,
Сапар улап байсалдуу жолуңарга.

Жигитке, жети өнөр аздык кылат,
Жетимиши, али алдыда күтүп турат,
Утурлап, урмат менен кабыл алсаң,
Аалам да, колдоп сага колун сунат.

«Эр жигит эл четинде жоо бетинде»
Деген сөз айтылбаган бекеринде.
Тизилип, «Форма» кийип чыга келсең,
Шаң менен ар бир майрам өтөөрүнө.

Көңүлдөрдү көтөргөн майрам болсун,
Кучагың, аппак - кызыл гүлгө толсун.
Үй бүлөө, бажырайган жарың менен,
Шагыңа, батпай сайрап куштар консун.





## ЖОЛ ТАРАП

Жолго чыксаң, ар тарапты карайсың,
Көзгө илинген тааныш, билиш самайсың
Жан дүйнөңдө жашап жүрсө тазалык,
Өзүңдөгү өзгөлүктү байкайсың.

Жолдо жүрсөң баары жолдо жүрүшөт,
Узун кыска түрдүү кийим кийишет.
Өзүң менен кошо чыгып алгандай,
Жумуш издеп билектерин түрүшөт.

«Бальинсага» барып калсаң үлбүрөп,
Ал жерде да толгон токой эл жүрөт.
Мен оорусам баары ооруп калгандай,
Өчүрүттө врачтарды күтүшөт.

Базар жакка барсам сумка көтөрүп,
Кээси катуу кээси секин жөтөлүп.
Тирикчилик жашоо өзү токтобойт,
Адам көнөт адам жашайт түбөлүк.

## БИР САБАКТА БЕШ РОЗАМ АЧЫЛГАН

Розам бар үй короомдо жайнаган,
Бир сабакка бештен гүлдү байлаган.
Ошол! гүлдүн арасында чоңойду,
Беш кызымдын Ай жүзүнө айланам.

Эшигин көр анан төргө өт деген,
Энесин көр анан кызын өп деген.
Кыз өстүрдүм беш көкүлүн сыладым,
Кыздарымды, Розага теңейм мен,

Күндөр жылып, күн сабалап өтүдө
Куда келди, кулдук уруп төрүмө,
Бир-биринен кантип бөлүп койом деп,
Кете түштү кан жүгүрөбөй өңүмө.

Салт санаа бар бешө башка бөлүндү,
Эмгектенип пешене тер төгүштү,
Турмушунда туура жолду тандашып,
Аа мен үчүн ай төбөдөн көрүндү

Эне баскан жолду узун чубады,
Өздөрүнө жетээр дүйнө курады.
Алды, бештен арты төртөн уул кызды,
Кайын журттун урпактарын улады.

Уулум бар уясынан оорун тапкан,
Атасынын камчысын колдон алган.
Төрт кызыл гүл эки уулду тарбиялап,
Ал да өзү, үлкөн ата болуп калган.
Берген камчы жанылышпай ээсин тапкан.





## БИЗ ЭМНЕНИ СЕЗБЕДИК

Өмүр дедик, көңүл дедик биз эмнени сезбедик,
Кайда бардык, кайдан келдик
биз эмнени жебедик.

Барга жокко карабадык кредитке сайылып,
Конок болдук койду сойдук таң атканча тердедик.

Жар чакырып бүгүн тойго конок болуп кет дедик,
Колу коңшу үй даярдап конок тосуп бер дедик.
Жетеледик тай торпокту катообузга жараша,
Каражаты кандай болду кредитпи сезбедик.

Келин алдык калың бердик үйгө себи толот деп,
Элди карап кандай болсо бизде
ошондой болот деп.
Алган келин кредитке байланганын сездиби,
Айылыма келин болдум аппак куштай коном деп.

Ал үйүнөн жөнөп кетти Москваны мекендеп,
Эртелүү кеч ойго батты жакшы үмүттү элестеп.
Намыс деген мээни жеген нагыз сөздүн төркүнү,
Тагдырына башын ийип акча таап келем деп.

Тирикчилик өтө берет эч ким жаман ойлобойт,
Бүгүн жашоо кандай болот
алдын алып болжобойт.
Тагдыр жазган таалайыңа табыштаса талпынгын,
Бир аллага ишенгиниң башка сени колдобойт.

## ЫР МЕН ҮЧҮН КӨӨНӨРБӨГӨН КӨРӨҢГӨ

Китебим бар! кичинекей көлөмдө,
Жаштар үчүн ар бир сабы тереңде.
Ал окуйбу, жаап коёбу барагын,
Аа мен үчүн көөнөрбөгөн көрөңгө.

Китеп жаздым! ал китебим жанымда,
Ырларымдын, жылынамын табына.
Жаш мезгилдей оттой болгон, жалын жок,
Жүрөк айтат, кечиктиң го таарынба.

Ырды жаздым! эргүү келген учурда,
Толобу же толбойбу деп купулга.
Бирок талант, жүрөгүңдүн бир бурчун!
Ээлеп жүрөт сен ушуну унутпа,

Ырды жаздым! кээде оңдоп, оңдобой,
Үтүр, чекит койсом коюп, же койбой.
Жетип, жетпей жетиле элек ырларым,
Купулума кээде толуп же толбой,
Жан дүйнөмү жанчып турат жөн койбой.





## ЖҮРӨККӨ ТҮЙГӨН БОЛСО

Ааламга жаралган соң түйшүктөсүң,
Бирде капа бир учур сүйүнөсүң.
Беш бөлмөлүү этаждаган үйүң турса,
Тар бөлмө ашканага жүгүрөсүң.

Мейман келсе жаңысын салайынчы,
Мен деле элдей болуп жашайынчы.
Уул кыз берсе кудайым ай мончоктой,
Сылап чачын арт жагына тарайынчы.

Келин алсам кээңири жүргөн болсун,
Жакшы кепти жүрөккө түйгөн болсун.
Чачпай төкпөй кармаган үй жайыңды,
Өзүңдөй аздектеп сүйгөн болсун.

Кыз жаманы кыроо деп айтып келет,
Тагдырына баш ийип чыгып кетет.
Багын таап башка үй башка жерге,
Ал байкуш конок болуп келип кетет.

Кадырын билген келин тосуп алат,
Билбегени көзүнүн артын салат.
Көзү өткөн соң ата энеси бул ааламдан,
Кыскарып узуун жолу барбай калат.

Каны бир, бир курсактан чыккан менен,
Акыл насаат ата энеден уккан менен.
Акылсыз башка бирөө аралашса,
Араңарга тузакты койот кенен.

Ата эне таптакыр аны күтпөйт,
Балдарына тегиздеп эшик түптөйт.
Он бала ордуу башка ата энеге,
Каада салт кайрымдуу сөздү сүйлөйт.

## СҮРӨТ МЕНЕН ЫРДА КАЛАТ ЖАШООБУЗ

Төрөлдүм деп өтө сонун кубандым,
төрөлгөн соң эмне иштерди кылбадым.
Баштан аяк көз алдыман өткөрсөм,
Саат эмес мүнөт даагы жылбадым.

Ачып көздү кайра эле жаап уктадым,
Өңүмдө эмес түшүмдө көп ыйладым.
каш кабактын ортосунда өмүрдүн
Билбегенге билип ал деп ымдадым.

Таң атты да бир заматта күн батты,
Саат жебеси он экини каратты.
Төрт куплет ыр жаратып алдым деп
Билинбестен өмүр өтүп баратты

Сүрөт менен ырда калды жашообуз,
Бизге берген энчиленген тандообуз.
Өмүр өлүм тең жарышып баратат,
Узун-кыска чектелбеген жолдобуз.

Бир минутту барктап баалап билели,
Көңүлдөрдү оорутушпай жүрөлү.
Айдай чырай акыл эсиң болгон соң,
Алты сандын амандыгын сүйлөлү.





## УУЛУМ БАР УРМАТТАГАН

Уулум бар уясында ордун тапкан,
Өмүрүн бесин оомиин дейм оо жараткан.
Ардактуу ата болуп уул кыздарга,
Түндүгүнөн түтөтүп отун жаккан.

Жайлоо жайлап төрт түлүк малын баккан,
Тоо аралап чыйыр жол изин баскан.
Атасынын ак эмгек жолун улап,
Каалгасын керегенин кенен ачкан.

Кыздарга төргө өтүүгө төркүн керек,
Атасы түркүк болуп калбайт демек.
Агасы мээрим төгүп жайнап турса,
Болбостур андан бөлөк кымбат белек.

Атанын тарбиясы такыр бөлөк,
Эненин, тарбиясы үлүш көмөк.
Айтылган сөз кагылган казык болуп,
Балдар, үчүн турмушта абдан керек.

## АЙТ АРАПА ЫЙЫК КҮН

Келгилечи кечиришип жашайлы,
Жан дүйнөнү бир жашартып алайлы
Оорул жүргөн көңүлдөгү капааны,
Ороп туруп суута ыргытып салайлы.

Жакшы айтат жан дүйнөңү ойготуп,
Жаман айтат суук тилин сойлотуп.
Канжар болуп кан айланып өтөөрүн,
Жүрөгүнүн муздап жайда тоңоорун.

Ай батып түн, таң шооласын чачаарын,
Аалам сырын айтып кимдер ачаарын.
Билбейсиң го кереметтүү кубулуш,
Күн күркүрөп ташкындап суу каптаарын.

Адамдар биз өзүбүзгө өзүбүз,
Жетип турат жакшылыкка көзүбүз.
Оорутушпай калтырышпай көңүлдү,
Жакын турат төрүбүздөн көрүбүз.





## ӨМҮРДҮН ӨР ЖОЛУНДА

Жароокер жаш мезгилде, күлмүңдөп көзүң күлөт,
Үлбүрөп денең тунук, үстүңдө көйнөк жүрөт.
Басасың бак аралап колуңа китеп кармап,
Сезимиң таза бойдон, серпилип өмүр сүрөт.

Студент күндөр сонун ач токко кайыл болуп,
Баш ийип салам берип партага колду коюп.
Биринен-бири сулуу кыз жигит катар басып,
Сабактар башталыптыр мектепке жаштар толуп.

Алардын талабы бар, бир кана билим алуу,
Өнөрүн өркүндөтүп өйдөлөп дүйнө таануу.
Астана аттаганда сезимдер таза болот,
Өз өлкө кыргызым деп чындыкка багыт коёт.

Жароокер жайнап турган жаштыгың келет - кетет,
Өмүрдүн өр жолунда заматта закым жетет.
Тагдырда тааныш болуп бир сулуу буйруп турса,
Түз жолго түгөй болуп сүйгөнүң колун берет.

Тагдырдан, тапкан тааныш түбөлүк сенде калат.
Түшүнүп түндүгүндүн, булатып отун жагат,
Байланган бактысына олтурса тактысына,
Өмүрлүк жарын сыйлап жайнаган уул кыз табат.

## АРАБАСЫ ЭЧ ТОКТОБОЙТ ЖАШООНУН

Сыр аякка толуп турат чырайың,
Босогоңду аттай турган убагың.
Пешенеңе Татту тагдыр жазылса,
Сүйүнүчтөн ачылат көп сырларың.

Тагдырыңа таалайыңа жазылды,
Ар тараптуу жүк мойнуңа артылды.
Катаал турмуш канжыгаңа байланып,
Чыдамкайлык чынжыр сага тагылды.

Турмуштун сен баса келсең кырларын,
Жан шеригиң түшүнбөсө сырларың.
Көйгөй болуп көөдөнүңдү өрттөгөн,
Жазылат го өкүнүчтүү ырларың.

Ырга салып ичиң калат бөксөрүп,
Астын - үстүн кыла албайсың көңтөрүп.
Арабасы жүрө берет жашоонун,
Балдарыңды бел тутасың сөйөөнүп.

Жалдыратып таштап коюп кете албай,
Коркуп жүрүп көйгөйүңдү чече албай.
Чыда жаным чыдап койчу сабыр деп,
Өмүр өтөт максатыңа жете албай.





## САПАР ТАРТКАН БАЛАМА

Мен жөнөттүм ПОЛЬША өлкөгө баламды,
Окуу болду ошол тарап талабы.
Кайда жүрсө аман болсо чырагым,
Мекен үчүн бир керекке жараары.

Жалаң балдар бүтүрүштү Лицейди,
Жакшы окушту эркин сүйлөп төрт тилди.
Балдар үчүн багыттайлы билимин,
Салым кошуп багындырсын бийикти.

Бешик бала бек болоорун ким билет,
Ата энелер айтабыз го көөп тилек.
Кабыл кылып пешенеси ачылып,
Жигит болсун майтарылбас күч билек.

Аралашсын алты шаар калааны,
Оорундалып ойлогон ой талабы.
Кайда жүрсө дилин-тилин өзгөртпөй,
Ыйман менен намаз болсун сабагы.

## ЭРТЕҢ МАЙРАМ

Кабыл алдым балдарымдын каалоосун,
Аман жүрсүн ат жалында жолдошум.
Майрам сайын маанайымды көтөрүп,
Түндүгүмдө түркүк болуп колдосун.

Балдарыма - ата, мага болсо - сүйгөн жар,
Ала Тоодой, ар тараптан паркы бар.
Сапарынан чарчап келсе чаалыгып,
Аш, тамагым дайым турат дапдаяр.

Бул өмүрдө жакшы көрүп сүйбөсөң,
Жашооң кандай арт жагыңа түрбөсөң.
Сени карап, сенден күтөт мээримди,
Балдарыңа оттой жанып күйбөсөң.

Кабыл болсун, эрте окуган намазым,
Эртең майрам - таң сүргөнүн караймын.
Кандай белек күтүп турат өзүмдү,
Келе жатса урматтаган адамым,
Ал да менин - багым менен таалайым.





## АРГЫМАК АТ ЖАЛЫНДА ЖИГИТ ОЙНОЙТ

Эр жигит мекен үчүн төрөлөбү,
Арча бешик ак- батага бөлөнөбү.
Чебин бузуп чек арада душман турса,
Башын катып каалгасына жөлөнөбү.

Армия өлкөбүздүн карызыбы,
Салдат болу жигиттик парызыбы.
Акчага сатып алып альтарнатив,
Кыздар менен тең тайлашкан жарышыбы.

Байлар бар Армиядан чочулаган,
Депутаттын балдары чоочун адам.
Мойнундагы, милдети түшүндө жок,
Акчасы көп, ар тарапка тайраңдаган.

Советтер-союзунда мыйзам болгон,
Адашып чыга алчуу эмес түп-түз жолдон.
Салдат болуу милдетиң садагам деп,
Узатышчуу балдарын вагон толгон.

Аргымак ат жалында жигит ойнойт,
Шаймерден жолдун пири Алла колдойт.
Улуу журтка уул болуп төрөлдүм деп,
Колуна курал кармап элин коргойт.

## АКЫН ТАШПОЛОТКО

*(Ынтымак бирикмеси)*

Кээде жөөсүң, кээде төөнү минесиң,
Өткөн күндү элестетип түрөсүң.
Ырга салып ич бугунду жеңилдеп,
Күчтүү, акын катарында жүрөсүң.

Ак сакалсың токтоо сенин мүнөзүң,
Мыйыгыңдан сылык сыпаа күлөсүң.
Түркүк болуп, кармап түндүк туткасын,
Бир чоң коргон эшик төргө бүлөөсүң.

Ырларыңа өлчөп балды куясың,
Төмөн түшпөй өйдө көздөй бурасың.
Жандап жүргөн жакшы сезим туйгуну,
Сөз кетирбей ырга салып турасың.

Тизип койдуң, беш жүз ырды баракка,
«Ыргытып сал басмакана тарапка»
Ар бир ырың, туздан, балдан кемибейт,
Ойлоймун мен жооп берет деп талапка.

Сынчы эмесмин маңызына караймын,
Ар бир сабын чач сыяктуу тараймын.
Орто акынмын күчтүү деле жагым жок,
Бирок сенин ырларыңды баалаймын.





## УЧУРАШУУ ТАРТИБИ

Салтты улап Аталарым келишкен,
Саламдарын этияттап беришкен.
Колду бүгүп көкүрөккө көтөрүп,
Башты ийип, секиин таазим этишкен.

Ат жалында болсо эгер жаштары,
Анын даагы өзүнчө бар шарттары.
Түшө калып тизгин тартып кол берип,
Салам айтып силкилдешип баштары.

Конок болуп келген болсо кыр ашып,
Төркүндөрүн сагынышып самашып.
Тартип менен салтты кармап аталар,
Кыз балдардын саамайынан жытташып.

Энелердин тартиби бар өзүнчө,
Кыз балдарын беттен сүйүп өбүшкө.
Жигиттердин учурашып колунан,
Өөп койот оң колунун үстүнө.

Беттен сүйүп кээде ооздон өбүшөт,
Салтты билген Адамга жат көрүнөт.
Көп инсандар биле бербейт тартибин,
Өбүшүүнү тең укук деп көрүшөт

Азыр кандай тартип кетти бузулуп,
Аккан суудай бир кудукка куюлуп.
Айтсаң такыр кулагына илинбейт,
Кадыр паркың кеткенге окшоп туюлуп.

## АЙЛЫБЫЗДА ДАЛЕ ТУРАТ «АК МЕКТЕП»

Ушул мектеп «А» тамгасын үйрөткөн,
Ый дебегин «Р» дегин деп сүйлөткөн.
Сыя челек, перо берип колдорго,
Сумкабызга төгүлгөнү жүдөткөн.

Жети жашар жетиле элек кыз элек,
Илим - билим эмне экенин сезелек.
Үйгө келип сумкабызды ыргытып,
Айылчыламаш ойногонго кетчү элек.

Кээде чачтар таралып же таралбай,
Тапшырмалар каралып же каралбай.
Эркелетип чачтан сылап тургузчуу,
Канбай калган уйкубузга карабай.

Эже, агайды өтө жакшы көрчүүбүз,
Келбетине карап көңүл бөлчүүбүз.
Чымын учса угулчу эле кулакка,
Ата - энедей биз да мээрим төкчүүбүз.

Алтымыш жыл жашап өмүр сүрүптүр,
Жайдакталып шыбактары түшүптүр.
Кантсе даагы сөөгү турат бузулбай,
Бир көрүүгө бизди самап күтүптүр.

Бизди окуткан эже, агайлар түгөндү,
Өңдөн өчүп соолуп калган гүл өңдүү.
Балдары бар билим жолун улаган,
Тамыр жайып тал чыбыктай тең өстү.





Ушул мектеп ак жолтой деп түшүнөм,
Барган сайын таазим кылып жүгүнөм.
Мындай мектеп калбагандыр кээ жерде,
Туугандарым бузбаганга сүйүнөм.

## ЫРГЫТКАН ТАШ

*(Кызга аталып калыптыр Кызым Бегзадага)*

Кош келдиң, бүгүн жарык Ааламына,
Белек болуп, Атаңа жана мага.
Кылыгың чыккан сайын ширин болуп,
Жалынып, жүрдүк сенин карааныңа.

Бактылуу балалыгың эстегенде,
Баардыгы тизмек болуп түшөт эске.
Куурчакты кучагыңа, кысып алып,
Таш тизип ойноочусуң күңгөй бетке.

Мына эми бойго жетип эне болдуң,
Турмуштун узун-кыска бастың жолун.
Ал мончок үч баланы тарбиялап,
Төгөрөгүң төп келген жашка толдуң.

Ыргыткан, таш кызга аталып калганына,
Ыргытылып, мен даагы барганыма.
Өзүм да кыздарым да багын тапты,
Таазим кылам миң мертебе Аллахыма,
Ошол таштар оордун тапкан салмагына.

## БАРИНУСА ЭЖЕМЕ

*(Өздүк майрамыңыз кут болсун инициизден)*

Жанган от күйбөсө да алоолонуп,
Жаркылдап табы күчтүү чогу турат.
Жаштыгың калса дагы жылоолонуп,
Жарык нур, жүрөгүңдө тогу турат.

Жибек көйнөк дале кетпей оюңуздан,
Жүзүңүздө билинбеген алээм турат.
Жабылбай китебиңиз окурмандан,
Жазганга колуңузда калем турат.

Бишкегиме күн батып кечи кирсе,
Фрунзенин оттору өчпөй турат.
Биз билбеген обонду кыңылдатып,
Бир causeдеги ырларын төкпөй турат.

Ажырабай бирге болсун өзүңүздө,
Акындык касиетиң, аял деген.
Аруу сезим, балалыка саякаттап,
Алып учсун аалам кезип кыял менен.!





## ГҮЛЗАР БАГЫНА

*(Көргөзмөгө Наманган)*

Барып калдым Ташкент тарап Шаарына,
Гүлдөн тигип отургузган багына.
Жол жээгинде бой тиреген арчалар,
Көркү менен Таазим кылат баарына.

Гүлгө оролдум жымыңдашып караган,
Кыздар тосту, гүл бакчада жайнаган.
Түскө боёп гүлдөн килем төшөлгөн,
Бир керемет коодук берип айланам.

Таазим кылып, жылмайышып карашса,
Тойбой карап, күн кечирип таң атса.
Отургузган элес берген коодуктар,
Эсеп жетпейт көз айлантып санашка

Өтө күчтүү эмгек менен жаралган,
Шаан шөкөткө кулак төшөп баратам.
Раазылык айтам ушул калкыма,
Гүлдөн тизип сайма төгүп таштаган.

Кубанаарлык ишке жүрөк селт этсе,
Айтпай кетүү мүмкүн эмес бир эсе,
Беш жүз жаран акындар бар катарда,
Раазылык айтам Акын Берметке.

## ЖАЙЛОО МЕЗГИЛ СОНУНДА

Булут калкып, тоо аралап,
шамал согуп, жел жүрөт,
Коктудагы шар аккан суу, башкачараак дүңгүөп.
Бир заматта, кулак жарып,
жарк эткенде чагылган,
Күндү, күтүп жайылган мал, аркы-терки жүгүрөт.

Жайлоо жайлап, көнүп калган,
жашоо нугун улантып,
Ат, чалдырып,жигит турат аргымагын сугарып.
Мотурайган, канаттары, күчкө толуп ката элек,
Эшек минип, балдар жүрөт,
желим капка суу артып.

Ошол жашоо кызык экен кырка тоонун боорунда,
Суур секирип, айбанаттар, качат үркүп жолунда.
Жан жаныбар, отоо чөпкө башын салып оттошуп,
Жай мезгилдин жаркыраган ошол күнү сонунда.

Баргым келет жер тегиздеп
чатыр тиккен конушка,
Балдарымдын жаштыгы бар,
мал кайтарган чокуда.
Тегеретип очок куруп куймак кымыз пышыргам,
Ошол таштар, жатса керек мен жашаган конушта.





## ЧАЧЫ УЗУН СӨЗГӨ ЧЕБЕР ЖАН ЭЛЕ

*(Апама)*

Мен апамдын oордун бастым токтонуп,
Бой келбетим, баардык мүчөм окшошуп.
Жыйырма жыл артта калды карааны,
Кырк экимде койгон элем коштошуп.

Барсам Апам салган төшөк төрүнө,
Тууганчылап барган сайын төркүнгө.
Төрткө чейин билим алган ак мектеп,
Дале турат ал мен үчүн көркүндө.

Мен чоңойгон үйлөр такыр өзгөргөн,
Кенже уулу башка түндүк көтөргөн.
Карегимде каарман болуп калышты,
Бак дарагы дале турат көгөргөн.

Чачы узун, сөзгө чебер жан эле,
Атам экөө бойлору тең пар эле.
Кошок кошуп макал менен сүйлөгөн,
Ырга жакын акындыгы бар эле.

Ал таланты мага өткөн окшойбу,
Уккан болсо мага көөнү толбойбу.
Жаза жүрсөк барак бетин толтуруп,
Бир акындын катарында болбойбу.

Ата - энем жок азыр сейрек каттаймын,
Алтымыштан ашып мен да картайдым.
Небереме тайне эне болгондо,
Өздөрү эмес изин даагы таппаймын.

## АРУУ ЖАН АКАК КЫЗГА

*(Аяш энелериң Бариниса, Сайракандын атынан)*

Туугандын, да көңүлүн көтөрө алдың,
Баарына жылдыздай күйүп жандың.
Уулуңду урмат кылып көпкө жүрүп,
Чечим кылып бактың үчүн эшик ачтың.

Апаңдан алыстабай жандап жүрдүң,
Күйсө -күйүп күлгөн болсо кошо күлдүң.
Онтогон, оорусуна көмөктөшүп,
Чексиз болду апам деген аппак сүйүүң.

Жап-жашыңда намазга колду сунуп,
Алланын өкүмүнө башты буруп.
Аялуу сенин назик мүнөзүңө,
Ыр жаздым жүрөгүмдөн сезип туюп.

Акак деген атыңды кулак угуп,
Таштын да кереметин сага сунуп.
Бактың үчүн баа жеткис бата берет,
Сүйүнүчтөн, аяш энеңдер ыйлап туруп.

Тандаган тарбиялуу жигитиңе,
Каалайбыз көп ийгилик иштерине.
Аруу зат Ак-кудай, кызыбызды,
Кондуруп колдоп-коштоп,жүрүшүнө.





## ЧЫРКЫРАГАН ЧЫНДЫК БАР

Кээде тагдыр ак жеринен сындырат,
Бир заматта ак эмгекти пыр кылат.
Уу кошулган уу сөздөрүн жылдырып,
Адамдар бар жүргөн жерин чыр кылат.

Ортолукка оттой ыссык чок салып,
Тили менен отургандыр ор казып
Капа болбо суук тилин сунганга,
Бир күн кетет, кош айтышат, каш кагып.

Пайдаланат, оң сөз кетет бурулуп,
Багыт таппай арыгы жок куюлуп.
Тебеленсе сенде болгон сезимдер,
Чар тарабың туман сыяк туюлуп.

Баш көтөрүп чындык чыгат чыркырап,
Тебеленет арам ою тыркырап.
Арам санаа арт жагынан тепкенде,
Күрөө тамыр күчөп согот зыркырап.

## АЙ ЧЫРАЙЛУ АППАК КЫЗ

*(Каныкейге)*

Ыр жаратып мончок кылып тизипсиң
Жараштырып жибек көйнөк кийипсиң.
Бой мүчөңө каш-кирпигиң жарашып,
Жанга жагат бажырыйып күлүшүң.

Таазим кылам акындык талантыңа,
Жете бергин ойлонгон максатыңа.
Талыкпай өнөрүңдү өркүндөтүп,
Гүл өндүрүп өзөктүн сабагына.

Сезимиңдин сересинде жашап келгин,
Көңүлдү көккө учуруп канат кергин.
Ар тараптуу акындык даражаңы,
Аалам кезип «Ай, тарапка» серпе бергин.

Балдарыңа бактылуу апа болгуң,
Ырыскылуу кесесине толкуп толгун.
Алган жар ак никелүү жигитиңе,
Колуна «Ак куу болуп» барып конгун.





## КЫЗЫМ ЖУМАГҮЛГӨ

Оорубагын сакайып кет жан балам,
Мээнеткечсиң такыр жаның тынбаган.
Көңүлүңдү көтөрүп жүр чөгөрбөй,
Кайратыңды Алла таалам сынаган.

Мен өзүңдү жандай жакшы көрөмүн,
Ар күн сайын көңүлүмдү бөлөмүн.
Үч наристең жан жолдошуң жанында
Аз күн калды арзып сыйын көрөөрүң

Бөлөк бөтөн жерден түтүн булатып,
Даамын сезип, ачуу таттуу туз татып.
Чыйрак болуп чымыркanып чыдадың,
Кээде ыйлап кээде ичиңе сыр катып.

Шүгүр дейин ушул күндү күткөмүн,
«Ак сарайлуу үйүңдө кут жүргөнүн».
Өнүп өсүп балдарыңа тирек бол,
Мага байлык сенин аман жүргөнүң.

## ШАМАЛ СОГОТ ТЕРМЕЛИП

Шамал жүрсө желге тарап чачымды,
Тулку боюм тегеретип башымды.
Каарын салып кара булут каптаса,
Сыдырым жел аралап тоо ташымды,

Чарт-чурт этип, жалын чыкты чатырап,
Төктү жамгыр, бир заматта шатырап.
Гүл ача албай чанак толуп турганда,
Күүлөп туруп жерди көздөй жапырат.

Саамга тынып, токтой калды жакындап,
Асан-Үсөн чыга калды жаркылдап.
Тоо койнунан шуулдаган үн чыгып,
Топтолушкан суулар акты закымдап.

Толкуп-ташып күчөйт суунун агымы,
Нугун буруп бөлүнөт тең жарымы.
Ыргалышып араң турган дарактын,
Жулунат го түбү менен тамыры.

Кыяматта шамал менен суу басат,
Деген, сөздөр байыртадан айтылат.
Жаратканым жакшылыгын буюрсун,
Табийгатка эч ким кепил бере албайт.





## ЖИК ТҮШҮРБӨЙ ЖАШООГО

Кайрыктар көп кайрып ырды жазууга,
Каада салт бар кадам шилтеп басууга.
Ар пенденин ойлору бар өзүнчө,
Болбойт бизге айыптуу деп айтууга.

«Саюз» учур айрымасы бар эле,
Эркиндик жок, жолдорубуз тар эле.
Дин боюнча тоскоолдуктар көп болгон,
Ата - энебиз салтты кармап калды эле.

Эки диндин ортосунда калганбыз,
Агайлардан бөлөк тартип алганбыз,
Айт арапа күнду өзүнчө белгилеп .
Намаз оку десе окуп калганбыз.

Айрымасы бетти чүмкөп салышты,
Жап жаш туруп сакал коюп алышты.
Жерди чийип, узун көйнөк кийишип,
Бутка оролуп автобуста чалышты.

Азыр жаман мурда жакшы жактабай
Өзүбүздүн салтыбызды аттабай.
Жик түшүрбөй алла берген жашоого,
Жүрөлүчү көңүлдөрдү таштабай.

## АЛИППЕДЕН ТААНЫЙТ БӨБӨК ТАМГАНЫ

Аруу зат адам үчүн аруу дүйнө,
Бактылуу балалыкка, келген бирөө.
Кайсы күнү келээрин билбейт бөбөк,
Мекен жай кайсыл тарап кандай үйгө.

Ал келди Кыргызстан калаасына,
«Мекендеген Манастын талаасына»,
Урпагын улап келди атасынын,
Эл жеринин жараш үчүн намысына.

Аттады жети жашта Мектеп жолду,
Кармады калем сапты созуп колу.
Чиймелеп ак паракты сызык чектен,
Тетрадь тээмасы жок эрте толду.

Алиппьеден тамганы таанып билди,
Оң-солго, үйрөнө алды, жатык тилди.
Өздөштүрүп өзөгүн тамгалардын,
МАНАСТЫН ким экенин таанып билди.





## ЖИГИТТИК ӨМҮР

Кандай жүрүп кандай өмүр кечирсең,
Жаш кезинде билбей катаа кетирсең.
Өйүп жүргөн жүрөгүңдө так болуп,
Өчүрө албай орноп калган сезимден.

Сөөктөн урган бул зөөкүрдү дедирбей,
Түп тамырдын түбүнө доо кетирбей.
Кылым жашап баса турган жолуңду,
Кыя салып ортосунан кестирбей.

Жигит болуп төрөлгөн бир кездериң,
Жарыктыкты жайнап көргөн көздөрүң.
Уул төрөлдү эл журттуку болсун деп,
Унутушкан, турмуштагы көйгөйүн.

Таттуу чыксын оозуңдагы сөздөрүң,
Көз жаш ыйга чайынбасын көздөрүң.
Жигиттиктин намыс арын сактасаң,
Ынтымакка ырыскыңды бөлгөнүң.

Жатып алып жылдыздарды санасаң,
Эсеп жетпейт сан жагына карасаң.
Ошол жылдыз сенин жашоо өмүрүң,
Жакшылыкка кадам таштап бара алсаң.

Туусун көтөр колго алып жашоонун,
Мекениңдин, бейпилдигин ойлогун.
Кызмат кылыш жигиттиктин парызын,
Үлгү болуп жакшыларды колдогун.

## АЯШЫМА

Аяшым! мына бүгүн жетимишке толупсуң,
Жанында бар периштедей колуктуң.
Кол кармашып жаштык өттү жайлоодо,
Өмүр сүрүп ажаайып чал болупсуң ,

Жетимиш жаш жети күндөй билинбей,
Кээде күлсөң, кээде өкүнүп Сүйүнбөй.
Жашоо турмуш жандап сени турганда,
Жакшылыктан үмүт үзбөй түңүлбөй

Коштоп турса уул кыздарың балдарың,
Артта калды татаал жолду басканың.
Дос туугандар, келип турса сыйлашып,
Жетимиштен,онсегизге жашардың.

Бүгүн бийлеп бүгүн танцы тебели,
Чарчабастан,бут колдорду керели.
Сүйүнүчкө, сүйүнүчтүү биз улап,
Жүзгө чык деп алкап бата берели.





## АК БОЗ АТКА

Ак боз аттын туягы чаң чыгарып,
Карай албай каректер, көз тунарып.
Таң калтырып тизгинден алып кетти,
Аргымакты, булкунтуп минип алып.

Сүрөөнчүлөр кыйкырып добуш салды
Эл аралап Ак боз ат топту жарды
Атың барда жер тааны эл тааны деген сөздү,
Эр азамат ошол жигит тастыктады.

Ат адамдын канаты деп бекер айтпайт
Бир муун кетет даагы бири бекем сактайт
Тапканга эмес бакканга барамын деп
Бир заматта Мээнэтинди төкпөй актайт

Ким болсо Ак боз атты жетилтиптир
Таптап атты жем берип семиртиптир
Ат таптаган саяпкер ким болсо да,
Тизгин алган жигитке жеңиш дептир.

## ЫР ТАГДЫРЫ КОЛУҢДА

*(Досум сенин жонуңда)*

Бир караса, өтө сүрдүү келбетиң
Жумшак сөздөн, ырдын терип берметин.
Жаркылдаган ачык мүнөз Аруузат,
Күчкө кирип, ыр дүйнөсүн тербеттиң.

Айдай жүзү тамылжыган энесиң,
Арабасын, өргө тартып келесиң.
Намаздан да, намыс күчтүү уккун деп,
Уул-кызыңа тарбияңды бергенсиң.

Уул чоңойтуп, эрезеге жеткирдиң,
Беш кызыңды, ордо, туурга кетирдиң.
Кучагыңдын жылуулугу мамыктай,
Неберегe, Мүрөк, суусун ичирдиң.

Жаш акындар устатым деп сыйлаган,
Баалап барктап, урпак жолуң улаган.
Жаркырагын, бийиктерден көрүнгүн,
Талантыңды ташкындаткын суранам.

Ак жол каалайм, поэзия жолунда,
Чарчабагын көп иштер бар жонунда.
Кылымдарга, тарых болуп өчпөсүн,
Ыр тагдыры, азыр сенин колуңда.

Чамда досум, ара жолго таштаба,
Ыр дүйнөнун калем сабы колуңда!!!





## БЕЙИШТЕ БАКТЫ КӨРДҮҢБҮ

Көңүлүң эргип, эмнеге жүрөк сүйүндү,
Шор болуп, бир күн эмнеге жүрөк тилинди.
Аалам кең бирок, үйүңдүн ичи тар болуп,
Кош айтып мага кеткен күн өтө билинди.

Ойлонуп ойдун, чече албай кайгы түйүнүн,
Салмагын салып желкемде турган жүгүнүн.
Кайгыга чөгүп, кан жуткан ууну чачалбай,
Чыгарып секиин ыш болгон жүрөк түтүнүн.

Караңгы каптап, жарыкты күтүп жол карап,
Кайгыга чөгүп, каптаса туман мен тарап.
Ушунча күйүт салмагын салса башыма,
Айламды таппай, аргасыз басам, жол тандап.

Аллага таандык, бейиштен бакты көрдүңбү,
Ал тарап кандай, шартына дайын көндүңбү.
Нээбакта кеткен, ата-энең ,кыздар жол тоссо.
Утурлай басып, ууч толо жашың төктүңбү.

## МАМИЛЕМДИ ТУУ ТУТТУМ

Пенде болот көрө албастык ичинде,
Чөйрөсүндө жумушунда ишинде.
Мал-аласы, жакшы-жаман сыртында,
Адамдар бар сактап коёт ичине.

Кайын журттун, каада салттын сактадым,
Атам айткан кадыр сөзүн таптадым.
Бирди-бирге туура талдап салмагын,
Сыйлуу конок төргө өтө баштадым

Абысындын ар тарабын бааладым,
Жакшы жагын чачтай кылып тарадым.
Баалаганым, жолдошумдун ызаты,
Өзүм менен бир туугандай санадым.

Сыйга сый деп сыр аякка бал куйдум,
Келин алдым, мамилемди туу туттум.
Анча мынча кемчилдигин жаштыктын,
Ал сөздөрдүн артты көздөй ыргыттым.

Мамилемди ыр түрүндө берейин,
Өмүр бою сый үстүндө келейин.
Тартип менен таптап келин өстүрсөм,
Ишенемин ширин мөмө берээрин.





## ЖАШ КУРАКТЫН ЖАҢЫЛГАНЫ

Өмүрдүн кымбаттыгын сезип келем,
Өйдөдөлөбөй төмөндөп түшүп кетем.
Кыялым бир нерсеге ачууланып,
Жүрөктү токтото албай жашым төгөм.

Оюм күлүк колум жетпей караап койом,
Мен өмүргө, көөдөн толуп качан тойом.
Өмүрдүн бөскө турган кесесине,
Көлкүлдөп чайпалбастан качан толом

Кош айтып өмүр шашып келе жатат,
Сегиз мүчөм сексенге ажыратат.
Жашоомдун, жалган, чынын ойлонгончо,
Оодорып ой санаамды чачыратат.

Жаралдым, эмне таптым, эмне каттым,
Өкүнтүп кимге жакпай, кимге жактым.
Көп кырдуу узун кыска жол узуртып,
Жакпаган, жолдорду да зордоп бастым.

Мына ошол жашчылыктын,жаңылганы,
Кайрылып кайрыганга алың барбы.
Кылчайбай, узуун жолду артка таштап,
Кадырлап моюн сунуп башты салчы.
Шүгүр деп жаратканга өзүң барчы.

## СЕЗИП КЕЛЕМ

Кээде туруп өзүмө-өзүм суроо берем,
Ак көңүл Ар намыстуу болуп кетем.
кемчилдиксиз керексиз пенде болбойт,
Ал айтат бир сарасеп салгын терең.

Бир туруп таштай болуп катып кетем,
Бир туруп жасап коём акыл менен
Ойлорум кээде оордунан чыкпай калса,
Өзүмдөгү катааны өзүм сезем.

Акчам болсо алаканды ача салам,
Дос тууган жакындардын көөнүн алам.
Көтөрүп түндүк бою көкөлөтүп,
Жарым ууртам жакшы сөздөн бакыт табам.

Менин да бир тарабым жагып калган,
Амандыкта ай сүрүп жашап жатам.
Бой көтөрбөй болгонума өзү күбө,
Үлүшүмдө бир тамчы сууну татам.





## АРЗУУ СЕЗИМ

Жамаатымда бирге басып жүргөнүн,
Мага карап сырдуу тиктеп күлгөнүң.
Күндөн-күнгө кел берилеп элесиң,
Тереңине сиңип барат жүрөктүн.

Таасир берип жазган ырың бир башка,
Алкыш айткым келет сендей курдашка.
Уйкум качып байкуш жүрөк бүлүндү,
Жыттасам деп сенин жыттуу гүлүндү.

Ойлойм кээде ачкычыңды табышты,
Моокум кана төшүң жыттап жатышты.
Сен көрбөгөн көп ырахат тартуулап,
Таңдан кечке бир кумарга батышты.

***Жооп:***

Сүйүүгө таза жүрөк карыбайт го,
Сулуугa суктануудан талыбайт го.
Билбедим сенде жүрөк кандай экен,
Кээ бир жүрөк тез өзгөрүп таанылбайт го.

Талант менен таанышып келүүдөбүз,
Буюрбаган тагдырга тан берүүдөбүз.
Ойлогондой болбойт тура чиркин өмүр,
Маңдай - тескей буйруп койсо кезигебиз.

Тамашаңы туп туура кабыл алдым,
Тамашаңа - тамаша жоопту жаздым.

Сезимтал сендей асыл класташтын,
Айтканына жалындап күйүп жандым,
Өчүрө албай чалкаман кете жаздым.

Ондонуп ордуман туруп алдым,
Ондоп окуп жылмайып күлүп алдым.
Сестенбей, сезимиңди кирдетпестен,
Мен даагы ыр түрүндө жоопту жаздым.

## СЫРДАШУУ

Ар адамдын, сырдашчуу достору бар,
Баары эле эмес, арасында жоктору бар.
Улуу кичүү, жактарын ал ылгабайт,
Жараткандын, буюрган токтому бар.

Ылымсанап жүрөгүм сага тартып,
Сырдашып сүйлөшүүгө көңүл артып.
Элесиң карегимде турат карап,
Кадимки жанагыдай күлүп жаркып.

Анан кантип унутайын элесиңди,
Улам эстеп, илбериңки кеңешиңди.
Каш бүркүшбү? урматтуу замандашым,
Таң калыштуу, өйдө- төмөн теңешиңди.

Көл тоңсо, Каркыра да кетет учуп,
Коркконунан, ооз мурунга чыгып учук.
Баалуу таштар көп болот көл түбүндө,
Ичтегисин кошо алып кетет жуттуп.





*Жооп:*

Ырларыңды окуп көрдүм тереңин,
Кандай айтып кадай бааны беремин.
Мен өзүмдү колго алып абайлап,
Жүрөгүңдүн бөлүнгөнүн сеземин.

Тендештирип терип тагдыр ченемин,
Он ойлонуп ойго батып келемин.
Аруу жансың ар тараптуу кеменгер,
«Жүрөк таза деген медал» беремин.

Сүйөм- сүйбөйм күбө болот ай-аалам,
Үн чыгарбайм секиин ичтен кайталайм.
Өкүнүчтүү өмүр бир топ өткөнүн,
Жүрөк таза кайра артка кайтарбайм.

Тар жол басып тар көчөгө бара албйам,
Турмуш күтүп жылдыз болуп жаналбайм.
Бирок чындык селт эттирген сезимди,
Солго буруп чет тарапка кагалбайм,
Урмат сыйды ууютап артка чачалбайм,

## СҮЙҮҮ ДАРЕГИ

Мен ыр жаздым таң агарып калганда,
Баалабаса жетпей калуу арман да.
Менде болгон сезимдеги түйгүнү,
Сезген болсо чыгарамын асманга.

Жакшы көрүү жүрөгүмдө бир элес,
Каалганы жаап, катып койгон сыр эмес.
Ар тарабы жагып турса мен үчүн,
Бийик турат алтындандан да кем эмес.

Карап өтөм күн тарапта каалгасын,
Самап келем күлүмсүрөп карашын.
Жүрбөсө дейм бир жагымсыз шамалдар,
Тоскоолдукка себеп болуп калбашын.

Бузбаса дейм буюруп турган уяны,
Түгөтпөсө калем сапта сыяны.
Сүйүп калсаң жаман жагы көрүнбөйт,
Өзүмкү деп, күтүп жүрөм сыягы.

Караңгыдан жарык издеп келемин,
Бассам-турсам кадалат го карегим.
Жолго чыгам жомоктогу периге,
Кайда жүрсө табуу үчүн дарегин.





## КАРЕГИНЕ ТАРТЫП СҮРӨТ

Махабаты көөдөнүндө күйүп жанган,
Жүрөгүн сүйүү үчүн арнап алган.
Баш кошушту ак никеге, башын байлап,
Бирок тагдыр эки башка жолго салган.

Мөлтүр булак үн коштоп шылдыр аккан,
Суумду булгаба деп добуш каккан.
Сезе албай ал добушту эргүү менен,
Булганып мөлтүр булак соолуп калган.

Чын сүйүүнү ак никеге байлаганда,
Тагдырың тамашага айланганда.
Сүйүү тургай сүрөтүң да жайын табат,
Сен күткөн жан башка адамга айланганда.

Аруу сезим ак никеге байлабай,
Каректердин ирмелишин аңдабай.
Сагынышып жылдыз сымал асманда,
Жолугушчуу саатты күтүп санабай,
Жүргөн жакшы бир биринен жадабай.

Жакшы сезим өмүр бою бир жүрөт,
Күлсөң күлөт карегине тартып сүрөт.
Жашоодо салкын тартып жабыркабай,
Өмүр бою сени менен кошо жүрөт.

## ТУНУК СҮЙҮҮ ЖҮРӨГҮҢДӨ ТҮНӨСҮН

Сүйүүң болсун ортоңордо урабас,
Чын сүйүүгө кадамыңды туура бас.
Бакчаң толо бажырайган гүл өнүп,
Чаң басса, да чаңкаса да куурабас.

Тунук сүйүү бой келбетке, карабас,
Бөлөк - бөлөк каражатты санабас.
Эки жүрөк жандап жүрсө жанашып,
Канча жаша эч бир кумар тарабас.

Жайнап турса суу жүргүзүп жүрөккө,
Айры баштап койбо эч бир бөлөккө.
Сулуу эмес сүйгөн сулуу деп айтат,
Турмушуңа түшүрбөгүн көлөкө.

Өмүр бою кумар болуп жашагын,
Таң аткандан күн батаарын самагын.
Бир-бириңе оттой өтүп жылуулук,
Сүйгүн беттен жайнап турган жамалын.





## СЫЙДАН КЕТПЕЙ ЖҮРӨЛҮ

Эмне деген ыр таштадың таң калыштуу,
Окуй албай уялып карек качты.
Сыйдын жообун мен даагы билет элем,
Аш казанда ал болбой токтоп калды.

Ырды таштап жообун күтүп турсаң керек.
Ыр жаздым кабыл алгын сага белек.
Бир жигитти кыйытып айтып өттүм,
Жетпеген окшобойбу сага демек.

Мен сага катуу айтпам сыйым чексиз,
Уятым бар тартипсиз болбойм тексиз.
Эже десең эже бойдон жүргөн жакшы ,
Карыганда сүйөм деп болбойм бетсиз.

Сүйүүнүн кадырын кетирбейли,
Сүйөм десе чычалап секирбейли.
Өрттөнүп бара жатса өпкө жүрөк,
Абайлагын ардактуум секиин дейли.

## ӨКҮНДҮРӨТ ӨТҮП КЕТКЕН КУРАКТА

Сүйүүлөр да көөп бөлүккө бөлүнөт,
Аалам кенен ар тараптан көрүнөт.
Кайсыл тарап нукка буруп кете албай
Тулку боюң жик - жигинен сөгүлөт

Жашың деле чектөө бербейт ар качан,
Уят деген улуу сөз бар каптаган.
Сезимиңди бөлүп кете бересиң,
Перзентиңе сүйүүң чексиз сатпаган.

Бирок жашоо тажатаарын билесиң,
Бет алдыңдан чыкса күндө тиктейсиң.
Кадам таштап аттап өтүп кете албай,
Айласыздан чеңгелине киресиң.

Бирөө жашайт жапа чегип турмушта,
Кишен салган колу, буту туткунда.
Кызганычтан жанчып салган денесин,
Өкүндүрүп өтүп кеткен куракта

Жакшы үмүттү жабыркатпай жандырып,
Жагалданып үн чыгарбай каткырып.
Көз алдында өткөн менен кеткендер,
Жашоо керек көккө ыргытпай сапырып.





## КӨҢҮЛҮҢ КҮЧКӨ САЛА АЛБАЙМ

Ай өтүп жылга айланып,
Ар тарап ишке шайланып.
Өзүңдү эңсеп жүрөмүн,
Сезимим сага байланып.

Өткөргөн ар бир мүнөтүм,
Оюмдан кетпей жүдөдүм
Сыртыңды салсаң кыйытып,
Жанчылып өмүр сүрөөмүн.

Тамаша сөзгө айлантып,
Даамы жок тамак кайнатып,
Көңүлүң күчкө сала албайм,
Тузактап жолуң байлатып.

Жашаган кыска өмүрдө,
Жакшы сөз айтпай көңүлгө.
Жабыркап өмүр сүрбөйлү,
Салмакты салбай өмүргө,

Жүрөктү кетпе жаралап,
Бычаксыз мууздап аралап,
Жик салбайм жакшы жашооңо,
Аман соо жүргүн саламат.

## УЛАМЫШТАН УККАН СӨЗ

Уламыштан, угуп жүрөм бир сөздү,
Чындык болуп, башынан ким өткөрдү.
Биринчиси, өтүп кетсе өмүрдөн,
Тосуп алып көргөзөт дейт сый төрдү.

Экинчиси бул тарапта, калат дейт,
Ал да кийин, өз теригин табат дейт.
Өмүр бою, бирге түтүн булаткан,
Жашоосунда жылдыз болуп жанат дейт.

***пародия:***

Шашпа ал жака, эрте кечпи барасың,
Ал жак анык, болсо сен да табасың.
Тирүү жандан, өлгөндөр көп чынында,
Этияттап карап жүргүн арасын.

Сенден бөлөк, дагы болсо ардагы,
Барып турган, жаманчылык ал дагы.
Ал да бербей меники деп жолотпой,
Турса сүйлөп коюңчу деп жайдары.

***Мен:***

Мейли!
Бөлөк болсо эгер анда ардагы,
Тосуп алса экөө чыгып жайдары.
Үлпүлдөгөн, ак жоолукту салмакмын,
Кыса кармап, аппак колун, мен даагы.





***Пародия:***

Андай кезде кудай өзү башкарат,
Кандай кезге туура келет каш кабак.
Өзүңкү эле болуп калсын ылайым,
Жарың экөөң, күндө өткөрүп Салтанат,
Болсо деле сенден башка бирөөсү,
Сүрүң бар го айбаттуусуң, жалтанат.

***Мен:***

Жоок!
Мен жашоодо
Биринчиси болгомун,
Жигитимдин купулуна толгомун.
Бул накыл сөз кээ бирөөгө керектир,
Турмуш үчүн чоң сабак деп болжодум.

Арман кылбайм жакшы күнүн көргөмүн,
Келбетине, мүнөзүнө көнгөмүн.
Калтырган ал жети гүлдү белекке,
Урматташат сыйлуу конок төрдөмүн.
Эс алдырат жайындасы көлдөмүн.

## КАБЫЛ КЫЛГАН ТААСИРДҮҮ СӨЗДӨР

Бактылуу күндөр качан өткөн, деген суроого кимдин кандай жооп берээри, эч кимден так маалыматты, алууга мүмкүн болбой калды канча доор, кандай өмүр кечирип жатасың. кимге пайдаң кимге зыяның тийди эч кызыгы жоктой сезилет.

Биз бала кезибиз кандай өттү күнү бүгүнкүдөй көзүбүзгө тартылып турат. Орус, кыргыз, бирдей укукка ээлик кылып, жеп ичип алмай жокко эсе болгон экен. а Адамдар баё, топуктуу мээримдүү, ынтымактуу болушуп кичине аш оокатың болсо ортого коюп тууган урук болуп бир дасторкондо отурушуп, өткөн кеткен тарбиялуу, таасирдүү, сөздөрдү сүйлөшүп конокко барса бирге барып, конуп түнөп келишчү. Зымыраган кыйма-чыйма машиналар жок, аталар камчыны бүктөй кармап кайратын бербей, каардуу үн менен аттангыла балдар, жол алыс эрте Жол тарталы деп болжогон жагына, жөнөп кетээр эле аа апалар, күрмөлөрүн даярдап, жонуна жаба салып, камчыларын колуна карматып, таазим кылып карааны көрүнбөй калганча үйгө кирбей узатышаар эле конокту сыйлоо дастаркон жайуу түркүн дүйүм тамактын түрү көп болгон эмес, бүгүн таякеңдер, келет экен, деген сөздү келиндер, жеңелер. укканда апалар, нан боорсок даярдатып каймак, сары май жөнөкөй эки бир түр





конфет койдуруп, курут, май эздирип, кымызга куймак куйдуруп, жигиттерди, атын алдырып байлоого камданып бир үйгө келген конокту, бир айыл коңшу колоң дегендей баарына түйшүк түшүп, ал коноктору тууганадар чайга чакырышып, көпчүлүк адам саны көп болсо аталар балдарга союш сойдуруп аны ирети менен устукандап алгач боор куйругун кесип, намакап септирип, экинчи кабыргасын, алдырып анан чоң жиликтерге өтөөр эле. Биздин салтта эң улуу жилик болуп жамбаш аксакалга тартылса, куймулчак аял чоң энелерибизге тартылаар эле, ошентип конок узатуу тартип аткарылып бири бирин сыйлоо өмүр бою биздин ата бубабызда ынтымакчылыктын шартын айта кетүүнү туура көрдүм. Менин угушум боюнча баардык жердин салт санаасы башка-башка экен, апалардын жумуштары өзгөчө бааланып ууз чеберчилик да жогору бааланып турган. аялдык кызмат да оор болгон апалар эшикке чыгып эркектин да, үйгө кирип аялдык да жумушун аткара билген. апаларыбыз айрыкча тери ийлеп тон кармоо жасаса жүн кармап ийик чимириттип, килем токуганга да жетишкен үй бүлөөнүн ынтымагын, аял энелери биз сактачу жасаган өзүнө таандык жумушун такыр бетине салып милдет кылган эмес, ар бир баласына килем, шырдак менен бөлөк конушка бөлүп чыгарчу мына өзүнчө түтүн булатып бала чакаңды бак деп ал ошол боюнча жоопкерчиликти мойнуна артып өзүнчө түтүн булатып бала чакасын багып кетчү, кыз балдарын өзүнүн тандоосуна мүмкүндүк берген эмес кызды турмушка берүүнүн дагы өтө кызыктуу салттары болгон. мен өзүм жөнүндө эле башыман өткөр-

гөн маалыматты айта кетсем окууну бүтүп бой тарткан мезгилим, кудаа күтүп кулдук уруп бир айылдан бир айылга узатууну болжоп калышты белем, болгон тыйын тыпыр калыңын берип кетти, мен эң кичине кызы болгондугумдан апам дайым эскертип жигит менен сүйлөшпөй жүр биз колубуз менен узатып ата тегин сүрүштүрүп анан сени турмушка узатабыз, катып кетсең артыңдан барбайбыз деп, кулагыма салып жүргөн ошол апамдын айтканы атамдын насаат сөздөрү мага жат болуп жүрөгүмө түйүлүп пешене тагдырыман көрдүм деп, жүргөн мезгилде өздөрүнө тааныш билиш болуп жүргөн, көңүлүнө туура келген инсандар болду окшойт ошентип куда сөөк күтүштү кадимкидей той берип, сеп даярдап, камданып жатышты, бир өзгөчөлүк ал мезгилде калыңга акча тыйындан бөлөк жандык мал беришчү ар ким өзүнүн деңгээлине жараша, мага он кой, бир жылкы баласын беришиптир койлорду ар бир жакын бир тууган ага инилерине эже карындаштарына бөлүп бериптир алар туугандык парызын аткарышып, аны жеп ичип албастан, ар бири, бирден кыздын себине берилчү, эмне буюм керек болсо ошону милдеттүү түрдө алып берип сепке кошкон кошумчасы катары тойго жүктөп келишкенин билем, оорун колдон жеңилин жерден алган тууган урук тикесинен тик туруп узатышкан. баардык кайын журтка болгон даярдык бүткөндөн кийин тойду белгилеп ошол күн шаан шөкөткө бөлөнүп бүгүн паланча агамын кызынын узатуу күнү экен дешип бир айыл түп көтөрүлүп келишип баягы ырым ыскат катасыз аткарылып конок тосмой аземи башталып келиндер буту колу





жерге тийбей чуркашып кызмат менен каада салтын кармап кызды жандап сарпай саламын кыз менен күйөөгө кийгизилип, бокчо чечмей салты кыз менен балага аталып кийиле турган сарпайын түйүнгө түйүп алдыларына коюп ошол түйүндү тыйын тыпыр берип кудаа тарап чечүүчү учур болгон, анан кыз менен күйөөгө жеңелер кийгизээр эле, ошол учур менен башталып чач сыламай өпкө чапмай чачты сылаган чоң апа бир жамбаш этти кармап алып кыздын чачын сылап, андан кийин кыз менен күйөөнү чөк түшүрүп отургузуп, экөөнүн башына койдун өпкөсүн төрт беш бөлүккө бөлүп алып баштарына тийгизип чапкан болуп бир тарапка ыргытаар эле,

Күйөөнүн сарпайына туугандар акча кыстарып көрүшсө аны эки жагына кыздын жеңелери шыпылдатып алыш, алардын милдети болгон, кыз күйөөнү бириктирип жоолук менен белдеринен байлап, кыз тарап бир жагынан, күйөө жандаган жигиттер бир тараптан тартышып ооп кеткен тарап үстөмдүккө ээ болгон сыяктуу түшүнүк калтырган кыз менен күйөөнү жанаштырып бири биринин бутунун учунан биринчи тебелеп алса да ошондой көрүнүш деп эсептешкен.

Кызды септерин иреттеп күйөө тарапка унаасына жүктөп берип кызды чыгаруу мезгилде чоң апалар ыр түрүндө кошок кошушуп үйдөн чыгарган ошол кошок кыздын кулагына күмүш сырга болуп тагылган мен ошол мага айтылган кошок күнү бүгүнкүдөй дале жоопкерчилик болуп жашым жетимишке таяса да аткарып келем ии кыздарыма да айтып берем.

Өз атаң эшик пакта эшик,
Кайнатаң эшик такта эшик.
Пакта эшиктен басып өт,
Такта эшиктен тайбай өт.

Жабык бою от жаксаң,
Жалын кылбай өчүргүн.
Жаман жакшы сөз уксаң,
Жайнап туруп кечиргин.

Түндүк бою от жаксаң,
Түтүн кылбай өчүргүн.
Түрдүү түмөн сөз уксаң,
Күлкү менен кечиргин.

Кайнене десе катынба,
Какшык сөзгө сатылба.
Кадырлап аны сыйласаң,
Канча өмүр жашайт жаныңда.

Кайната десе катынба,
Каймана сөзгө сатылба.
Карегин карап сыйласаң,
көп өмүр жашайт жаныңда.

Ушундай таасирдүү жазылган, айтылган улуу муундардын сөздөрү менен жашап келдим убакыттын ушунчалык билинбей өтүп кеткендигинен кабар берип турат.

Ошентип башка чөйрөгө келгенден кийинки жашоо мен үчүн көөп эле татаал турмуштук жагдайды





жаратты салт санаага бөлөк үй бүлөөнүн эшик төрүнө өтүү, канча адам жашаса алардын да ар биринин кыял жоругу оң терс мүнөзү, койчу дегеле бир дасторкондо чай ичүүнүн өзү кыйындыкты жаратып турду көпкө чейин көнө албай эң эле жакын адамың жолдошуң болуп, ошонун жумуштан келүүсүн күтүп, келген учурда анын да кабак кашын карап мени карап күлүп койсо, бактылуу сезип, күндүн кандай өткөнү билинбей келиндик доордон аялдык доорго өтүп, аялдык доордон, байбичелик доорго өтүп, мына эми ардагер байбичелик доорду сүрүп жаткан кезим аллага шүгүр балдар кыздарым өзүмдүн өр тарткан изимди басып келе жатышат.

# КАЙНАТАМЫН САБАГЫ

Биз аял катары көп нерсе башыбыздан өтөт экен, бактылуу бала кезиң баё сезимиң, эркелеп жүргөн учуруң, татыктуу тарбияны ата энеңден алат экенсиң. Мезгил келип бой тарткан убакта, келин болуп кайын журттун босогосун аттайт экенсиң. Ошол күндөн тартып мойнуңа көп жоопкерчилик, таразанын тактыгы өзүңдө болгон сезимталдык, өтө керек учур башыңдан өтөт. Аял жөнүндө кимдер кандай айтса, акындар ырга жазса, роман, поэмаларга камтыса, обончулар обон созуп ырдаса, куудулдарыбыз тамашага чалса, баарына жарашып төп келишип турган Аял кишилер болот экенбиз. көңүлүбүз өтө жумшак назик жанбыз. Буну менен мен эмнени айткым келип турат. Мактап, даңктап, биздин баскан турганыбызды келбетибизди да баштан аяк айтып келишет. Ошол баалуулуктун өзүнө жетүү, ошого татыктуу тажрыйбалуу болуп жүрүүнүн да өтө сыры көп. Түйшүгү, толгон-токой жумушу, бала өстүрүү, аларга татыктуу тарбия берүү менен да айырмаланабыз. Анын ортосунда жакшы жаман сөздү да угууга үлгүрүп оор-жеңил жүктү көтөрүү, аялга көп нерсе таандык. Келин болуп кайнатанын босогосун аттоо, ошол чөйрөгө жагуунун бул өзү чоң дастан. Башка бирөөгө бүлөө болуп жуурулушуп кете албай кыйналган күндөр да баштан өткөн. Кайнененин кабагын, кайнатанын аягын карап турасың. бирок жолдошуң гана эң жакын адамың болот экен. Көп эле жаштык кылып койгон учурлар али күнгө чейин эстен кетпейт. Мен келин болуп келген күндөрүмдүн башыман өткөргөн кичине аңгемени айтып өтүүнү туура көрдүм. Жолдошум экөөбүздүн ортобузда 3 (үч) эле жаш айырмабыз бар эле Ойноок мезгилибиз. Кайнатам аябай таза беш маал намазын үзбөгөн ыймандуу адам болгон. Ага теңдеш эле кайненем да жакшы салмактуу, көрктүү аял эле. Ал учурда отуруш дегенди, шааншөкөттү жаман көрүшөөр эле. Туулган күн деген жат көрүнүш болуп өткөрүшпөйт болчу. Кокусунан майрам күндөр болуп, отурушка барып калсак, алар жаткандан кийин, секин айнектен чыгып, алар турганча кайра келип билгизбеген болуп калаар элек. Кыштын күндөрүндө теңтуштар аяштар болуп, бири-бирибизди чакырып, чана тээп, ак карга көңүл ачып ойнойт элек. Кокусунан колго түшүп билинип калсак, бетин карай албай кыйналчубуз. Кайнатам, катуу көзөмөлдөгөн үчүн эркин жеңи жок кыска көйнөк кийе албайт элек. Бир күнү жолдошумдун костюмун кийип сыртка чыга калсам, бет мандайыман чыгып: «Оо балам, бери кел» - деп чакырып калды, алкымым оозума келе түштү. Эмне айып кылып койдум деп, кайнатам аябай сүрдүү киши эле. Секин басып жанына бардым, «алдагы үстүңдөгү костюм кимдики» - деп сурады. Ал кимдики экени көрүнүп эле турат. Үндөй албай турдум, өтө күнөө иш кылгандай.

Өзүмдү жаман сезип «Экинчи эркек кишинин кийимин кийбей жүр» - деди. Ичимден: «Ооба ата, бир ооз сөзүңүз» - деп басып кеттим.

*Бул биринчи сабак болду.*

Ал киши газга кайнатылган чайды супсак, мылчык деп ичпейт эле. Чоң чай кайнаткан чайнекке жыгач отун жагып, толо чайнек суу жарымынан соолуганча кайнаттырып анан 95 деген таза көк чайды салып демдеп берээр элек. Кайненем бир күндөп айылдап жок болгон учурда абысыным экөөбүз от жаккандан эринип, намазга турган учурда, газга кайнатып бере салалы, билип ала бекен деп, газга чай коё койдук. Ал киши намазын бүтүп бир маалда үйдөн чыгып калды. Чыгып эле морду караса түтүн жок. Обед мезгили, Кухняга секин басып кирип келди. Абысыным экөөбүз газдагы чайды тиктеп, селейип катып туруп калдык. Өлдүк эми дедим. Кайнатам үн катпастан артын көздөй чыгып кетти. Кайненеме айтып барыптыр анан ал бизге келип күлүмсүрөп:» балам ай, жашсыңар да, ал киши морду карап түтүндөн эле билип алат да» - деди.

*Бул экинчи сабак болду.*

Союз мезгилинде басмаканадан райондук, областык газеталар Чоң көлөмдө чыкчу эле. Азыркыдай клёктор жок айнектеги тактайчаларга газета төшөп жаңылап анан үстүнө идиш аякты тизип койор элек Менин жаңы келин болуп келген учурум ишимди так аткардым деп газеталарды төшөп коюп





бөлмөгө кирип кеттим. бир аздан соң чыксам, бүт төшөлгөн газетанын бетиндеги сүрөттөрдү балжыратып айрып таштаптыр. «Ай-ииий эмне болду?. Бул тазалыгым жакпай калдыбы деп ойлонуп туруп калдым. Бир аздан соң кайненем келип калды. Апа деп эле, Мен ал ишти баяндап бергенче тез эле сезип: «Ий балам ооба, атаңар ушундай, намаз окуган үйдө сүрөт тургузбай, күнөө болот деп капа болбо» - балам деп менин көңүлүмдү алып койду.

*Бул үчүнчү сабак болду.*

Андан дагы күндөрдүн биринде капрон байпак кийип алып эле шыйраңдап бир иштерди бүткөрүүгө Кара-Кулжа районуна жөнөп калдым, ал мезгилде Совет району деп аталчу. Сумкамды көтөрүп, кайнатама көрүнбөй чыгып кетейин деп, жакшы эле ал жак бул жакты караганмын. Бир маалда астановка да турсам автобус келип калды. Карасам эле кайнатам ичинде жүрөт. Секин автобустун артын көздөй өтө качтым. Каяктан Небак эле мени көрүп коюптур, баардык туура эмес иштерибиз кайненем аркылуу бизге өтөт эле Дагы да апама келип, келиниң шыйракчан кетип атат го деп айтыптыр. Апам аябай сонун аял эле. Айтор кайнатама эмне дегенин билбейм, дайым ортобузда көпүрө болуп эле жүрдү. «Ээ балам, сен советке кеткенин билбей калыпсың да» - деди. «Ийи апа, жаман уят болуп эле жүрөм атама» - деп айттым. Ошентип жолдошум экөөбүз эки жыл чогуу жашап бөлүнүп кеттик.

*Бул төртүнчү сабак болду.*

Ошентип жаштыкта көп жаңылыштык болгон, айта берсек түгөнчүдөй эмес. Бул биздин бир Совет доорундагы турмуштан алынган баштан өткөн окуялар. Бир муун кетет, бир муун келет жаштарга биздин жашоо жомок болуп кала берет.



## ЧАБАНДЫН БИР КҮНДҮК ТҮЙШҮГҮ

Ар пенденин башына ар кандай тагдыр жашоо туш келет экен. бүгүнкү күнүң жарык, эртеңкиси кандай болоорун чектеш кыйын, биринчи күнүң экинчи күнгө дал келбей, бир күнүң сүйүнүч, же өкүнүч менен коштолуп өмүрүң өтө берет турбайбы, «Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичет» деген сөздүн далили бардай туюлат.

Жаз келип жаздын да түйшүгүн тартасың. күз келип күздүн да өзүнчө керемети бардай, түшүм жыйноо менен алектенип, чөп жыйноо, кышка даярдык көрүү, кээ бир учурда кирешеден чыгашаң көп болуп, койчу түгөнбөгөн түйшүк го, ошол түйшүктүн эң оору кара жумуш, белдин күчү менен, ат үстүндө тынбай бастырып, көздүн майын коротуп, дүрбү салып ал жак бул жака көз чаптырып, түмөн түйшүктүн үстүндө жүрүү чабандык кесип деп айтууга туура келет. Болгон чындык башыбыздан өткөн катары, аз да болсо аңгеме катары айтып берүүнү туура көрдүм.

Жайында жайлоого чыгып алты жүз койдун артынан ээрчип, ошону чыгашасыз багып, жүзүнөн жүздөн козу аласың деген, талапка жооп бериш керек болсо, бир чети план катары жооп болуп, түн күн дебей кой артынан ээрчип жолдошум өтө чыйраак, сөзүнө так жоопкерчиликти сезе билген жан эле. Жайлоодогу түйшүк бала чака багуу күнүмдүк кам өксүктү толуктоо, келди кетти конок тосуу ты-

нымсыз кыймыл отун суу дегендей кыскасы жайлоодогу түмөн түйшүктүн баары жолдошумдун мойнуна артылган жүк сыяктуу басып турчу кой артынан үзүлбөй түнкүсүн да көз албай кароого туура келет эле, жапайы жаныбарлар: карышкыр, түлкү короого чейин кирип, кой козулардан кемитип жеп турар эле. Күн түн дебей мылтыгын колуна алып кыйкырып тарсылдатып, асманга атып, ок чыгарып эсен аман жайлоодон чыгышыбыз сактап калуу милдети болгон. Ошондой түнкү мезгилдин көзгө сайса көрүнгүс, учурунда короо кайтарганы күчтүү ит керек болгон. Жолдошум айтаар эле карышкыр иттин үнүнөн, үргөнүнөн ал ит, күчтүү, күчсүзүн билип алат дечү. Аябай чарбадар баамдуу жан эле.

Ошол мезгилдеги бир окуяны дайыма эстейм Ак Таш жайлообузга өзбекстандык түрк улутундагы койчулар да кой багып чыгышар эле, кеч күз болуп, кайра кайтаар мезгил келип, көчүп жөнөп калышыптыр, аябай күчтүү иттерин ээрчитип биздин короонун жанынан өтүп баратышты. Биз балачака менен Сары Бээ деген жайытта отургanбыз, бир убакта атынын басыгын тездетип, мени көздөй бурулуп, жаныма жакын келип, мага кайрылып, жугундуң барбы? Деди сурап, ооба бар дедим, ырастап челекке куюп кармап тур, мен азыр түрктөрдүн иттерин ээрчитип келем деди, да мага бир нан бер деп, нанды колуна кармап атын чапкан бойдон кетти. Бир убакта үч итти бирдей ээрчитип келип калды, челектен даяр турган жугундуну коё койдум, иттер ачкалыктан лапылдатып иче баштaшты, колундагы жипти ала коюп, башын салып жутунуп ичип жаткан





бирөөсүнө шарт эте, сыйыртмакты ыргытып кармап алды, мен таң калып элеңдеп эки жакты карадым да аябай чоң ит экен дедим, жок бул күчүгү экен деди, эми эмне кылабыз ээси издеп келсе дедим, уурулук болуп калбайбы деп коркуп кеттим, токто мен ушундай чоң итке жетпей жүргөнмүн, деп секин жетелеп чыргайды аралатып алып кетти, айтор бир жерге байлап кайра келди. Мен аябай ушулардын итинин пародиясына кызыгып оң келтире албай жүргөнмүн деди жок итке эч нерсе болбосо керек деди да кой жагына бастырып кетти мен ыңгайсыз абалда туруп калдым эми эмне болот деп убакыт бир топ өткөндөй болду, Бир аздан соң ээси издеп келип калды, алар иттерин бир топ жол жүргөн соң билип калыптыр. Ушул арадан эле бир итибизди жоготуп койдук деди. көрбөдүңүзбү? - деп, мени сырдуу карагансып, мен жоок көрө албадым дедим, аңгыча жолдошум көрүнүп калды келип, атын байлап өзүнчө бир нерсеге буйдалгансып туруп калды да биз тарапка басып келип салам берди, ити жөнүндө кеп салды да күмөн санаган сыяктуу, көрсөңүз айтыңыз ака сүйүнчүңүзгө бир кой берем деп жалдырады да көздөрүн ай талаага чаптырып издегендей болуп атты жоок укалар мен азыр койумду жайгаштырып, тамакка келдим деп үйдү көздөй кирип кетти балдарга чай бер, түшкүлө чай ичкиле деп сыр билгизген жок карап-карап нан ооз тийип жол узартып атын камчылап жөнөй берди,.бир аздан соң курсагын тойгозуп барып баягы итти жетелеп келип тааныш шаферго салып атасына берип жиберди ал учур кеч күз мөмө жемиштер бышкан убак эле. Арадан күндөр өтүп ошол күчүк

чоoң ит болду. Андан бир топ күчүк улап ажыратып алдык. Ошол иттин күчү менен корообузга карышкырлар жолобой көөп жыл кызмат берди.

Кийинчерээк ал ит, көпкө жашап каарыды, аябай аздектеп карап бактык, кандайдыр бир жагымсыз нерсе жеп алганбы көпкө ооруп жүрдү ал иттен ажыратып алган күчүктөрү өзүнөн да, күчтүү иттер чыкты, балдарым ат коюшуп гуваш деп сылап сыйпап жакшы көрүшүп аздектеп багып жүрдүк, бир күн эле таппай калдык жугунду бере коёюн деп ал жак бул жактан келип кала тургандай үмүтүбүз үзүлбөй издедик өзүнөн өзү жоголуп кетти, канча күн күттүк кирип келет деп келбеди. Мен ошондо «Жакшы ит өлүгүн көргөзбөй өлөт» деген сөзгө абдан ынандым, улуу муундун ушул сөзүнүн чындыгы биздин башыбыздан өттү.

Союз мезгилдин жандуу турмушуна ошентип кызмат өтөп жүрдүк.

Таптакыр жаныбыз тынч отурган күн болбойт эле. Чабандын түйшүгү өтө оор болгон бирок, ошого жараша чабандарга мамлекет тарабынан өтө камкордук көрүлүп турчу. Ар бир сарайдын үстүнөн бирден Чоңдор шефке алып көзөмөлдөп турган. Күнүмдүк жашоого керектүү буюм теримдерди, продуктанын жогорку сапатагыларын биринчи чабандарга камсыздап турган. Бала чакага керектүү кийим кече кездемелерди автолопка менен жеткирип, ар бир чабандын короо сарайын шефке алып тез-тезден кабар алып турушчу.

Ошентип түгөнбөгөн түйшүк ак эмгектин арты менен, «Жашында кылсаң мээнетти карыганда көр





дөөлөттү» деген сөзгө далил болуп, көптөгөн сыйлыктар, орден, медалдар жана обл советке, райондук кеңешке депутат болуп, конференцияларга катышып турат эле. Москвич автомашинасы менен сыйланып Болгария өлкөсүнө эс алууга жолдомо алып барып келген. Союз доорунда Горбачевдин өз колунан мактоо баракчасын алган. Ошол мезгилде старщий чабандын айлык маянасы 150 (бир жүз элүү) рубль болгон, ал эми жардамчылар 100 (жүз) рубль алышкан, ошол айлык маяна менен эки уул беш кыз тарбияладык, учурда ардактуу эс алуудабыз.

Башыбыздан өткөн ушундай түйшүктүү жашообузду балдарыма небере чеберелериме окуп жүрсүн деп, өткөн таарых чындык окуя катары өзүмдүн афтордук китебимин бир бурчуна калтырууну максат койдум, бизге чындык аларга жомоктой элес калтырат бир муун кетет бир муун келет, жазылган сөз тарых болуп кала берет.
























Ош




Күбөлүк








Үздік талант


МЫКТЫ КАЛЕМГЕР





***Набиева Баринуса*** 1956-жылы 5-январь Өзгөн районуна караштуу Жалпак-Таш айылында туулган. Орто окуу жайды 1972-1973 жылы бүтүрүп. 1974-1976-жылга чейин Жогорку окуу жайдын бугалтерия бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. Эки уул беш кызды тарбиялап өстүрүп 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти Р. Отунбаеванын учурунда «Баатыр Эне» ордени менен сыйланган. Эмгек өргүүсүнө чыккандан баштап, жаш чагында калем кармап кагаз бетине бирин-экин ыр жаратып жүрсө, азыр чыгармачылыкка баш оту менен кирип көкүрөгүндө кайнап чыккан ырлары менен эл алдына тааныла баштады. Поэзияга башын байлап лирикалык, патриоттук ырлардын үстүндө иштеп, автордук «Өмүрдүн өр жолунда» аттуу китеби жарыкка чыкты. Ошол китептеги чыгармаларын баалап «Кайрыктар казынасы» адабий бирикмесинин жетекчиси Багыт Бапановдун колунан «Мыкты калемгер» деген төш белгисине ээ болду. Кыргыз-казак элинин адабият ааламында уюшулган «Дүйнө таануу Одагы» адабий





бирикмесинин жигердүү мүчөсү болуп, коңшу Казакстандын, болуп өткөн Үркүндөгү тарыхы боюнча өткөн конкурста экинчи орунга жетишип «Өздүк Талант» медалын жана ошондой эле «Таланттуу инсан» медалын төшүнө тагынуу менен адабиятка кошкон чоң салымы үчүн диплом, мактоо баракчаларына ээ болуп отурат.

# МАЗМУНУ

Баш сөз ....................3
Манас жашайт биз менен ....................5
Кыргызстан кыргыз элин толуктайт....................6
Эне тилим байлыгым ....................7
Тоодон чыгып кайра тоодон күн батат ....................8
Көлсүз кыргыз ырсыз Чыңгыз жашабайт....................9
Алыкулдай акын кайра төрөлсө ....................10
Фрунзе шаары....................11
Талантыбыз чайпалбасын чөйчөктөн ....................12
Фрунзенин жанган оту ....................13
Астарлы акыйкатка ....................14
Мунарадан муңдуу добуш угулат ....................15
Шамал жүрсө бир тарап ....................16
Жаштар чыксын Рыспайдай кыйындар....................17
Дарак тамыры....................18
Талант тамчысы....................19
Билим улап....................20
Жөнөп кетти кыш айы....................21
Фрунзенин жанган оту ырыма
акын д.Абакировдон пародия ....................22
Бөбөктөргө кыш айы койнун ачат ....................23
Аял эне мөмө берген бак дарак....................24
Эки дос....................25
Акындар аалам кыдырат ....................26
Кыргыз тилге муктажбыз....................27
Эгемен энчиленген элиме....................28
Ордолуу Ош мекеним....................29
Ай менен күн карыбайт....................30
Элдин деми ....................31
Союз мезгил жүрөт биздин жүрөктө....................32
Жолон менен Менди эженин жашоосу....................33
Көөдөн толду көлүмө....................34
Аруу жансыз....................36



Колдоо берди ажообуз....................37
Аруу таза жан экенсиң ....................38
Акындар бар ырлары жүрөккө тең....................39
Кышта жеймин күздүн берген түшүмүн ....................40
Ыраазымын Багытка ....................41
Малик Алыкеевке ....................42
Жылуу нандын жыты келет буркурап....................44
Мугалим агайга ....................45
Мугалим ежекеге....................46
Табийгат сыры терең де ....................47
Тамчы тамат тыпылдап ....................48
Табийгат акын үчүн кен байлык ....................49
Акын сүйгөн жар болсоң ....................50
Жакшыны жакшы дейли ....................51
Адашкан агайдын бейнесине....................54
Көлдү көздөй баратып ....................56
Байлык бийлик бир күн калат артыңда ....................57
Дилди агартып барайлы ....................58
Бөбөк кетти ууз сүтү кетелек....................59
Мугалим бүгүн бактылуу ....................60
Алма бакты айланып ....................61
Таза жүрөк наристеге ....................62
Жик түшүрбө тууганга ....................63
Калыс баасын бериптир ....................64
Улуу сөз кайда калды ....................65
Кабыл алдың сабыңа ....................67
Шапат урсаң бирдей добуш жаңырат ....................68
Арамза адал оокат жоготконуң....................69
Өмүрүңө кол салба ....................70
Өткөн күндөр каш кабактын ортосу ....................71
Көтөрөлү көңүлдү ....................72
Акын эжелериме....................73
Баринуса сага гүлдесте....................74
Кызга кырк үйдөн тыйуу ....................75

Мендибай кут болсун Диана кызындын жеңиши... 77
Токон агага ........................................ 78
Дамирбайга ......................................... 79
Үйүм турат сагынып ................................. 80
Жийдеш Абировага ................................... 81
Гуля Жаңыбаевага ................................... 82
Маараке кут болсун курбум .......................... 83
Ачуу чындык ........................................ 84
Дто таланттарына ................................... 85
Сүрөттөгү жаштыгым ................................. 86
Фрунзе ............................................. 87
Каның кыргыз кыргыз бойдон кала бер ................ 88
Кылым баскан тарыхтан .............................. 89
Жылдыздуу түн ...................................... 91
Не сахар (шакар эмес) .............................. 92
Кыз узаттым төрүмөн ................................ 93
Кара-Кулжа салтту эл ............................... 94
Аруу зат класташтарга .............................. 94
Маареке сапарына ................................... 96
Элүү жыл эсте калды ................................ 98
Жолдошумду эскерип ................................. 100
Кылым баскан тарыхтан .............................. 101
Ханга таандык увазирдин жакшысы .................... 103
Жумулду көз ошол бойдон көрбөдү .................... 104
Көк бөрүдө көйгөй .................................. 105
Ата энеден телефондун кымбаттыгы ................... 106
Ыраазылык салам .................................... 107
Асман жердин ортосу ................................ 108
Таенеңдин сөзүн угуп кабыл кылсаң .................. 109
Комуздун коштоосунда чоңоюшкан ..................... 110
Саламды да айта турган ээси болот .................. 111
Кубаныч ............................................ 112
Өмүрдөн өттү билинбей .............................. 112
Дуа кылам баштарынан бак кеткис .................... 114



Кайнагабыз Калыбайга ............................... 115
Гулиза аяш кызыма .................................. 116
Көп туулган күн кут кылсын ......................... 117
Туулупсуң турпатыңа жарашыпсың ..................... 118
Эне болуу энчиленген садагам ....................... 119
Майрамдык жарыш .................................... 120
Депутат мырзага .................................... 122
Жеңеңен ыр белек ................................... 123
Сыноо берет кыш айы ................................ 124
Жаш жеткинчек таптайлы ............................. 125
Кайрат айтам ....................................... 126
Кыйбат кылба адамга ................................ 127
Беш манжаң тең эмес ................................ 128
Жамгырдын да багыты бар өзүнчө ..................... 129
Жайда кышта бирдей өмүр сүрөбүз ..................... 130
«Үлгүлүү» орто мектеп класташтарга ................. 131
Аруу таң кимге кандай өмүр берди ................... 133
Бейиш бакты арала .................................. 134
Билем апа оор экенин жоготуу ....................... 135
Ырыскыңды кетирбе .................................. 136
Улуу жеңиш ......................................... 137
Жаңы жылды күтөт балдар ............................ 138
Бирде жигит төө минет .............................. 139
Жигиттик курак ..................................... 140
Майрамдык маанай ................................... 142
Жол тарап .......................................... 143
Бир сабакта беш розам ачылган ...................... 144
Биз эмнени сезбедик ................................ 145
Ыр мен үчүн көөнөрбөгөн көрөңгө .................... 146
Жүрөккө түйгөн болсо ............................... 147
Сүрөт менен ырда калат жашообуз .................... 148
Уулум бар урматтаган ............................... 149
Айт арапа ыйык күн ................................. 150
Өмүрдүн өр жолунда ................................. 151

Арабасы эч токтобойт жашоонун ........................ 152
Сапар тарткан балама ........................ 153
Эртең майрам ........................ 154
Аргымак ат жалында жигит ойнойт ........................ 155
Акын Ташполотко ........................ 156
Учурашуу тартиби ........................ 157
Айлыбызда дале турат «ак мектеп» ........................ 158
Ыргыткан таш ........................ 159
Баринуса эжеме ........................ 160
Гүлзар багына ........................ 161
Жайлоо мезгил сонунда ........................ 162
Чачы узун сөзгө чебер жан эле ........................ 163
Аруу жан акак кызга ........................ 164
Чыркыраган чындык бар ........................ 165
Ай чырайлу аппак кыз ........................ 166
Кызым Жумагүлгө ........................ 167
Шамал согот термелип ........................ 168
Жик түшүрбөй жашоого ........................ 169
Алиппеден тааныйт бөбөк тамганы ........................ 170
Жигиттик өмүр ........................ 171
Аяшыма ........................ 172
Ак боз атка ........................ 173
Ыр тагдыры колуңда ........................ 174
Бейиште бакты көрдүңбү ........................ 175
Мамилемди туу туттум ........................ 176
Жаш курактын жаңылганы ........................ 177
Сезип келем ........................ 178
Арзуу сезим ........................ 179
Сырдашуу ........................ 180
Сүйүү дареги ........................ 182
Карегине тартып сүрөт ........................ 183
Тунук сүйүү жүрөгүңдө түнөсүн ........................ 184
Сыйдан кетпей жүрөлү ........................ 185
Өкүндүрөт өтүп кеткен куракта ........................ 186



Көңүлүң күчкө сала албайм ........................ 187
Уламыштан уккан сөз ........................ 188
Кабыл кылган таасирдүү сөздөр ........................ 190
Кайнатамын сабагы ........................ 196
Чабандын бир күндүк түйшүгү ........................ 201

---

**НАБИЕВА БАРИНУСА**

**ТАЛАНТ ТАГДЫРЫ**

*Ырлар*

Редактору: *Б. Жанышов*
Техредактор: *Т. Батырканова*
Компьютердик калыпка салган:
*А. Кыдыралиев*

Басууга 05.08.2023 берилди. Форматы 60x84 1/16.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 14, 0 б.т.
Нускасы 500. Заказ № 25

«Мега Формат» басмасында басылды.

*Ордолуу Ош басып өттү таарыхты,*
*Кимдер кетти, кимге, берди жарыкты.*
*Күнгөй бетте, канча пенде жатышат,*
*Кош жүгүртсөң «Сулайман тоо» тагыңды*

*Бишкегимдин, оодорат го салмагын,*
*Талдап көрчү чыны менен жалганын.*
*Жери кенен, ортосунда «Ак Буура»*
*Айланасын, аралап көр тармагын.*

